74.261.8(2=Кы)Кыр
У 68

Ж.Уразова

# Ш.Садыбакасовдун "Ак боз ат" драмасын IX класста окутуу



Ош-2008

УДК 373.2
ББК –77
У-83

Жооптуу редактор: Ишекеев Н., п.и.д., КУУнун профессору.

Рецензенттер: Момуналиев С., п.и.к., ОшМУнун доценти.
Акматов К., КРнын билим берүү отличниги, Ош шаардык № 18 мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

ОшМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан басууга сунушталган.

ISBN 9967-08-102-5

Колдонмодо кыргыз орто мектептеринин IX класстарында үйрөнүлүүчү Ш.Садыбакасовдун «Ак боз ат» драмасын окутуунун теориялык-методикалык негиздери, принциптери, тилинин үстүндө иштөөнүн, ага байланыштуу окуучулардын кебин өстүрүүнүн жолдору жана ыктары, сабак формалары иштелди.

Китеп адабият мугалимдерине жана кыргыз филологиясы факультеттеринин студенттерине арналат.

У 9967-08-102-3
ISBN 9967-08-102-5

УДК 373.2
ББК –77
© Уразова Ж.
2008-ж.

# I БӨЛҮМ

## Драмалык чыгармаларды талдоонун жолдору жана принциптери

Драма – сахнада коюлууга арналган адабияттын өзгөчө теги. Драмалык чыгармаларды үйрөнүү алардын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу белгилүү кыйынчылыктарды туудурат. В.И.Сорокин менен Г. Л. Абрамович драмалык чыгармалардын бөтөнчөлүктөрүн төмөндөгүлөрдөн көрүшөт: "драматург өзүнүн каармандарынын турмушундагы бурулуш учурларды сүрөттөп көрсөтөт; адамдын андан кийинки тагдырына таасир этүүчү бул кагылышуулар сөздүн өз маанисинде драматизм деп аталат"[1] "драманын эң негиздүү бөтөнчөлүгү - андагы аракеттин өнүгүүсүндөгү драмалык мүнөз"[2].

"Эпос менен лирикага салыштырганда, драманын сырткы жана биринчи көзгө уруна турган айырмачылыгы анын диалог түрүндө жазылып, көшөгөлөргө же бөлүмдөргө бөлүнүшү болуп эсептелет"[3]. "Ар кандай эле адабият чыгармасынын сюжетин өнүктүрүүдө конфликт тигил же бул даражада роль ойной турган болсо, драмада ал драматургиялык аракетти өнүктүрүүнүн башкы пружинасы жана мүнөздөрдү ачуунун каражаты болуп кызмат кылат",- деп жазат М.Борбугулов драманын бөтөнчөлүктөрү жөнүндө.

Чынында эле, каармандардын турмушундагы бурулуш учурлардын маанилүүлөрүн тандап алуу, курч конфликттер, алардын натыйжасында окуянын өнүгүүсүнүн чыңалышы, аракеттин өнүгүүсүндөгү, драмалык мүнөздүн ачылышындагы диалогдордун ролу – драманы талдоодо көңүлгө албай коюуга мүмкүн болбой турган драмалык чыгармалардын мүнөздүү касиеттери. Бирок алардан драманын гана спецификалык өзгөчөлүктөрүн көрүү бир жактуу болор эле, себеби бул касиеттер эпикалык чыгармаларга да таандык.

В.П. Медведевдин оюу боюнча, классикалык драматургиянын чыгармаларына таандык бөтөнчөлүк катары айрым акт, көшөгөлөрдүн ичиндеги аракеттердин (окуялардын) үзгүлтүксүз байланыштуулугун эсептөө керек. Эпикалык чыгармаларда окуялардын чынжыры автордук

---

[1] Сорокин В.И. Теория литературы. –М.,Учпедгиз. 1960, 214-бет.

[2] Абрамович Г.Л. Введение в литературоведение. –М. , Просвещение, 1970, 270-бет.

[3] Борбугулов М. Адабият теориясы. -Бишкек: Илим. 1996, 461-бет.

баяндоолор, комментарийлер менен үзүлүп турат. Драма айрым көрүнүш, актылардын ичинен окуянын өсүшүндөгү мындай дем алууларды билбейт. Сүрөттөөчү же баяндоочу эпиззоддор каармандардын речине киргизилип, окуянын органикалык бөлүгү катары эсептелет. Мисалы, үчүнчү көрүнүштө гүлбакты аралай жүрүп, Эрке-Айымдын өзүнүн айылы, андагы балалык чагы, анан жоо тийип, хандын айымы болуп калгандыгы жөнүндө айтканы автордук баяндоонун каармандын кебине киргизилип берилгендигинин бир далили, ошону менен катар эле ошол учурдагы анын сезимдерин, ал-абалын билдирген маанилүү эпизод да болуп саналат.

Драмада бири-бирине жакын көрүнүштөрдө чагылган окуялардын аралыгында кандайдыр бир убакыт өтөт. Бул драматургга каармандардын мүнөздөрүнүн толук ачылышы үчүн бир нече көрүнүштөрдү тандап алууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай тандап алуу эпикалык чыгармаларга да мүнөздүү, бирок анда жазуучу сүрөттөлүүчү картиналарды, көрүнүштөрдү, окуяларды өзүнүн баяндоосу аркылуу байланыштырып турат. Драмада мындай байланыштыруучу "тогоолор" ("звенолор") жок. Көрүнүштөрдүн аралыгында болуп өткөн окуялар жөнүндө биз аракеттин жүрүшүндө каармандардын сөздөрүнөн билебиз. Мисалы, үчүнчү көрүнүш менен төртүнчү көрүнүштүн аралыгында Дилде-Айымдын Ирбис колдуу мерт болгонун төртүнчү көрүнүштүн башындагы Шамурдун:"Чыпалактан кан сорушуп достоштук эле. Менден сактанасың. Айша-Айымдан сактан. Анын сүйрөлүп арам оюндун баарын ханга ачканы жүрөт. Дилде-Айымды сен жайлаганыңды билет", -деген сөзүнөн улам билебиз. Драмалык чыгарманын мындай курулушу окуяларды эң сонун топтоштурууга мүмкүнчүлүк берет.

Тигил же бул көрүнүштү, окуяны тандап алуу драматургдун өзүнүн максатына, анын стилинин өзгөчөлүктөрүнө жана сценалуулуктун талаптарына ылайык аныкталат. Мисалы, "Ак боз атта" драматург элди, жерди баскынчылардан коргоо үчүн болгон күрөшкө гана эмес, ал аркылуу көрпенделердин бири-бирине болгон мамилеси, суроо-жообу, ырайымсыз мыкаачылыгы, кан ичерлиги, эки жүздүү чыккынчылыгына окурмандардын көңүлүн бурууну максат кылган. Ушуга жараша тандалып алынган "окуялардын башталышын, ага байланыштуу калган окуялардын келип чыгышын көрсөткөн алардын түйүндөлүш салтын драмалык чыгырманын табиятына ылайык тактоо зарыл"[4].

Окуянын түйүндөлүшүн жана сюжеттин башка элементтерин аныктоодо драмадагы конфликттерден чыгуу зарылдыгын М.А.Рыбникова, Т.В.Чирковская, А.П.Медведев, Б. Алымов, С. Батаканова ж .б. белгилешкен. Адатта, драманын мазмунунда бир нече конфликттер бар, ага карабай окуянын өнүгүшүнүн негизинде сюжеттин түз өнүгүшүн, окуялардын биримдигин шарттаган бир гана конфликт жатат.

[4] Тимофеев Л.И. Основы теории литературы. М., Просвещение,-1966, 164-бет.

Ш.Садыбакасовдун "Ак боз ат" драмасынын сюжетинин негизинде окуяны өнүктүрүп турган негизги конфликт болуп баскынчы жунгарларга каршы кыргыз элинин күрөшү эсептелет. Бул конфликт бир нече жеке конфликттер менен берилген. Мисалы, жунгар ханы Чарын менен кыргыз ханы Жаныбектин, Жаныбек хан менен Малике-Аяр башында турган элдин, алтын таяк кайнене Зулайка менен келини Эрке-Айымдын, Жаныбек менен жигити Жанкозунун, Чарын менен кызы Лайлумдун, Эрке-Айым менен Чарындын ортосундагы конфликттер. Бул конфликттер Чарын менен Жаныбектин Ак боз ат үчүн күрөшүнө багындырылып, пьесаны жыйынтыктап турат.

"Режиссёрдун жана актёрдун ишинин биринчи этабы – драманын "уругун" кармап көрүү, драманын бардык эпизоддору аркылуу өткөн, ошондуктан мен "үзгүлтүксүз аракеттер" дап атаган окуянын негизги сызыгын байкоо"[5], – деп жазган К.С. Станиславский. -...Ошол үзгүлтүксүз аракеттердин сызыгы чачылган мончоктордон өткөн жип сыяктуу бардык элементтерди бириктирип, аларды жалпы, эң жогорку милдеттерге багыттайт"[6]. "Ак боз аттагы" үзгүлтүксүз аракеттер, башкача айтканда, окуянын негизги сызыгы – бул Ак боз аттын Думанадан Жаныбекке, Жаныбектен душман Чарынга, андан элге өтүшү. Ошондуктан драманын текстин талдоодо окуучулардын көңүлүн Ак боз аттын тагдырына топтоо керек. Ак боз аттын элдин колуна тийиши элдин жеңишин камсыздайт. Ошон үчүн Ш.Садыбакасов драмасын "Ак боз ат" деп атаган. Пьесаны мектепте талдоодо аракеттердин ар бир элементин бүтүндүн бөлүгү, жалпы чынжырдын бир тогоосу катары кароо керек.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен 9-класста "Ак боз ат" драмасын "автордун артынан баруу" ыкмасы менен талдоонун бир вариантын сунуш кылмакчыбыз. "Ак боз ат" драмасын талдоодо драманын синтетикалык мүнөзү, ошондой эле элдик сюжеттин негизинде жазылгандыгы да эске алчу негизги маселелерден. Адабий талдоо менен театралдык талдоону айкалыштыруу принцибинен чыгып, драманы талдоонун төмөндөгүдөй элементтерин белгилеөгө болот:

1. Драматургдун ойлору, көз карашы менен таанышуу. Мында ошол мезгилдеги театралдык, драматургиялык искусствонун өсүү аспектисинде драматург катары калыптанышына көңүл бурулат.
2. Пьесанын жазылуу тарыхын жана сахнадагы тарыхын үйрөнүү.
3. Пьесанын окуяларынын ырааттуу катарын түзүү, драманын негизги идеясын, драматургдун, режиссердун, аткаруучулардын максаттарын түшүнүү.
4. Драманын жана ар бир ролдун подтекстин ачып берүү.
5. Окуялардан негизги өтмө конфликтини байкоо.
6. Драмадагы каармандардын бири-бири менен мамилелерин, симпатия, антипатияларын табуу.

---

[5] Станиславский К.С. Чыгармаларынын 8 томдугу. Т. 6.- М., Искусство,-1959, 232-бет.
[6] Ошондо. т.2., 338-бет.

7. Персонаждардын аракетинин милдетине ылайык, жүрүш-туруш сызыгын түзүү.

8. Ар бир каармандын идеяны ачуудагы ролун аныктоо.

9. Драматургиялык образды анын сценалык жагы аркылуу түшүнүү (этюддарды, мизансценаларды түзүү жана чыгармачыл аткаруулар).

10. Драманы Тоголок Молдонун "Шырдакбек" поэмасы менен салыштыруу.

Программада драмага бөлүнгөн убакытты төмөндөгүчө бөлүштүрүү максатка ылайыктуу:

1. Драманын негизги конфликти. Каармандардын турмуштук позициялары. (I көшөгөнүн 1-көрүнүшүн комментарийлүү окуу) -1 саат.

2. Жаныбек хан менен Эрке-Айымдын трагедиясы (I көшөгөнүн 2-3-4-көүнүштөрү боюнча окуучулар менен аңгемелешүү)-1 саат.

3. Элдин душманга каршы жортуулга чыгышы. Эл менен Жаныбек хандын ортосундагы жарака. (Экинчи көшөгөнүн 5-көрүнүшүн ролдоштуруп көрктүү окуу аркылуу талдоо.)-1 саат.

4. Чарын жана чыккынчылардын өлүмү. Элдин жеңиши. (II көшөгөнүн 6-8-көрүнүштөрүн талдоо) -1 саат.

5. "Ак боз ат" дармасы жана "Шырдакбек" поэмасы. "Ак боз ат" сахнада. (Драманы элдик поэма менен салыштыруу жана анын жанрдык өзгөчөлүгү) -1 саат.

Тексттин үстүндө иштөөгө өтүүдөн мурда мугалим киришүү аңгемесин өткөрүп, анда драманын каармандарын, алардын коомдогу ордун (катышуучулардын тизмесин) жана окуя качан, каерде өткөндүгүн аныктоону талап кылат. Драмада окуя өткөн мезгил, орун жөнүндө так маалымат берилбейт. Драматург окуя кыргыз элинин башынан, кыргыз жеринде өткөндүгүн жалпы чагылдырат жана кыргыз ханы Жаныбектин жунгар ханы Чарын менен болгон элди, жерди баскынчылардан коргоо күрөшүн сүрөттөйт. Тарыхый маалыматка караганда, ойрот-калмак хандары үстөмдүк жүргүзгөн XVII-XVIII кылымдардын аралыгында кыргыздардын Тянь-Шандан кетип же кайра кайтып туруулары токтолбогон өндүү. Анжиян, Алай тарапка Чүй, Ысык-Көлдөгү бугу, солто, сарбагыш уруулары да сүрүлөт. Калмак чабуулунда түштүккө сүрүлгөн кыргыздардын бир тобу Гиссар (Ысар) Куляб, Памир, Кара - Тегинге чейин жетет[7]. Ушул эле эмгегинде Иванов П.П. XVII-XVIII кылымда кыргыздардын Фергана өрөөнүнө эки жолу көчкөндүгүн маалымдайт.

Фольклордук маалыматтар Шырдакбектин (Жаныбектин У.Ж.) жашаган жери, бийлик жүргүзгөн аймактары жөнүндө раелдуу маалымат берет. Алсак, Үсөйүн ажынын санжырасында Шырдакбектин Фергана өрөөнүндө, Нарын, Жаркен, Ак-Тоо ооданында бек, аким болуп тургандыгы маалымдалса, Тоголок Молдонун материалдары боюнча Ош, Анжиян, Маргалаң, Кокон, Наманган, аягы Кожонт, Ташкенди сурап,

[7] Иванов П.П. Очерки по истории Средней Азии.- М., Просвещение. 1958. 96-бет.

Жети шаар Паргананы жергеси менен каратып тургандыгы баяндалат[8]. Бул ойду "Ширдакбек"поэмасындагы төмөндөгү саптар бекемдейт:

Ош, Анжиян, Маргалаң,
Ордосу Кокон, Наманган,
Аягы Кожонт, чоң Ташкен
Сурап турду Шырдакбек[9]

Тарыхый фактыларга караганда "Шырдакбек" поэмасында айтылган Амурсан Ойрот мамлекетинин Орто Азиядагы эң акыркы ханы болгон. Ал чечек оорусунан 1757-жылы өлгөн[10]. Буга караганда поэманын окуясы XVIII кылымда өткөн.

"Ак боз ат" драмасы тарыхый инсан Шырдакбектин боз жоргосу жөнүндөгү уламыш, аңыз сөз, элдик поэманын сюжеттеринин негизинде жазылгандыктан жогорудагы маалыматтар драмага да тиешелүү. Ошондуктан драмадагы окуя XVIII кылымга таандык болуп, Кыргызстандын түштүк аймактарында өтөт.

Киришүү аңгемесинен кийин 1-көрүнүштүн башталышындагы Думана менен ажалдын жана шарттуу элестердин диалогдору магнитофондук жазуудан уктурулат. Музыка, обондуу ыр менен коштолуп, автордук ремаркалар, Думананын монологу, ажал, элестер менен диалогу өз-өзүнө тиешелүү тон, темп, үн ыргагы, интонация аркылуу окулуп, окуучулардын көңүлүн окуянын башталышына бурат. Ушул жерде окуучуларга драманын сюжетинин уюшулушунун бир бөтөнчөлүгүн, тактап айтканда, экспозициясынын өзүнчөлүгүн түшүндүрүү зарыл.

Эпикалык чыгарманын экспозициясы автордун сүрөттөөсү же баяндоосу формасында бизди окуя өтүүчү жер, шарт менен тааныштырса, драмалык чыгармадагы экспозиция диалогдо ишке ашат. "Ак боз ат" драмасынын экспозициясын окуучулар магниттик жазуудан уккан Чарындын сепил алдындагы репликасына чейинки Думананын, ажалдын, элестердин диалогдору түзө тургандыгын түшүнгөндөй болсун.

1-көрүнүштү комментарийлүү окуу каармандар менен таанышуу, алардын коомдогу ордун, турмуштук позицияларын түшүнүү менен коштолот, башкача айтканда, окуу менен түшүндүрүү байланыштырылат. Окуунун жүрүшүндө каармандардын кимиси ким экендиги, көз карашы кандай экендиги байкала баштайт. Текстти идеялык-тематикалык планда өз алдынчалыкка ээ болгон эпизоддорго (сценаларга) ажырата баруу керек.

Драманын окуясы каармандардын биринчи репликасынан башталат. 1.Реплика. – Театр тилинде башка актёрлордун сөздөрү улап кете турган биринчи актёрдун акыркы сөзү. 2 ."Драмалык реплика – күрөштөгү сокку

---

[8] Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Кенже эпостор жана поэмалар. Фольклористика. III том. -Бишкек., 2002, 361-бет.
[9] Элдик поэмалар. -Фрунзе: Кыргызстан.- 1973, 44-бет.
[10] Бартольд В.В. Очерк истории Семиречья. -Фрунзе: Илим. 1943, 88-бет.

же коргонуу үчүн кайтарылган жооп"[11].3. Бирөө сүйлөп жаткан кезде, ага каяша кылып же жооп иретинде үн чыгарып кыскача айтуу[12]. Демек, "Ак боз ат" драмасындагы боз жорго жөнүндөгү окуя Чарындын сепил алдындагы биринчи репликасынан башталып, 1-көрүнүштү төмөндөгүдөй эпозоддорго ажыратууга болот. Окуянын этаптуу өнүгүшүндөгү эпизоддорду талдоого өзгөчө көңүл буруу керек, анткени алардын ар бири курч драмалык коллизияны өзүнө камтыйт. Ошентип, <u>биринчи эпизодду</u> окуйбуз. Кыргыздын Жаныбек ханына караган аймакты басып алып, жунгар ханы Чарын хандын ордосу жайгашкан сепилге кире албай токтоп, Жаныбектин боз жоргосун тартып алып, өзүн багынта албаганына ачынып:

"Ат мингизбей эринин кендирин кесем,
Элинин үмүтүн кыркам!"-

деп кыжырдануу менен өзүнүн позициясын билдирет. Мансур калың черүүлөрү кыргыздардын соккусунан сепилге кире албай артка кайтканын айтса, Шамур Чарынды мактап, "кыргызды кырдык, катуудан казаны, жумшактан күлү калды" дейт. Ушундан эле Чарындын эки жигитинин мүнөздөрүнүн өзгөчөлүктөрү байкала баштайт. Андан ары Чарын: "Жаныбек Ак боз атын бербесе, айтканыма көнбөсө, уулдарын уучум толо алтынга сатам, кыздарын койнум толо күмүшкө сатам, сөөктөрүн шагыратып кумга чачам!"- деп өзүнүн жогорудагы сөзүн бекемдейт

Андан соң мугалим <u>экинчи эпизодду</u>, Чарындын Малике-Аяр менен жигитти суракка алуусун окуйт. Бул эпизоддо окуучулар Малике-Аяр менен таанышышат. Мугалим анын кандай каарман экендигине басым жасоосу керек.

Кыйнап-кыстап суракка алып жаткандагы карыянын:"Атың хан болгону менен, башың маң бейм. Сөзду көчүк басып угат (отурат). Элдин жайынан мурда хандын сарайын сурадың, хандын адеби ушундай болобу? ...Сага хан керек болсо, мал керек болсо, байлап кетпейсиңби Жаныбекти, коштоп жөнөбөйсүңбү Ак боз атты. Калжаңдатып менде, канкакшатып элде эмне жазык?! ...Уучтап элди ченебейт, кочуштап малды санабайт. ...Иттериңдин багып өлтүргөнүнөн, арстандын чалып өлтүргөнү абзел. Өзүң өлтүр. Сенден өлсөм, зор экемин. Элимдин арты кор болбойт. ...Сакалым кестигиңден коркпойт, убалдан коркот!"- деп тайманбай айткан нускалуу сөздөрү душманга чагылгандын огундай таамай тийип, анын артында турган элдин духунун күчтүүлүгүн, кайратын даана көрсөтүп турат.[13] Окуучулар Малике-Аярды эл ичинен чыккан акылман, элди ойлогон даанышман, эр жүрөк карыя катары кабыл алышат.

---

[11] Волькенштейн В. Драматургия. – Москва: Просвещение. 1960, 67-бет.
[12] Орусча-кыргызча сөздүк. К.К. Юдахиндин ред.аст., -Москва, Госиздательство иностранных и национальных словарей.-1957, 735-бет.
[13] Алымов Б. Кыргыз адабияты. 9-класс үчүн окуу китеби.(-Бишкек), 1999. 302-б.

Үчүнчү эпизоддогу Чарын, Мансур, Шамурдун диалогдорун окуу менен Чарындын позициясынын өзгөргөнүн байкоого болот. Карапайым калкты самандай сапыра бергенден көрө "хандын эрке катынын азгырып, Ак боз атты колго тийгизип, анан Жаныбек ханды колго түшүрүү жөнүндөгү Чарындын кытмыр оюнан кабар берилет. Бул ойду ким ишке ашырат? Эки жигити тең таазим кылып, кызматка даяр. Чарын Мансурга "алаканыңды чокко алыстан кактап, кылтыйып ичиңе бирдемени сактап, сен бул ишке жарабассың" десе, Шамурга "таттуу тилиңден мурда тартууңду камдап же тилиңди таманына төшөп алдап, кыл өтпөгөн жерге бычак кайрап, көркоодой аңдып, жибек менен байлап, сенден чыгат айла... Сенден чыгат майнап" деп баа берет. Демек, тыңчылыкка Шамур тандалат. Ушул жерде Чарындын мүнөзүнүн дагы бир жагы ачылат: ал өзүнүн кол башчыларынын ыплас иштерине туура баа бере алган көрөгөч. Анын мындай көрөгөчтүгү экинчи эпизоддо Малике-Аярга берген баасында да байкалган. Ал "таштай катуу, кебездей жумшак карысы (Малике-Аярдай) бар, жылдыздай бийик намысы бар" элди менин элим болсочу деп арман кылган.

Ушул эпизоддун үстүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө мугалим: "Эмне үчүн Чарын Ак боз атты алууга жанталашат?"- деген суроону берет. Себеби кылыч менен найзанын күнү тууп турган жоокерчилик заманда күлүк ат көп нерсеге жеткирерин же көп нерседен өксү кыларын ал жакшы билет. Кандуу казаттарда кол баштаган баатырлардын минген аттары жеңиштин, жеңилүүнүн себепкери болгонун окуучулар "Манас", "Курманбек", "Эр Табылды" эпосторунан улам билишет. Айрыкча, буга Телтордан ажыраган Курманбектин тагдыры күбө. Ошо сыяктуу эле Жаныбекти жеңүү үчүн Чарын да аны боз жоргосунан ажыратуу максатын көздөйт. Сюжеттик линияда бул эпизод маанилүү орунду ээлейт, себеби окуя андан ары өнүгүүгө, түйүндөлүүгө бет алат.

Мына ушундайча <u>мүнөздөрдү жана окуяларды талдоонун биримдиги</u> – драмалык чыгармаларды үйрөнүүдө маанилүү методикалык принцип. Пьесаны үйрөнүүнүн рационалдуу жолдорунун бири болуп, жетектөөчү проблемалар, образдар боюнча материалдарды жалпылоого алып келүүчү окуянын өнүгүшү боюнча талдоо саналат. Албетте, сабакта драманын окуясын түзүп турган бардык эпизоддорго бирдей көңүл буруу мүмкүн эмес. Ошондуктан каармандардын кулк-мүнөздөрүн ачууда чоң мааниге ээ болгондорун тандап алууга туура келет.

2-3-4-көрүнүштөрдөгү окуялар Жаныбек хандын ордосунда өтөт, ошондуктан буларды үзгүлтүккө учуратпай бир эгей талдоо керек. Демек, экинчи сабакта мугалим жогорудагы көрүнүштөрдүн үстүндө аңгемедүкөн курат. Экинчи көрүнүштө окуя Эрке-Айымдын ордодогу оюнунан башталып, Эрке-Айым менен Жаныбектин образдарын түшүнүүгө алгачкы кадамдар жасалат. Бул көрүнүш 1. Эрке-Айымдын эркелигин, 2. Жаныбектин энөөлүгүн, 3. Айша-Айым менен Дилде-Айымдын күнүчүлдүгүн, 4. Зулайка энемин каарын көрсөткөн төрт эпизоддон турат. Жаныбек менен Эрке-Айымдын ким экендигинен, кандай экендигинен

кабар бере ала турган биринчи жана үчүнчү эпизодду тандап алып, магнитофондон угузуп, окуучуларга бул экөөнүн портреттерин сөз аркылуу тартууну сунуш кылууга болот, себеби окуучулардын портреттик мүнөздөмөлөрүнөн каармандын жан-дүйнөсүнүн облигине өтүү оңой болот.

Биринчи эпизоддо нөкөр кыздар Эрке-Айымдын көңүлүн көтөрүү үчүн терметип да, желпип да , шербет-шарап берип да көрүшөт, не бир айла-амалдарды кылышат. Бирок самаганы таптакыр башка айымдын көңүлүн булардын баары көтөрө албайт. Жан жыргалын, жаштык арзуусун баарынан жогору койгон айым бирде "тил жейм" , бирде "кырк кара кой сойдуруп, шыйбылчагын чактырып, чучугуна күрүч бастырып бер" деп, күйөөсү хан Жаныбекке чалжаңдап эркелейт[14]. Айтканы айткандай аткарылат. Мындай камкордукка көнгөн Эрке-Айым кайненеси ырымдап берип жиберген бешикти көмөлөтө тепкенге чейин барат. Жаныбектин бала жөнүндөгү тилегине:

"Бала ордуна мени эркелет,

Мени жытта, мени термет," - деп жооп берет. Демек, ал бала багып машакатка түшкүсү жок, жанынын жыргалын гана ойлойт. Бул – табияттын мыйзамына карата текебердик. Ага магдыратып боюн жазып, шаан-шөкөт куруп, кабагын ачып турушса гана болду.

"Кыргыз эли бешикти Мекен менен бир катарга коёт, ким бешикти тепсе, ага "тукумсуз өт" деген каргыш айтылат. Чынында эле, бешикти тепкен адамдын тукуму кимди жыргатып, кимге түркүк болмок?! Биз ушул жерден эле чекит коюп, Эрке-Айымды адам катарынан сызып койсок болмок. Бирок драматург койгон бир собол биздин да жүрөгүбүздү мыжыйт: Эрке-Айым бешикти эмне үчүн тепти? Бул суроо толгон-токой суроолорду жаратат: Эрке-Айым Жаныбек үчүн ким? Чарын үчүн ким? Деги Эрке-Айым ким? Эрке-Айымдын тегерегинде жүргөндөрдүн бирөө да бул суроолорду коё алган жок. Тескерисинче, хандын былыгы үчүн Эрке-Айым гана айыпкер шекилдүү. Ошондуктан Жаныбек хандын энеси келинин каарып олтурат:"Эки буттуу шайтан...Бешикти тепкениң – кешикти тепкениң". Албетте, бешикти тебүү эмне экендигин Эрке-Айым деле билер, бирок тебүүгө дуушар кылган күч эмне экендигин бирөө да билбесе, эмне кылмак? Эгер биз бешик тептирген күчтү табууга далалаттансак, анда чу дегенде эле Жаныбек ханга барып урунабыз."[15]

Үчүнчү эпизод боюнча Жаныбектин мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн, башка каармандарга мамилесин талдоо үчүн мугалим төмөндөгүдөй суроолорду окуучуларга берип, жооп талап кылат.

1. Эл башына каран күн түшкөндө эмне үчүн Жаныбек хан ордосунан чыкпай жатып алды?
2. Малике-Аяр айткан элдин талабына кантип жооп берди?

---

[14] Алымов Б. Кыргыз адбияты. 9-кл.үчүн окуу китеби. Бишкек, 1999.-Б. 299.

[15] Усубалиев Б. Мени адамдыгымдан ажыратпагыла. – Азыркы кыргыз адабиятындагы оң каарман маселеси. Эрке-Айым ("Ак боз ат" Ш. Садыбакасов). – Кыргызстан маданияты, 1982-жыл, 29-декабрь.

3. Жаныбек хандын: "Кырылса кырылгандыр, катын – карга, бала – сагызган",- дегенин кандайча түшүнсө болот?

4. Ушул эпизоддо Жаныбек энеси Зулайка менен эркеси Айымга кандай мамиле жасайт?

"Ордодо өкүм сүргөн шаан-шөкөт, бекерпоздук менен катынпоздук, эрке аялынын обу жок, опсуз өтүнүчүн кың дебей аткарган жумшактык" Жаныбекти элден алыстатты. "Казынасын чачсын,курал-жарак камдасын..." "Болбосо, Ак боз аттын тизгинин мине турган эр азаматка берсин!" – деген элдин талабына: "Казына эмес, тезектин кыгын бербейм",- деп жооп берет.

Малике-Аярдын: "Чамгарактап калган экенсиң. Керек болсо эл ханды бир күндө кул кылып, кулду бир күндө хан кылып алат!" – дегенине маани бербей, ачуу менен кылычын суурат. "Кылычың курчпу – душманыңа сууру!"-деген энесинин сөзүнөн улам кылычты кайрадан кынына салууга аргасыз болот. Андан сырткары Жаныбек "элчи менен ырчыга өлүм жок " деген салтты да жакшы билет. Бирок ал: "Каңгай менен мен чабышкам... калкка жамандык кылган жокмун, хандын эли дедиртип катарга коштум,"- деп өктө менен кырылган элди сагызган менен каргага теңеп, кымындай да жаны ачып койбойт. Малике-Аяр тарап болгондугу үчүн энеси Зулайкага "калжактап ишиме кийлигишпе же "энеси көпсө, эр издейт деп укчу элем" деп катуу тиет.

Ал Эрке-Айымга кооз буюм катары мамиле жасайт. "Эгер Жаныбек тилчи болуп калса, анда Эрке-Айымга ким эмес, эмне деген суроо берилет деген бүтүмгө келмек, себеби Эрке-Айым ал үчүн көрк гана. Адам Эрке-Айым менен айбан Ак боз ат – бул экөө Жаныбек үчүн бирдей. Эрке-Айым сулуулугу, а Ак боз ат күлүктүгү менен кымбат. ...Жаныбек хандын шору – алдейлеген аялын адам, аял катары карай албаганында, буга кудурети жетпегенинде".[16]

Демек, эл менен Жаныбек хан экиге бөлүнүп калды. Элдин ханга болгон наразылыгынын аккорду Думананын:

Эдил кайда, о эл кайда?
Элге жетер о үн кайда?
Ээриң башын о кан жууса,
Эрдигиңен о не пайда?
Каракаш торгой о суу кайда?
Калкым кайда о хан кайда?
Калкың башын о каңгытса,
Хандыгынан о не пайда? – деп ак урганынан биринчи

көрүнүштүн аягында эле угулган.

Аңгемелешүүнүн натыйжасында эл даанышманы Малике-Аяр менен энеси алтын таяк нускалуу Зулайканын айткандарына көнбөй, жалгыз айымынын гана сөзүнөн чыкпай, элди ойлобой, жатып алгандыгы

[16]Усубалиев Б. Мени адамдыгымдан ажыратпагыла. – Азыркы кыргыз адабиятындагы оң каарман маселеси. Эрке-Айым ("Ак боз ат" Ш. Садыбакасов). – Кыргызстан маданияты, 1982-жыл, 29-декабрь.

Жаныбектин трагедиясынын башталышы экендигин окуучуларга эскертип коюу керек.

Ушул эпизодго катышкан акылман адамдардын кептерине талдоо жүргүзүү максатка ылайыктуу, анткени ар биринин сөзүнөн элдик накыл, учкул сөздөрдү учуратууга болот, алар кептин экспрессивдүүлүгүн камсыздап турушат. Мисалы, З у л а й к а: "Чыканактап тынч алчу, чырм этип уйку алчу күндөр бекен?" – деп коогалаңдуу учурду мүнөздөйт. "...Оздугуң менен суу ичип, өтүгүң менен суу кечип турганыңда..." деп Жаныбектин айласыз абалын түшүндүргүсү келет. М а л и к е – А я р. Ханы жок калк болсо да, калксыз хан болбойт (макал). Калктын ибаратынан чыкса, хан эмес машаяк болсун оңбойт! (санат сөз) ...Алгыр куш, күлүк ат – элдин мүлкү ( макал). ...Кар да кетет бел калат, хандар өтөт эл калат (макал). Бийиктин жанында өссө, жапыз өзүн бийик сезет. Күлүктүн жанында басса, чобур өзүн күлүк сезет (макал). ...Эл керек болсо ханды бир күндө кул кылып, кулду бир күндө хан кылып алат! (санат сөз) ...Өлүү башка чөп үйүлөт, тирүү башка мал үйүлөт... (макал)

С у л а й м а н. Хандын асыл башы жоголор,
Калктын асыл башы жоголбойт! (санат сөз)

К у л а н. ...Кош, казаныңды бооруңа баса тур! (фразеологизм)

Ж а н ы б е к. Элчи менен ырчыга өлүм жок (макал).

Жогорудагы макал, ылакап, фразеологизмдер жана санат сөздөр ар бир каармандын облигине төп келет. Алардын жардамы менен драматург курч кагылышуу түзө алган. Мындай өзгөчөлүк калган эпизод, көрүнүштөрдө да кездеше тургандыгын окуучулар өздөрү деле айта алышат. Драмада ар бир каармандын кулк-мүнөзүнө, жаш курагына, коомдогу ордуна жараша кеп-сөзү бар. Каармандардын учкул кептей канат байлап, макалдатып айткандарынын экспрессивдүүлүгү драматургдун сөз менен мүнөз жана кырдаал жаратуудагы зор дараметинен кабар берип турат.

Биринчи көшөгөнүн 3-4-көрүнүштөрүн мурда сунушталган суроолордун негизинде аңгемелешүү менен талдоого болот.

1. Үчүнчү көрүнүштүн башындагы Эрке-Айымдын монологу кандай мааниге ээ? Андан биз эмнелерди билебиз?
2. Силердин оюңарча, кайсы сцена, кайсы эпизоддордон драманын окуясынын түйүндөлүшү көрүнөт?
3. Эрке-Айымдын трагедиясынын себептери эмнеде?
4. Сценалык аракетти чыңдоо, драматизмди күчөтүү үчүн драматург кандай көркөм ыкмаларды пайдаланат?

Эрке-Айымдын монологун автордук ремаркалар менен бирге мугалим өзү көрктүү жатка окуп же магниттик жазуудан уктурат да, биринчи суроого жооп талап кылат. Окуучунун жообу болжол менен төмөндөгүчө болушу мүмкүн: Гүлбактагы чынардын түбүндө туруп, Эрке-Айым бул дүйнөдө жашоонун оомал-төкмөл өзгөрүлмөлүү экендиги жөнүндө ой толгойт. Анан күкүктүн үнүн угуп, улутунуп, токойлуу суунун

жээгиндеги айылын, андагы күкүктөрдү, жыланайлак, жыланбаш мандалак казган балалык чагын эстейт.

Козу-улакка кошулуп үркүп, ойноп жүргөн күндөрдүн биринде, айлына жоо тийип, хандын айымы болуп калат. Андан кийин көп убакыт өтөт. Айылын экинчи көрбөйт. Ордодон чыкпайт. Анын бул абалын "күмүштөй суу ичем, күкүктүн үнүн укпайм. Күндү көрөм, күнгөйгө чыкпайм. Айды көрөм, а ай тийген тескей кана " деген сөздөрүнүн подтекстинен билебиз. К.С. Станиславскийдин аныктамасы боюнча подтекст –"бардык учурда аларды ырастап, жандандырып, тексттин сөздөрүнүн астында тынымсыз агып турган, ачык көрүнбөгөн, бирок ичтен сезилген адамдын көнүл турмушунун маанилери"[17]. Подтекстти түшүнүү пьесанын негизин түшүнүү, персонаждардын аракеттеринин себептеринин арасындагы байланыштарды түшүнүү, ачуу дегенди билдирет.

Подтекст – кандайдыр бир тексттин, кептин көрүнбөгөн, ички мааниси[18]. Монологдогу элдик санат сөз, "ай" деген сырдык сөздүн кайталанышы, көп чекиттүү сүйлөмдөр, риторикалык суроо айылдык кыздын эркиндиги менен хандын айымынын ордо сөөлөтүнө ылайык дайыма көзөмөлдө, "камкордукта" болушунун ортосундагы карама-каршылыкты гана көрсөтпөстөн, ошол моменттеги Эрке-Айымдын ичтен сызылган кусалыгын, айлына, балалыгына карата сагынычын туюндуруп турат. Эрке-Айымдын өткөндөгүсүнөн кабар берүүдө, ошол учурдагы анын ички сезимдерин билдирүүдө бул монологдун мааниси чоң. "Терең карай келгенде хандын алтын сарайы, ак ордосу Эрке-Айымдын бүтүндөй тулку боюна, жүрөгүнө, жанына капталган шири эле. Ал Эрке-Айымдын эң улуу касиетин, адамдык насилин тепседи. Дааналап айтканда, адамга кандай касиеттер таандык болсо, аларды улам бирден жалмай баштады. Чу дегенде эле эркиндикти колунан жулуп алды."[19]

Бул көрүнүштөрдө окуучулардын көңүлү окуянын түйүндөлүшүн камсыздаган Ирбистин Айша-Айым менен Дилде-Айым, Эрке-Айымдарды алдаганын, Шамурдун Чарындан белек алып келишин, Эрке-Айымдын айласыз абалын, атасы Думанага мамилесин, Шамур менен Ирбистин алдамчылык, азгырык иштерин, кайнене келиндин кагылышын, Жаныбекти алдап, Эрке-Айымдын боз жоргону минип Чарынга качышын, Жаныбектин жигити Жанкозунун элге кетишин көрсөткөн сценаларды талдоодо Ирбис менен Шамурдун образына бурулуусу зарыл. Турмуштагы орду, көз караштары, кулк-мүнөздөрү жагынан окшош бул каармандар окуянын чиеленишинде маанилүү ролду ойношот. Алар Жаныбекти, анын айымдарын гана алдабастан, бирин-бири да алдашат. Мисалы, Шамур "чыпалактан кан сорушкан" доспуз

---

[17] Станиславский К.С. т.3, М. Искусство. – 1959, С. 84.

[18] Словарь русского языка. т. 3. П-Р. – Москва: Государстенное издательство иностранных и национальных словарей, 1959, 308-бет.

[19] Усубалиев Б. Мени адамдыгымдан ажыратпагыла. – Азыркы кыргыз адабиятындагы оң каарман маселеси. Эрке-Айым ("Ак боз ат" Ш. Садыбакасов). – Кыргызстан маданияты, 1982-жыл, 29-декабрь.

деген менен : "Жаныбек Дилде-Айымды жайлаганыңды билип кала электе, Эрке-Айымды коштоп тез кач Чарынга", - деп Ирбисти алдайт.

"Эрке-Айымдын трагедиясынын негизин түзүп турган элементтер өзүнүн жан-дүйнөсүндө жатат. Сөөгүнө бүткөн жеңил ойлуулук, ордодо ага көрүлгөн камкордук, шаан-шөкөт, бекерпоздук Эрке-Айымды ого бетер жадатып, "ай тийген, күн тийген күнгөй-тескейди саматты, жаштык кумарын ого бетер арттырып, ал кумарды жандыруунун жолун издетти". (Алымов Б.) Ансыз да: "Арзуума толгон эр болсо, асмандагы Чолпондой балбылдасам", - деп өзүнүн сулуулугуна маашыр болуп магдырап, акылын сезимге жеңдирип жүргөн Эрке-Айымдын арам оюнун жүзөгө ашышын Ирбис менен Шамур тездетти. Айымды кайтарып жүрүп, жигиттик касиет-сымбатынан небак ажыраган бычмалуу-кечил Ирбис менен "митаамдын митаамын жазгырган" Шамурдун: "Чарын баатыр сага арнап ак мунара тургузуп жатат, бейиштей турмуштун төрүндө отургузуп, оюң менен болуп жыргатат. "Чалчактаса, көптүң дебейм, чачса, төктүң дебейм деп айттырды", - дешкен алдоосуна Эрке-Айым чындап ишенди. Эрке-Айымдын трагедиясы – мына ушунда. Мындан тышкары сөйкөсүн Чарынга Шамурдан берип, андан белекке билерик алгандыгын Жаныбекке айтабыз деп коркутушту жана Ирбис:"Жаныбек хан кыз менен эс алып жатат, сизди киргизбе деген", -деп алдады, андан кийин кайнене каарын төктү (Зулайка. Канчык ! (Таягын көтөрөт. Ирбис чуркап кирип арачалайт). Кулагыңа кумгана куюп, керең кылып өлтүрөм!). Бул сценаларды Эрке-Айымдын душманга качышына өбөлгө болгон кошумча деталдар катары эсептөө керек. Бул деталдарды драматург аракетти чыңдоо, драматизмди күчөтүү үчүн пайдаланган.

Драматургдун эң башкы ийгилиги – мүнөздөрдүн, кырдаалдардын кагылышын, алардын "монтаждалышын" көркөм чыгарманын, ириде драманын эстетикалык табиятына, өзгөчөлүгүнө, диалектилик ички логикасына ылайык ичкериден, табигый мүнөздө өнүктүргөнүндө. Мындагы окуялар биринчи көрүнүштөгү Чарындын митаамдык иштеринин жана Эрке-Айымдын "жыргалдын жыргалын" эңсөөсүнүн натыйжалары катары көрүнөт. Дилде-Айымды "Эрке-Айымды өлтүрүп берем" деп алдап, жамбысын алып, андан соң өзүнүн көзүн тазалаган Ирбис айыбы ачыла электе Чарынга кетип калууга ашыгат да, Эрке-Айымды азгыра баштайт: Жаныбектин Карашаар менен Камбылда төрт, Урум-Турум, Чамбылда алты аялы бардыгын айтып, "Шаймаранды зынданга салды, шек санады бизден, качпасак болбойт," – деп калп айтып шаштырат. Анын натыйжасында Эрке-Айым Ак боз атты минип, Чарынга качат. Дагы эле собол эмне үчүн? Жыргап жашоо үчүн ганабы? Анык бейиш жашоо ага таандык го? Мындай караганда "эрден бактысы бар экен" деп суктанасың. "Бир гана Эрке-Айымдын жүрөгү ханга ыраазы эмес. Ак сарай аны адамдын ким экендигин айкындаган адамдык нарктын жападан-жалгыз далили эмгектен ажыратып таштаган. Ошондуктан анын Чарынга барып уй саап жүргөндө, туткунга түшкөн Жаныбек ханга: "Уй сааганды үйрөндүм, ханым! – деп сүйүнчүлөгөнү

бекеринен эмес. Эрке-Айым эзилди. Жадагалса аны буюмдар да эзди. Бирок булардын баары биригип келип, бир эзүүгө жете алган жок. Ал – ойдун, адамдык нарктын, демек, ырыс-кешиктин эзүүсү. Адам Эрке-Айымдын өзүн-өзү эзүүсү. Эрке-Айым: "Каран калгыр ай, көөкөрдөгүнү ичсем бөксөрөт экен. А көкүрөгүм...Көөдөнүмдө айыкпаган туюк жара", - деп боздойт. Ал өзүнүн жашоосу адамдык жашоо эмес экендигин жүрөгү менен туя билген. Ал өзүндөгү адамдыктын баарын ордо жалмап, башкалар үчүн эч нерсеге айланып бараткандыгын, өзүндө болгону сулуулук калгандыгын, сулуулук анын жападан-жалгыз жашоо каражаты, куралы экендигин да аңдаган. Ошондуктан ал: "Титиреп жашап, титиреп уктап, тойдум сенин жыргалыңа. Өңүмдүн кылоосу өчө элегинде, койнумдун жылуусу кете элегинде, жерде калбасмын!".. деп зар какшап отурат".[20]

Ак боз аттын душман колуна өтүшү элди да, Жаныбекти да жортуулга аттантат. Демек, ар бир аракет, чечим бир жагынан, мурдагы болгондун натыйжасы болсо, экинчи жагынан, кийинки боло турган окуялардын себеби болуп турат. Окутуучу көрүнүштөрдүн бири-бири менен байланыштарынын себептерине көңүл бурууну эсинде тутуу керек. Биринчи көшөгөнүн бешинчи көрүнүшүнө 1 саат ыйгарып, деталдуу-текстуалдуу талдоону туура деп эсептейбиз, себеби сюжеттик линияда да , идеялык-тематикалык планда да бул көрүнүш башкалардан айырмаланып, өзгөчө орунда турат. Анын өзгөчөлүгү элдин биримдигин, патриоттук духун, душманга каршы күрөшкө аттануусун чагылдыргандыгында. Ошондой эле драманын негизги конфликти ушул көрүнүштө даана көрүнөт. Окуучулардын буга чейинки жана кийинки жеке конфликттер багындырылган негизги конфликтти - кыргыз элинин баскынчыларга каршы элди, жерди коргоо үчүн күрөшүн түшүнүүлөрүндө бешинчи көрүнүш маанилүү роль ойнойт.

"Негизги конфликтти түшүнүү пьеса эмнеден башталып, эмне менен бүтөр чегин белгилеөгө жол ачат. Башталышы менен бүтүшүнүн өз ара катышы окуучуларда пьесага карата жалпы, бүтүн көз караштын пайда болушуна жардам берет"[21]. Бешинчи көрүнүштү сабакта ролдоштуруп көрктүү окууга даярдоо керек. Ролдоштуруп көрктүү окууга ушул көрүнүштү тандап алганыбыздын себеби пьесаны бүтүндөй үйрөнүүдө, ошондой эле ушул көрүнүштүн үстүндө иштөөдө чечиле турган милдеттерге байланыштуу.

Мугалим ролдорду бөлүштүрүп, ар бири кайсы сценаны, кимдин сөзүн окушу керектигин көрсөтүп, төмөндөгүдөй суроолорду коёт:

1. Ушул сцена драманын окуясынын өсүшүндө кандай мааниге ээ?

---

[20] Усубалиев Б. Мени адамдыгымдан ажыратпагыла. – Азыркы кыргыз адабиятындагы оң каарман маселеси. Эрке-Айым ("Ак боз ат" Ш. Садыбакасов). – Кыргызстан маданияты, 1982, 29-декабрь.

[21] Методика преподавания литературы. Проф.З.Я. Рездин ред.аст. Толукталып, 2-басылышы. –М.: Просвещение, 1985, с.195.

2. Сен окуй турган ролдун каарманынын мүнөзү жана ички абалы ушул сценада кандайча ачылат?

3. Сенин каарманыңдын башка каармандар менен мамилеси кандай?

4. Ролду окуунун "аракеттүү милдети" эмнеде?

Драмалык чыгарманын үстүндөгү иштердин маанилүү элементи болуп, пьесанын үзүндүлөрүн окуучулардын өздөрүнүн ролдоштуруп көрктүү окуусу эсептелет. Жогорудагыдай суроолорду коюу мындай окууга текстти негиздүү талдоону кийирет. Мындай талдоонун маанилүү элементтери болуп, каармандардын турмуштук позицияларын анализдөө, окуучулардын элестетүүлөрүндө көрүү аркылуу образдарды жаратуу, подтексттердин үстүндө иштөө, каармандардын кебинин өзгөчөлүктөрүн байкоо эсептелет.

Көпчүлүк окумуштуу-методисттердин оюу боюнча, драмалык чыгармалардын үстүндөгү ишти дароо ролдоштуруп окуудан баштаган мугалимдер орчундуу ката кетиришет. Мындай окуу мурунтан ролдор бөлүштүрүлүп, окуучулар даярданууга мүмкүнчүлүк алган күндө да оң натыйжаларды бербей калышы мүмкүн. Артисттердин аткаруусундагы записти уктургандын артынан ошол эле үзүндүнү окуу да аз жемишин берет. Бул учурда окуучулар артисттердин интонациясын туурап калышат. Текстти үйрөнүүгө киришүүдө пьесанын башталышын уктуруп, каармандардын мүнөздөрү, автордун стилинин өзгөчөлүктөрү менен тааныштырып, пьесанын эмоционалдык атмосферасына алып кирип, андан кийин гана ролдор боюнча окууга кайрылуу көбүрөөк максатка ылайык келет.

9-класстын окуучуларынын ролдор боюнча окууда тажрыйбага ээ экендиктерин эске алып, "Ак боз ат" драмасын үйдөн өз алдыларынча, класста комментарийлүү окушуп, сюжет, идеясына белгилүү өлчөмдө талдоо жүргүзүлгөндөн кийин бешинчи көрүнүштү талдап, анан ролдор боюнча окууну уюштуруу керек. Ролдор боюнча окууда окуучулардын алдына "аракеттүү милдеттерди" коюу зарыл. "Аракеттүү милдет" – бул артисттин же чтецтин (окуучунун) ички кыял-жоругунун пружинасы, белгилүү формада аракеттенүүгө ойгото турган стимул. Аракеттенүү милдетин табуу үчүн каармандын алдына койгон максатын аныктоо, пьесанын башынан аягына чейин анын жүрүш-турушун териштирүү зарыл. Ушинтип, драманын текстин көңүл коюп талдап, тигил же бул каармандын ролун ачууда "аракеттенүү милдетин" коебуз.

Окуучуларга драматургдун стилинин бир өзгөчөлүгүн түшүндүрүү да ролдоштуруп окуунун натыйжалуулугуна жетишүүгө жардам берет. Биринчи көшөгөдөгү окуялар элдик зор армандын фонунда өтүп, ал арман жөнүндө көшөгөнүн башындагы нукура элдик философияга, накыл сөздөргө ширетилип, муңкана чыга келген ыр алдын ала кабарлап турса:

Кызыл кыр ылдый көч барат, арман,
Кырааның учуп ач барат, арман.
Ак боз ат илкип, тизгинин чубап,
Ак каңкы ээри бош барат, арман.
Аза күтүп көч барат, арман,
Алгырың жүдөп ач барат, арман.
Ак боз ат арып, чылбырын сүйрөп,
Ак олпок тону жок барат, арман.

Экинчи көшөгөнүн башталышында бул ыр дагы кайталанат. Бирок:

Кызыл кыр ылдый көч келет, журтум,
Кырааның учуп ток келет, журтум.
Айкөлүң минип жулкунтуп, журтум,
Ак боз ат келет, журтум.
Ак күңгөй ылдый көч келет, журтум,
Ак шумкар шаңшып ток келет, журтум.
Ай алдынан алкынып, журтум,
Ак боз ат келет, журтум, -

делип, мурдагы арман эми шаңдуу доош менен алмашылат. Бул бири-бирине үндөш, бирок эки башка маанидеги эки ыр жөн эле киргизиле койгон эмес. Экинчи ырды угуп эле көрүүчү элдин жеңишинин, Ак боз аттын элдин колуна тийишинин шаңдуу дүбүртүн угат. Бул эки ыр окуянын башталышы, чиелениши менен чечилишине, драманын бүт тулку боюна бап келип, анын маани-мазмунун ачууга шарт түзүп турат. Демек, бешинчи көрүнүштү ролдор боюнча окуучу-аткаруучулардын интонацияларынан элдин патриотизмин, ынтымак-биримдигин бере алган шаңдуулук сезилип тургандай болсун.

Ролдор боюнча окугандан кийин ар бир окуучуну баалоо керек. Баалоонун негизги критерийлери төмөндөгүдөй:

1. "Аракеттүү милдеттин" ишке ашышы.
2. Ошол эпизоддордогу каармандардын мүнөздөрүнүн бөтөнчөлүктөрүнүн, алардын ички психикалык абалдарынын окууда көрүнүшү.
3. Подтексттердин ачылышы.
4. Окуунун каражаттарынын (пауза, логикалык басым, речтин темпи ж.б.) туура колдонулушу.

Драманын организминде эң чоң көрүнүш ушул, ал тогуз сценадан туруп, аларга тогуз каарман катышат. Ар бир каармандын ролун эки-үч окуучуга бөлүү класстагы бардык окуучуларды өз алдынча иштөөгө мажбурлап, мугалимдин ишин жеңилдетет. Бешинчи көрүнүштөгү окуянын жүрүшүн өзүнчө кароо керек. Окуучулар көрүнүштүн башындагы ремаркадан соң, Малике-Аяр менен Думананын диалогу, ак уруу – экспозиция, андан кийинки экинчи-жетинчи сценалар окуянын өнүгүшүн камсыздап, ал эми Жаныбек хан менен Зулайка эненин диалогу – кульминациялык роль аткарып, Жаныбектин жоого аттанышы менен окуя аяктап жаткандыгын айтып бере алышат.



...ЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 930675

Бешинчи көрүнүштү талдоодо мугалим каармандардын образдарын топтоштуруп жана жекелеп мүнөздөө ыкмаларын пайдалана алат. Биринчи топко Малике-Аяр, Думана, Зулайканы, экинчи топко Кулан, Сулайман, Жанкозуну киргизип, ал эми Жаныбек хандын образын жекече мүнөздөөгө туура келет. Малике-Аяр менен буга чейин окуучулар биринчи көшөгөнүн биринчи-экинчи көрүнүштөрүндө жолугушуп, "Манас" эпосундагы "алдыда жүрсө, ак жолтой, артта жүрсө, сан колдой" Бакай сыяктуу кыргыздын нускалуу, даанышман карыяларынын бири экендигинен кабарлары бар. Малике-Аярдын элдин акылчысы, насаатчысы ролу ушул көрүнүштө бөтөнчө орунга көтөрүлөт. Ага ар кандай кырдаалда туура жолду таап, туура, калыс, адилет сөздү тайманбай айтуу, кечиримдүүлүк, айкөлдүк мүнөздүү. Жаныбек хандан кол үзүп, элге кошулганы келген Жанкозуну "жалгыз бейит кылсак бейм?!" – деген жигитти Малике-Аяр: "Сунулган моюнду суурулган кылыч кесчү эмес",- деп токтотуп, ошондой эле мергендеп жүргөн Лайлумду туткундап келишкенде: "Кыз аты менен сулуу, кыз кырк чачы менен улуу. Азар көргөзбөй, аттын жакшысын мингизип, азем кийгизип, узатып койгула, балдар"– деп, Чарындын кызы экендигине карабай, бошоттуруп жибериши "Манастагы" Бакайдын,

"Жан кыйганың жаман деп,  
Жанын койгун аман деп,"–

Манастын жигиттерине айткан насааты менен үндөшүп турат. Ал гана эмес Бакайдын речиндеги даяр салттуу формулаларды Малике-Аярдын кебинен жолуктурууга болот. Мисалы:

...Курама жыйып курч кыл, балдарым,  
Куюккан таап журт кыл, балдарым"...  
..."Карга чокуур каныбыз калганча,  
Куурай жулаар алыбыз калганча"...  
... "Азуусун аркайтып ат өлүгү,  
Мурутун сербейтип эр өлүгү"... ж.б.

М а л и к е – А я р : ... Куру кыйкырып төгүлбөй,  
Уйдун бөйрөгүндөй бөлүнбөй,  
Аттангыла!" –

деп элди биримдикке чакырат. Ошон үчүн анын ролунун "аракеттүү милдети" – душманга каршы элдин башын бириктирүү, акыл-кеңешин берип, жол көрсөтүү.

Думана менен Зулайканын мүнөздөрү Малике-Аярдын образын толуктап турат. "Касабалуу уулдарынан, ак жабылуу бууданынан" ажырап, жалгыз кызы ханга айым болуп, "кашкар ханынын кызы" аталып, думананы ата дештен жээрип, коколой башы калганда, бул жалган дүйнөнүн жыргалынан да, кууралынан да кечип, ак уруп, эл аралап, жакшылык-жамандык, ак-кара, адилет-кыянат, өмүр-өлүм, пендечилик жөнүндө ой калчап, драманын тулкусуна сиңирилген Думананын образы драматургдун өтүп жатканга карата көз карашын, мамилесин билдирип турат. Думананын ролунун "аракеттүү милдети" – мына ушунда.



330675

Экинчиси – алтын таяк Зулайка. Буга чейин экинчи көрүнүштө уулу Жаныбек менен, төртүнчү көрүнүштө келини Эрке-Айым менен болгон кагылышууларында Зулайка уулу менен келининин кыял-жоругуна наразы экендигин тайманбай айтып, элдин камын көргөн акылман эне катары көрүнөт. Эки учурда тең эненин кеби каргыш менен аяктайт. Ал эми бешинчи көрүнүштө эне-бала кайрадан жолугушат. Бирок бул жолугушуу мурдагыга окшошпойт. Анткени бийликке жөндөмсүздүгүнөн, эрке аялга башкартып алгандыгынан Ак боз атынан, аялынан, эң жаманы элден ажыраган баласын аяп, жүрөгү канап, каңырыгы түтөйт. Эне-баланын диалогунун башында Зулайка:"Катының өлсө камчы сап эле, атыңдан ажырасаң бир байталдын тезеги эле – баарынан ажырадың... Эми элдин алдында эмес, артында жүр!"- деп дагы эле мурдагы позициясынан кайтпайт. Бирок табиятынан акылы тетик Жаныбектин: "Жарыктыгым, мен хандын дөөлөтүнө кайкаласам, сөөлөтүнө ким чалкалады? Көзүм тумандаганда адебим жоголорун, көр дүйнөгө чиренгенде кадемим катаарын мурдатан эмне ойлободуң? Акимдигиң ата мурасың деп, мени кайсы жарга түрттүң? Сыймык кушум качканда, чебим менен элимдин ортосу чарт жарылганда, "жылдыздан төмөн түш, тизеле" деп, алтын таягыңды булгалайсың. Алтын таянып не муратка жеттик?! Эне ыйык, эне бийик. Бирок намыс деген да бар экен. Баканын бактысынан шумкардын шору артык. Күнүм бийиктен бүтөт!"- деген жүйөлүү жообу энени жумшарта коёт. Жоо камап кирип келгенде:"Жакасы жок тонго окшоп, кайда турам? Башаты жок сууга окшоп, кайда соолом! Элге кылса кесирди, эр курусун ушу экен, калкка чачса кесирди, хан курусун ушу экен,- деп Жаныбектин өткөн-кеткенге серп салып, акылына кире баштаганына көзү жеткен эне:"Уулум, жалгызым..." деп кучак жаят. Бирок Жаныбек: "Суу кайра акчу беле. Сөөктү жашытканда эмне пайда? Кайра кайтсам, ошондо кучакта!"-деп кесе айтып кучактатпай коёт. Уулунун бул сөзү энени ого бетер жашытып: "Кулунум!.. Кайсы арманымды айтайын... Эми эмне дейин...Кайсы таягымды карманайын?! Көзүм кашайган жаным..."- деп маңдайынан сүйөт. Эненин речиндеги көп чекиттүү кыска-кыска сүйлөмдөр анын сезиминдеги карама-каршылыкты, алдастоолорун чагылдырып турат. Бул диалогдон драматург энени бир беткей мактап гана сүрөттөй бербестен, анын тарбиясындагы өксүктү көрсөтүү менен реалдуулукка жетишкенин окууда эске алуу керек. Акыркы сценадагы Жаныбектин монологу энесине, элине берген анты катары анын образын ачууда мааниге ээ. Ошондуктан аны үч түрдүү тон менен окуу керек.

Бир кезде үнүм чаркылдаган жерде,
Бир кезде маңдайым жаркылдаган элде,
Таманымдагыны төбөмө чыгарып,
Таманымдагынын сурунан куланып,
Кантип гана жүрөм?
О, Боз жорго...

Сенден башканы кантип минем?!
О, дөөлөтүм а, ушундай тоголок белең?!
О, көкө теңири, каягыңа жоголом?- деген бөлүгү арманда, өкүнүүнү, чоң уялууну билдирген эмоционалдык боёк менен окулушу керек.

Жок! Жоголбойм!..
Майланган буудай жүздөнгөн,
Ачыккан илбирс көздөнгөн,
Жигиттерим ээрчитип,
Чарындын өтүн жарып, өчүмдү алам, - деген бөлүгү кекенүүнү билдирген чечкиндүү тон менен окулат. Ал эми:
Же, жакшы ит өлүгүн көргөзбөй өлөт,
Атымды билбеген топурактан жай табам.
Кош, менин кесирдүү күндөрүм,
Кош, менин буулуккан арманым! – деген бөлүгү салмактуу, олуттуу тон менен окулушу абзел. Чынында, Жаныбек хан – баатыр жигит. Ал нечен жолу каңгайлар менен чабышып, аларды жеңип келген. Жигиттеринен душман кирип келгендигин укканда:
...Азмын деп карап турчу эмес,
Көпмүн деп каниет кылчу эмес.
Ындыны өчкөндүн жылдызы өчөт.
Ылгоол, аттангыла! – деп жоого аттанат. Энеси менен диалогунан, монолог, аракетинен байкалган Жаныбектин оңолгону, кеч болсо да, баатырдык сөөлөтүнөн жазбай жоого аттанганы анын "аракеттүү милдетин" аныктап турат.

Ушул көрүнүштө элден чыккан эр жүрөк жигиттер – Кулан, Сулайман, Жанкозуларды мүнөздөөгө мугалим көңүл буруусу керек. Үчөө тең - "эл четинде, жоо бетинде" болуууну милдетибиз деп эсептеген жигиттер. Жанкозу – Жаныбектин ишеничтүү жан жигити. Ал кезегинде ханга ак кызмат кылган, бирок хан элден бөлүнүп калганда, "канжыгасы үзүлүп", "кылычын ордонун төрүнө ыргытып", хандан кетип, элге кошулат.

Бул каармандардын ичинен автор Куланга өзгөчөрөөк карап, анын образын бир топ толугураак ачууга аракеттенген. Ал экинчи көрүнүштө эл өкүлү катары Малике-Аяр менен бирге ордого келет. Ал эми бешинчи көрүнүштөгү жортуулга даярдануу процессинде Жанкозуну кабыл алууда, Лайлумду бошотууда, Малике-Аярды эл башы кылып көтөрүүдө, жортуулга элди баштоодо, сегизинчи көрүнүштө Лайлум менен элчиликке келүүдө Малике-Аярдан кийинки эле орунда турат. Өзү кол башы шайланат. Ал –чыныгы элдин адамы, эл-жерин коргоо үчүн башын сайып койгон жигит. Элди артынан ээрчите алган башчы, ал: "Жүрөгү түктүү, билеги күчтүүлөр жортуулга барсын!" – деп жар салып, элди патриоттуулукка үндөйт. Аман келишин суранып ыйлаган кош бойлуу келинчегине :

“Кылыч менен найза жуушмайынча,
Ээрин жазданып, эрдин башы кайда барбайт.
Ээгин жазып, ак жоолуктун жашы кайда калбайт!” – деп айтканынан мезгил талабын туура түшүнгөн, өлүмдөн коркпогон эр жүрөктүүлүгүн билебиз.

К у л а н : “Кой үстүнө боз торгой жумурткалаган,
Байтал жуушап, бала уктаган заман,
Кой короолош, жигиттер жоролош заман –
Бейпил заман качан болор экен ?
Желем узарып, качан жергем күлпүнар экен?
Качан өңүм кызыл, өңүрүм узун болор экен ?- деп сарсанаа болуп, элдин бейпил жашоосун каалайт. Тынчтыкты орнотуу үчүн жоого аттанып жатып келинчегине:
Уул тапсаң, атын Жоодар кой.
Бейпил заман терметип жоодурап өссүн.
(Саадагын чечип берет)
Атамдан калган саадак менден тукумума калсын.
Эл-жеринин намысын менден бийик кармасын,
Менден ыйык коргосун! –деп насаат-керээзин айтканынын мааниси терең, тарбиялык таасири күчтүү. Жанкозу менен Сулаймандын образдары Куландын патриоттуулугун, эр жүрөк баатырдык духун толуктап турат. Булар менен драматург эл башына күн түшсө, эл баштаган, эл коргогон эрлер дайыма табыла тургандыгы жөнүндөгү идеяны бере алган.

Мындан кийинки 6-8-көрүнүштөрдүн үстүндө иштөөдө деталдык анализдөөдөн баш тартып, окуучулардын көңүлүн катышуучу каармандардын кийинки тагдырларына, негизги жана жеке конфликттердин чечилишине, окуянын аякташына буруу керек. Талдоонун предмети боло албаган эпизоддорду окуучулар өздөрү өз алдыларынча жыйынтыктоочу сабакка даярданууда карап чыгышат. 6 – 8-көрүнүштө окуялар жунгар ханы Чарындын согуш талаасында өтөт да, башкы каармандар: Эрке-Айым менен Чарындын өлүмдөрү окуянын кульминациясын белгилейт. Андан соң элдин жеңиши менен окуя аяктайт.

Мына ушул көрүнүштөрдү окуучулар үйдөн экинчи жолу окушуп, төмөндөгү суроолордун тегерегинде ой жүгүртүп келишет.

1. Чарындын образынын дагы кандай бөтөнчө жактарына күбө болдуңар?
2. Жаныбектин жекече аракетин кандай баалоого болот?
3. Мурдагы иштерине өкүнүп, кийин күрөш жолуна түшкөн Эрке-Айымды оң образга кошууга болобу?
4. Ирбис, Шамур, Мансурлардын тагдыры боюнча драматургдун оюна кошуласыңарбы ?
5. Драмада Лайлум кандай орунга ээгедер ?

6. "Ак боз аттын элге тийиши – элдин жеңиши" деген темада минисочинение жазгыла.

Ушул көрүнүштөрдө бардык каармандардын образдарынын жаңы жактары ачылып, мүнөздөрү толукталат. Ар бир каарманга карата автордун позициясы, мамилеси айкын болот.

"Автордун аң-сезиминде пьесанын образы бул кандан, жандан жаралган образ. ...мен галлюцинацияга чейин менин пьесамдын персонажын ачык-айкын көрүп турам, мен аны менен жакын таанышмын,- деп жазат А.Н. Толстой, - мейли ал төрт гана сөздү айтсын, мен аны өзүмдү күзгүдөн көргөндөй көрүүгө тийишмин, мен анын тагдырын билишим керек, анын жесттерин көрүшүм, түшүнүшүм керек. Ошондо гана бул мага жакшы тааныш адам, балким, кулистен чыга келип: "Саламатсыздарбы, мына мен"... - деп ийгиликтүү айта алар"[22].

Драмалык образ сценада толук ишке аша ала турган конкреттештирүү мүмкүнчүлүгүн өзүнө камтыйт. Драматург актёрго образды индивидуалдаштырууда толук эркиндик берет, бул бир эле персонажды ар түрдүү трактовкалоо дегенди түшүндүрөт. Мектепте драмалык образды талдоодо мугалимдин алдында ага ыйгарылган мүмкүнчүлүктөрдү чындыкка чыгаруу милдети жана бардык өзгөчөлүгү менен жандуу адамдын облигин түзүү милдети турат.

Драмалык образды сценалык трактовкалоодо, мектептик интерпретациялоодо эркиндик бар. Окуучулардын ар бири автордук текстке таянуу менен өзүнүн индивидуалдуу образын түзөт, пьесанын образын конкреттүү мазмун менен толуктайт. Ошондуктан драмалык образды талдоо окуучулардын элестетүүлөрүнүн активдүү ишин талап кылат. "Сахнада аткаруу жумушуна ылайыкталгандыктан, драма окуучулардан көп күчтү жана зор элестетүүчүлүк устаттыкты талап кылат. Автордук айтып берүүлөр (ремаркалар) драманы сахнада аткарууну (артисттердин ойноосу, режиссёрдун, декаратордун ж.б. иш-аракеттери) толук камсыз кыла албагандан кийин окуучу көрүүчүнүн ордунда болууга аракеттениши керек"[23].

"Мугалим эске алчу дагы бир нерсе – окуучу өзүн аздыр-көптүр аткаруучу катары эсептегенде гана образдардын кулк-мүнөзүн, ой-пикирин, көңүл жайын тереңирээк билет"[24]. Ошондой эле көркөм образды кабыл алууда окурмандардын турмуштук тажрыйбалары чоң жардам берет. Бирок окуучуларда бул тажрыйба чектелүү , ошондуктан окутуучу жардамга келет. Көркөм текстти талдоо сабактарында окуучулардын элестетүүлөрүн активдештирүү жана ошол эле учурда көркөм образды жекече субьективдүү кабылдоо алардын обьективдүү мазмунунун чегинен чыгып кетпөөсүнө жетишүү керек.

---

[22] Толстой А.Н. –т.13, 365-бет.

[23] Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. -Ф.: Мектеп. 1976, 167-бет.

[24] Кудряшев Н.И. Изучение драматических произведений. –Литература в школе. 1954, №2, с. 62.

"Ак боз ат" драмасынын каармандарын мүнөздөөдө жогоруда айтылгандарды мугалим эске алып, "өзү жөнүндө өзү түшүнүк берген каармандардын мурдагы мүнөздөмөлөрүнө таянуу менен төмөндөгүчө сыпаттоолорго жетишет:

1. 6 – 7- көрүнүштө Чарындын мүнөзүнүн дагы бир өзгөчөлүгү ачылат. Ал "чыккынчы бардык учурда чыккынчы, эл-жерин сатканга эч качан аёо болбош керек" деген пикирин бекем тутунуп, бул принципти бекем карманат. Мына ушул себептүү Эрке-Айым менен Ирбис Чарындын колуна келгени кутулбас куяга кабылып, адилеттүү жазаларын алып олтурушат. Тарых мисалында мындайлар көп. Чыңгыз хан, Искендер сыяктуу улуу кол башчылардын баары көп учурда чыккынчылардын кызматынан пайдалангандан кийин аларды акыры өлтүрүп да коюшчу экен[25].

Мындан сырткары Чарындын өз сөзүнө турбай, кырдаалга жараша өзгөрүп кете тургандыгына да күбө болобуз. Кызы Лайлумду Шамурга берем деп убада берип алып, сөзүнөн тайып, желдетке да убада берет. Бирок Чарынды драматург күчүнө ишенген алабарман баатыр катары мүнөздөбөйт. Ал айлакер, акылдуу дагы, анын бул сапаттарын ырайымсыздыгы, таш боордугу, митайымдыгы толуктап турат. Буга бир нече мисалдарды келтирүүгө болот. Шамурду Жаныбектин ордосуна тыңчы жөнөтүп жатып:

Чалгыла ! Шамурдун жолуна туткундарды ...
Баштарын кесип, мазарына илгиле,
Боюнда бар аялдарды иргеп,
Сүт агызып, эмчегин тилгиле !.. – десе, Шамур Лайлум колдуу болуп каза болгондо, кызы Лайлумду зынданга салууну буюруп, Шамурдун зыйнаты үчүн :

Жүз туткундун кулак-мурду шыпырылсын,
Жүзүнүн көзү чукулсун.
Жүз туткундун бели омкорулсун...- дейт.

Эрке-Айым Ак боз атты агытып жибергенде, Эрке айымды гана жазалабай: "Ордодогу катындардын башы сайга томолонсун. Бирөө калбасын!" - дегенинин өзү анын өтө ырайымсыздыгын айгинелеп турат. Ушул жерде окуучулардын көңүлүн колго түшкөн туткундарга Малике-Аяр менен Чарындын мамилелерин салыштырууга буруу керек. Күнөөсүз кары-картаң, кыз-келин, жаш балдар дайыма жардамга муктаж, аларда эч кандай күнөө жок. Күнөөнүн баары бийлик, мансап, байлык талашып карапайым калкты кыргынга учураткан Чарынга окшош эси жок эл башчыларында. Малике-Аярдын душмандын кызы болгондугуна карабай "азем кийгизип, аттын жакшысын мингизип" Лайлумду бошотушу менен драматург күнөөсүз адамды туткундоонун өзү адилетсиздик экендиги жөнүндөгү ойду айткысы келген. Акыры Чарын баатыр катары кан майданда душман колунан эмес, өзүнүн жигити Мансурдун

---

[25] Алымов Б. Кыргыз адабияты. 9-класс үчүн окуу китеби. – Бишкек, Мектеп. 1999, -Б. 310

жаасынан өлөт. Драматург ага ушундай өлүмдү ыраа көргөн. Бул бекеринен эместир...

2.Окуянын андан ары өнүгүшүндөгү алтынчы көрүнүштө Жаныбек ханды "кароолдогу нойондорду кан кустуруп, анан өзү да кансырап уктап жатканда" байлап келишет. Жаныбек хандын туткун болуп турганда тайманбай сүйлөгөн сөзү, өзүн алып жүрүү аракети анын Чарындан алда канча өөдө турарын, душманга тизе бүкпөгөн эрдигин ырастап турат. "...драматург өз каарманынын кулк-мүнөзүн бөлөкчө жол менен ачып көрсөтөт. Ачыгыраак айтканда, драмада каармандардын кулк-мүнөзү, максат-тилеги кыймыл-аракетке шайкеш келген сөз, реплика, мимика, жаңдоо аркылуу ачылат".[26] Демек, драмалык каарманды мүнөздөөдө биз каармандын диалог, монологдоруна таянабыз.

3. 6 – 7- көрүнүштөрдөгү Эрке-Айым мурдагы жеңил баа, эрке Эрке-Айым эмес, башка, күрөш жолуна түшкөн, "көзү ачылган" Эрке-Айым экендигин ачып берүүдө анын кыймыл-аракетине, репликасына, кебине талдоо жүргүзүү маанилүү. Анын качып келгендеги максат-тилегин Чарынга айткан:

"Мүнөзү саңоор, кабагы бийик,
Ичи кенен, этеги жайык,
Өңү жарык, өзү да жарык
Бир эрдин колун аңсагам ... "- деген сөзүнөн билебиз.

Өзүнүн алданганын: "Сен да катынды алдаган маскара белең? Хандын бети ушундай болобу?" –дегенинде билдирет да, -"Хан издесем, күнкорго жолуксам, эр издесем, канкорго жолуксам..." –деп өкүнөт. Ал дагы эле сулуулугуна маашырланат. "Шерменденин чачынын узунун..." деген Чарынга чачынын учун ыргытып: "Жамынып жат!" дегени – буга далил. Бирок Чарын Жаныбек сыяктуу анын чачын мойнуна ороп эркелетпейт, чачын кырдырып, кементай кийгизип, үй саадыртат.

Эрке-Айымга азыр баарынан да думана болуп кеткен атасынын абалы аянычтуу. Жаныбек менен Чарындын алдында бет келишкенде тажаалдык менен каяша айтса, атасы Думанага мурдагыдай желкесин салып, терс бурула албайт. Анткени Чарындын колуна келгени ким чыныгы дос, ким кас экенин, турмуштан эмне алып, эмне жоготконун түшүндү, кеч болсо да күрөшүү жолуна түштү.

" ... ар бир фраза сайын персонаж өзүнүн тагдырынын тепкичтери аркылуу кадам жасайт. Эгер ал унчукпай олтуруп калса, бир минутадан кийин башкача болот. Ал өзү боюнча кетсе, башка болуп кайтат,"- деп драмалык мүнөз жөнүндө А.Н. Толстойдун айтканы Эрке-Айымдын образына дал келет. Атасынын өлүмгө буюрулушу Эрке-Айымдын андан бетер активдүүлүгүн күчөтөт. Ал Чарындан коркпой, атасынын Ак бозун агытып жиберет."Ордонун кызыл алтын, ак күмүштөн төшөгүн тепсеген мен, бирөөлөрдүн күнөөсүн, бирөөлөрдүн мүдөөсүн тепсеген мен, мамыдагы атты агытканга жарабайт бекем? Ийе, Чарын, ийиктей башы

---

[26] Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. – Фрунзе: Мектеп. - 1984, 290–291-бет.

бар, илээшкен чачы бар дедиң го... Ата, арбагыңдан айланайын ата!.. Ак боз атың элине кетти. Жерине!..." –деп тайманбай айтат. Чарындын (желдетке) : "Катындын эки бутун эки азоого байлап, кыйнагыла! Өлтүргүлө ... " – дегенине Эрке-Айымдын: "Менин өлгөнүм качан ?! Сенин өлүшүңө жүрөм, ийе контажы ?! А сөөгүңө ит сийгир!" –деп жооп бергенинен өлүмгө тике карай алган кайратын көрөбүз. Эрке-Айымдын образы өсүү, өзгөрүү эволюциясына карабай, элдик "аялдын чачы узун, акылы кыска", "эки тоонун уларын эңсеген эрсиз калат" деген накыл сөздөргө, "эрке катын" деген түшүнүккө татыктуу болуп, жек көрүү сезимин туудурат. Бирок Эрке-Айымды оң каарман катары мүнөздөгөн адабиятчы Б.Усубалиевдин пикирин мугалим окуучуларга жеткирүүсү зарыл.

"Эрке-Айымдын кимдигин талдоо, чечүүнүн опурталдуулугу, баарынан мурда, Эрке-Айымдын татаалдыгында, аны бир гана кызыл сызык аркылуу гана эмес, кара сызык аркылуу да кароого боло тургандыгында жатат. Бул үчүн фактылар даяр. Мына, Эрке-Айым бешикти тептиби – тепти, эсирип атасын таанybай калдыбы – тааныбай калды, Ак боздү мине качып, элди бүлгүнгө түшүрдүбү – түшүрдү. Эрке-Айым өлүмгө баш байлады, анткени ал өз жерине качып кетсе деле эл колунан ажал тапмак. "Дүйнө мени батырса да, мен бата албайм дүйнөгө... Менин өлгөнүм качан!" – деп өзү мойнуна алып жатпайбы. Жогорудагылардан улам Эрке-Айымды айыптоого кантип дитибиз барат деген суроо туулат.

...Ал ордодогу шириден кутулуунун жолун издеп, алдыда эмне күтүп тургандыгын ойлобой туруп, Чарынга качты. Эмнеден кимге айланамбы деген жакшы үмүт менен качты. Чарын үчүн ким эмес, эмне да болбой тургандыгын сезген Эрке-Айым Ак боз атты агытып жиберди. Анын бул аракетин "бошотсом да өлөм, бошотпосом да өлөм, мага баары бир" деген ойдон улам жасалган иш деп түшүнүү – жаңылыштык. Адамдыгын сактап калууга далбас кылгандар өздөрүнүн күнөөсүн сезе билүү менен гана чектелбестен, андан арылууга да жөндөмдүү болорун Эрке-Айым далилдеди. Экинчиден, ал өзүн ким түгүл, эмне дегенге жарабай мыскылдаган Чарынга өзүнүн кимдигин далилдеп, адамча өлүүнү көксөдү. ...Демек, Эрке-Айым жөнүндөгү баяныбызды жыйынтыктап жатып, биз бир нерсени дагы бир жолу белгилеп кетүүгө акылуубуз. Эрке-Айым адамдык нарк-насилдин өзгөчөлүгүн ачып берген адам катары кимди болбосун башын жерге салбоого чакырып, бизден кийинки муундар үчүн да жашай берет."[27]- деп бүтүм чыгарат Б.Усубалиев.

4. Драмада хан жигиттери: Ирбис, Шамур, Мансурларды топтоштуруп мүнөздөө керек. Алардын ар биринин кулк-мүнөзүнө ылайык кеп-сөзү, жүрүм-туруму бар. Бирок баарына мүнөздүү сапаттары да бир топ. Эң негизги функциялары – баскынчылык, талоончулук.

---

[27]Усубалиев Б. Мени адамдыгымдан ажыратпагыла. – Азыркы кыргыз адабиятындагы оң каарман маселеси. Эрке-Айым ("Ак боз ат" Ш. Садыбакасов). //– Кыргызстан маданияты, 1982, 29-декабрь.

Үчөөнө тең алдамчылык, митаамдык, чыккынчылык, арамзалык мүнөздүү. Өз ханына ак кызмат кылууну милдетим деп эсептешпейт, ар бири жеке мүдөөлөрүнө гана кызмат кылышат. Мисалы, Шамур Чарындын кызына үйлөнүп, кыргыздарга хан болуу үчүн аракеттенет. Шамурга "митаамдын митаамын жазгырып" берүүнү тапшырган Чарын кызматына кызын бермек болгон. Бул маселеде Лайлум менен атасы да, Шамур да эсептешпейт. Натыйжада, Шамур Лайлумдун канжарынан мерт болот.

Чарындын жалган убадасына алданып барып, акыры андан өз жазасын алган Ирбис – жеткен куйту, таш боор чыккынчы. Ошон үчүн да драматург ага ит өлүмүн ыроологон. Булардын ичинен Мансур эл тарабынан жазаланат. Кулан, Сулайман, Жанкозуларга бул үчөөнү салыштырып, элге жакшылык кылбаган адам качан болсо, өз жазасын ала тургандыгын окуучуларга түшүндүрүү керек.

5. Чарындан кызы Лайлум менен бешинчи көрүнүштө туткунга түшкөн жерде жолугушканбыз. 6–8-көрүнүштөрдөгү окуялардын үч эпизодундагы аракет-кыймылы, кеби, жүрүш-туруму боюнча Лайлум атасы Чарындан айырмаланып боорукер, адилет, акыл-эс менен иш туткан каарман катары көрүнөт. Кыргыздын акылман карыясы Малике-Аяр сыяктуу элдин жоолашуусун, бири-бирин кырышын каалабайт. Чарын өлгөн соң, эл бөөдө кырылып калбашы үчүн ак тилек менен ак желек көтөрүп, нөкөрлөрүн ээрчитип келип:

"Мен энемин,

Энелердин атынан ... балдардын атынан ...

Эпке көнүүгө чакырам!"– деп тизелеп кулдук уруп, элди ынтымакка чакырат. Эрке-Айымды качырууга аракеттенет. Думананы өлүмдөн куткарат.

Драманын финалында Малике-Аяр жана Лайлум башында турган эки эл эпке келип, уруш-чабыш токтолот.

6. "Ак боз аттын элге тийиши – элдин жеңиши" деген темада окуучулар үйдөн жазып келген минисочинениелерди талкуулоонун негизинде драманын атына ылайык Ак боз аттын тагдыры пьесанын окуяларынын башынан аягына чейин тепчип өткөн лейтмотиви экендигин окуучуларга билдирүү – мугалимдин милдети.

"Ат – адамдын канаты" делет кыргыздарда. Атсыз көчмөн турмушту, жоокерчилик заманды элестетүү мүмкүн эмес. Күлүк ат жоодо ээсин ар кандай оңтойсуз абалдан куткара алган. Ошондуктан баатырларды атынан ажыратуу душмандын көксөгөн максаты болгон. Ошондуктан Чарын Жаныбекти жеңүү үчүн эң алды Боз жоргосунан ажыратууну самайт. Ал самаганына жетип, Жаныбек хандын кулагын кестирүүгө үлгүрдү. Бирок алданганына көзү жеткен Эрке-Айым Ак боз атты агытып, элине кайтаруу менен Чарындан өч алды. Ак боз аттын элдин колуна өтүшү элди жеңишке жеткирет.

Ошентип, пьесанын окуяларынын өсүшү боюнча байкоо жүргүзүүнү бүтүп жатып, биз окуучулардын көңүлүн 6–8-көрүнүштөрдөгү жеке

конфликттердин кандайча чечилгенине бурабыз: Чарын Жаныбектин кулагын кестирет, Эрке-Айым Ак боз атты агытып, элине узатат, Лайлум Шамурду өлтүрөт, Чарын Ирбисти, Эрке-Айымды өлүмгө буюрат, Мансур Чарынга жаа тартып, эл тарабынан жазаланат. Жеке конфликттердин чечилиши драманын негизги конфликтинин чечилишине алып келет. Демек, бийлик башындагылардын бири-бирин жок кылууларынын, ал эми карапайым элдердин ынтымакка келүүлөрүнүн натыйжасында уруш токтоп, тынч, бейпил турмуш өкүм сүрөт.

Драманы көшөгөлөр боюнча анализдөө бүткөндөн кийин, алынган маалыматтарды, билимдерди жалпылап жыйынтык чыгаруу керек. Албетте, синтез буга чейинки сабактардын составдык бөлүгү болуп келген, ал эми жыйынтыктоочу сабакта жетектөөчү ролду ойнойт. Бир жагынан, жыйынтыктоочу сабакта чыгарманы логикалык жактан үйрөнүү менен гана чектелбөө керек. Дагы деле дайыма көркөм текстке кайрылуу, көркөм образдардын үстүнөн байкоолордун негизинде жалпылоолорду жасоо, сабакка чыгармачылык иштердин элементтерин киргизүү зарыл.

"Ак боз ат" драмасынын материалдарын жалпылоого бир саат ыйгарууну сунуш кылабыз. Анда төмөндөгү маселелер козголууга тийиш: Драманы "Шырдакбек" поэмасы менен салыштыруу. Драманын жанрдык өзгөчөлүгүнө кайрылуу. Драманын сценалык тарыхы жөнүндө сөз кылуу.

Буга чейин 9-класстын окуучулары "Жаңыл", "Курманбек" драмаларын үйрөнүүдөн улам алардын элдик баатырдык эпостордун сюжеттеринин негизинде жазылгандыгын, ошого жараша алар жанры боюнча фольклордук-баатырдык драмалар экендигин билишет. Мугалим окуучулардын ой жүгүртүүлөрүнө, өз алдынча изденүүлөрүнө жем таштап, жыйынтыктоочу сабакка карата "Ак боз ат" драмасын фольклордук-баатырдык драмаларга киргизүүгө болобу деген суроону берип коюусу керек.

Драманын жанры жөнүндө сөз кылууда адабият мугалими адабият таануу илиминин учурдагы илимий талаптарын эске алат. "...көркөм чыгарманын стилин анын жанры менен бирдикте изилдөө иши да азыркы учурдун актуалдуу илимий талабы катары адабият таануу илиминде өзгөчө соңку жылдары практикалана баштады. Анткени көркөм чыгармада мазмун жанр менен стилдин ажырагыс бирдиги аркылуу жүзөгө ашырылат"[28], - деп жазат драма жанрынын изилдөөчүсү А.Абдыразаков. Окумуштуунун ою боюнча, "жанр – көркөм чыгармада мазмунду берүүнүн структурасы, ченеми, конструктивдүү модели, башкача айтканда, мазмундун жашоо формасын аныктоочу негизги формалардын бири".[29] Ал эми стиль – мазмунду жүзөгө ашыруунун, ачуунун жекече көркөм каражаты, ыкмасы, жолу жана принциби.

[28] Абдыразаков А. Азыркы кыргыз драматургиясы. Окуу куралы.- Бишкек: КМУУнун басмасы, 1994, 10-бет.
[29] Ошондо, 11-бет.

"... Жанр менен стиль бири-бирин толуктап, мазмундун толук кандуу ачылышында бирдиктүү көркөм системаны түзөт. Жанр, стиль көркөм чыгарманын эң негизги формалык элементтери, алибетте, бирисиз бири жок. Экөөнүн органикалык бирдиги мазмунду өзгөчө системада чагылдырат да, көркөм чыгарманын кайталангыс идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн, эстетикалык таасирдүүлүгүн камсыз кылат".[30] Ошондуктан "Ак боз ат" драмасынын жанрын аныктоодо аны стили менен кошо кароо керек. Драманын жанрдык-стилдик өзгөчөлүгүн териштирүүдө сюжети окшош элдик "Шырдакбек" поэмасынын жанры жөнүндөгү маселеге кайрылабыз. "Шырдакбек" поэмасы жанрдык жагынан алганда өтө татаал, башынан аягына чейин бир беткейлүүлүк сакталган эмес. Анда уламыштын, тарыхый поэманын, эпостун да жанрдык белгилери бар.[31]

Ата Журтту, Ата Конушту сүйүү, калк кызыкчылыгын ыйык тутуу, өлкөнү ички, тышкы душмандан коргоо идеясы эл мүдөөсү, тилеги менен айкалышып турат. Ушуга карай окумуштуу-фольклорист С.Закировдун оюна кошулууга туура келет. Окумуштуу "Элдик поэмалар" деген китепке жазган баш сөзүндө: "Мында ("Шырдакбек" поэмасында – У..Ж.) уруштун жүрүп жаткан майданы, кырк жигиттин же коломолуу колдун согуштук картинасы тартылбайт. Калмактардын өздөрүнчө гана дүрбөшүнөн:

"Солондорду сойлотту,

Соолотмок болду ойротту" ( 29-бет) деген сөзүнөн каардуу согуш болуп жатканы байкалат. Кыргыздын баатырдык эпосторуна мындай ыкма мүнөздүү эмес. Бирок ага карабастан "Шырдакбекти" баатырдык поэмага кошпой коюуга болбойт. Анткени "Шырдакбек" эпосунун (поэмасынын – У,Ж.) окуясына таандык өзгөчөлүктөр (коргон, Боз жорго, аялынын окуясы) кеңири сүрөттөлгөнү менен эпостун (поэманын – У.Ж.) борбордук идеясы калмактар менен болгон күрөшкө арналат. Бирок кийинчерээк эпостогу (поэмадагы – У.Ж.) баатырдык көрүнүштөрдүн жүрүшү анча маанилүү болбостон, Шырдакбектин Боз жоргосу жана чыккынчы катыны жөнүндөгү легендага көңүл бөлүнүп, негизги багыты бурулуп кеткен,"[32]- деп жазат.

---

[30]Абдыразаков А. Азыркы кыргыз драматургиясы. Окуу куралы.- Бишкек: КМУУнун басмасы, 1994, 11-бет.

[31] Кыргыз адабиятынын тарыхы. 3-том. – Бишкек: Бийиктик, 2002, 377-бет.

[32] Элдик поэмалар. Фрунзе: "Кыргызстан".- 1973, 14-бет.

# II БӨЛҮМ

## «Ак боз ат» драмасынын тилинин үстүндө иштөөнүн жолдору жана ыктары

### I. Автордун жана каармандын тили.

Көркөм чыгармада негизги идеяны берүүнүн каражаты образ болуп эсептелет. Ал эми образ сөз аркылуу түзүлөт. Сөз, Горькийдин оюу боюнча, бардык фактылардын, ойлордун кийими[33]. Демек, ошол көркөм сөз өнөрүн үйрөтүүчү адабият сабагы – сөз сабагы, сөздүн нарк-кунун баалоо, түшүнүү сабагы болгондо гана өзүнө артылган көркөм-эстетикалык, этика-адеп-ахлактык жүктү көтөрө аларын адабият мугалими дайыма эсте тутуусу зарыл.

Мектеп практикасында сөздүк-фразеологиялык жумуш жүргүзүлгөнү менен көркөм чыгарманын тилине адабий-теориялык талдоо иши – максатка ылайык жолго коюлбай келе жаткан маселелердин бири. Өтүлүп жаткан чыгарманы талдоодо анын сюжети, композициялык курулушу, идеялык-тематикалык мазмуну ачылат да, ошол компоненттерди турмушка ашырып турган тили жөнүндө сөз болбойт же өтө сейрек учурда сөз болот. Натыйжада, окуучулар көркөм чыгармадагы тилдин «биринчи элемент», «негизги материал», «бардык ойлордун кийими», «негизги курал» функцияларын түшүнбөй калышат. «Ак боз ат» драмасынын тилине талдоо жүргүзүүнүн жолдорун, ыктарын иштеп чыгуудан мурда, окуучуларга көркөм чыгарманын тили деген эмне, ал кандай өзгөчөлүктөргө ээ, автордун жана каармандардын тилинин айырмачылыктары эмнеде, көркөм сөз каражаттары, көркөм кептин фигуралары, поэтикалык кептин синтаксиси, тыбыштык үндөштүгү деген эмне экендиги жөнүндөгү адабий-теориялык маселелерди тактап алуу зарыл.

Программа боюнча чыгарманын тили жөнүндөгү алгачкы түшүнүк 5-класста С. Өмүрбаевдин «Телегей» романына байланыштуу берилет. 6-класста А.Токомбаевдин «Күүнүн сыры», «Акылмандын жообу» аңгемелерин үйрөнүүдө тереңдетилип, 7-класста «Манастын уулу Семетей» драмасына байланыштуу драмалык диалог, 10-класста «Ажал ордуна» драмасын үйрөнүүдө диалог, монолог, 11-класста М. Байжиевдин «Төрт адам» драмасына байланыштуу драмалык

---
[33] М. Горький О литературе. – М., Издательство Художественная литература, 1955. с. 672.

каармандардын речтик мүнөздөмөсү жөнүндө түшүнүктөр жеткирилет. Көрүнүп тургандай, бул жерде биз көркөм чыгарманын тили, андагы автор менен каармандын кеби жөнүндөгү адабий-теориялык түшүнүктүн берилүү системасын гана көңүлдө тутуп жатабыз. Мындай түшүнүктөр көркөм чыгармага карата окуу китебиндеги түшүндүрмө тексттерде уланып, тереңдетилип отурат. Мисалы, 6-класста Б.Сартовдун фантастикалык аңгемелерин үйрөтүп жатып, мугалим окуучуларга илимий-фантастикалык чыгармалардын тилинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүк берет. 11- класста «Манас таануу» курсунда "Эпостун тили жана көркөм сөз каражаттары" деген тема эки сааттык академиялык убакытта өтүлөт.

Көркөм чыгарманын тилине талдоо жүргүзүүдөн мурда мугалим өзү адабий тил деген эмне, анын көркөм чыгармада кандай мааниси бар экендигин так билиш керек. Чыгармада көркөм образдар, мүнөздөр, окуялар, табияттын көрүнүшү, буюм-теримдердин сүрөттөлүшү - бардыгы сөздөрдүн жардамы менен берилет. Мына ошон үчүн тигил же бул көркөм чыгарманын тилин талдоо ар дайым ошол чыгарманын башка компоненттерин анализдөө менен бирдикте жүргүзүлүшүн дайыма эсте тутуу зарыл. Биз жогоруда сөз кылгандай, көркөм чыгарманын тилинин үстүндө иштөөнү мугалим автордун жана каармандын кебин ажыратып кароодон баштоо керек. Тигил же бул көркөм чыгарманын тили жөнүндө сөз болгондо, автордук баяндоо менен каармандын кебинин ортосундагы карым-катыш эң маанилүү маселелерден болуп эсептелет. Анткени чыгарманын биримдиги жана бүтүндүгү мына ушул карым-катышка көз каранды.

Драмалык чыгармаларда автордук баяндоо дээрлик жокко эсе, ошого карабастан автордун кеби менен каармандын кебинин лексикалык катмарын, стилдик өзгөчөлүктөрүн салыштырып байкоого болот. «Ак боз ат» драмасы тарыхый чыгарма болгондуктан, анда тарыхый- архаикалык сөздөрдүн арбын болушу – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул тарыхый жанр үчүн абдан маанилүү болуп эсептелет. Анткени тарыхый көркөм чыгармада автор өзүнүн каармандарын өзү жашаган доордун түшүнүгү боюнча баалабастан, алардын мезгилине жараша баалашы керек. Алардын көзү менен карап, алардын турмушу менен жашап, алардын акыл-эсинин өнүгүшүнө ылайык ойлош керек жана өзүнүн окурмандарына да так ушундай көз караш түшүндүрө билүү керек деген А.Н. Добролюбовдун талабы драманын ремаркаларындагы автордук баяндоолорго да тиешелүү.

Көркөм чыгармада табиятты, окуянын өтүп жаткан ордун, буюм-теримдерди, турак-жайларды сүрөттөөдө, ошондой эле каармандарга автордун мамилесин, анын чеберчилигин байкоодо автордун кебинин ролу чоң. Автордун кебин үйрөнүүдө драмалык чыгарманын жанрдык өзгөчөлүктөрү бир топ кыйынчылыкты туудурат. Анткени драмада автор дээрлик байкалбайт, бирок анын бардыгын автордун эскертүүлөрүн түшүндүрүп турган ремаркалар эске салып турат. Ремаркалар тигил же

бул окуяга, каарманга карата автордун баасын билүү үчүн тигил же бул шартта актер, художник, режиссер кандай аракет жасашы керектигин көрсөтүү үчүн кызмат кылат.

Кеңири автордук баяндоосуз, пейзаждык сүрөттөөсүз, портреттик жана автордук мүнөздөмөсүз драмалык чыгармаларда автордун кебине толук талдоо жүргүзүү мүмкүн эмес. Ошого карабастан, «Ак боз ат» драмасындагы ремаркалардагы жана көрүнүштөрдүн башындагы автордун кебин төмөндөгүдөй топторго бөлүштүрүүгө болот:

## 1.Автордук баяндоо жана сүрөттөө

Биринчи көрүнүш.

Караңгы. Иттин улуганы. Сурнай үнү. Жалгыз жылкынын дүбүртү, кишенегени. Жылаажындын шыңгыраганы алыстап жоголот. Муңдуу ыр угулат[34].

Бул автордук баян андан ары угулган арман ырына ылайык, Ак боз аттын кишенегени, дүбүртү, мойнуна тагылган коңгуроонун шыңгыраганы жөнүндө баяндап, ал үн алыстап, эл башына бир мүшкүл түшкөнүнөн кабарлап турат. Сахнадагы шарттуу элестердин сүйлөшүүлөрүнөн төмөнкү автордук баян окуучуну реалдуу турмушка алып келет.

«Кылычтын кыңгыраганы. Жоо-жаракчан Чарын. Бөйрөгүн таяна сепилге серп салат. Шамур, Мансур жана нөкөрлөр». (419-б.) Мугалим ушул баянда окуянын башталганын окуучуларга эскертиши керек. Андан соң Чарын сепилге кирүүнүн жолун билүү үчүн туткундарды суракка алмак болот. "Желдеттер Малике-Аярды, жигитти түртүп киргизишет, жигит жыгылып кетет" (420-б.) деген ремаркадагы автордун кеби окуянын уланышын шарттап турат.

Экинчи көрүнүштүн башталышындагы "Гүлбак. Ордо кыздары. Чынар теректеги селкинчекте ак олпокто көөлбүп термелген Эрке-Айым. Жанында көөкөр. Кыздар: бирөөлөрү терметип, бирөөлөрү желпип ырдашат." (426-б.) деген автордук сүрөттөө элдин абалына карандай контрасттуу сепил ичиндеги ордо турмушунан кабар берет. Ал эми экинчи көшөгөнүн биринчи сүрөтүндө: «Жашыл жылгалар. Чалкалаган түздө айылдын чети. Жортуулчулардын коругу. Зоока түбүндө бири-бирине каланган найзалар, айбалталар, кылычтар. Арткы катарда жасайыл атып, жаа чойгондор. Барскан, балка чаап узангандар. Көкөөрдөн суусун сунган зайыптар. Алдыңкы катарда Думана, Малике-Аяр» (445-б.) деп берилген автордук сүрөттөө андан кийинки Жаныбек хандан күдөр үзүп, өздөрү биригип, душманга жоортуулга даярдык көрүп, көтөрүлгөн элден кабар берип, драманын окуясынын өсүшүнүн чыңала баштаганын билдирет. Сегизинчи көрүнүштө драманын окуясы аяктап, эл жеңишке ээ болуп, Ак боз ат элге тийип, Думана сапарын улантат:

---

[34] Садыбакасов Ш. Кең дүйнө. -Ф.: Кыргызстан, 1976, 416-бет.

**Эскертүү:** Мындан аркы автордук кеп ушул китептен алынып, бети гана көрсөтүлөт.

«Кете баштайт (Думана – У.Ж.). Баары аны узата карашат. Жылаажын шыңгырайт. Жылкы кишенегени угулуп, Ак боз аттын элеси тартылган көгүлтүр туу желбиреп өтөт. Сахна дүбүрткө толо берет» (467-б.) деген автордук баян драманын башталышындагы... «Жылаажындын шыңгыраганы алыстап жоголот. Муңдуу ыр угулат» деген баянга контрастуу келип, элдин жеңишин даңазалаган дүбүрттүн шаңы менен бүтөт.

Жогорудагы автордук баян, сүрөттөөлөр, биринчиден, сахнадагы көрүнүштү, декорацияны түзүүгө, музыка тандоого, каармандарды кантип жайгаштырууга кызмат кылса, экинчиден, драманын окуясынын жүрүшүнөн кабар берип турат.

## 2. Каармандардын образын ачууга багытталган ремаркалар

Драманын текстиндеги ремаркалар каармандын психологиялык абалын, мүнөздүү сапаттарын көрсөтөт. Мисалы, Эрке-Айымдын эркелигин, камкордукка көпкөн текебердигин ачуу үчүн төмөнкү автордук ремаркалар жардамга келет.

Э р к е - А й ы м. Бутумду ушалагыла, колумду кармагыла.
**(ыргып туруп, кайра кулап кетет...)**
Э р к е - А й ы м. Шербет... аный шарап! (кыздар шарап сунушат).
Ууртаткыла теңин **(ууртабай кулайт),**
Өх, ысыдым (кыздар желпийт).
Шамал болуп кетти. Үшүдүм.
(Айым ордунан туруп, көөкөрдү серпип салат. Кыздар селейишет). ( 426-б.)
Э р к е - А й ы м. **(чачын Жаныбектин мойнуна ороп)**
Орго түшсөң тартып алам.
Ж а н ы б е к. Орго салбайсыңбы?..
Э р к е - А й ы м. **(башын чайкап, шык этип)**
Чачың узун дебедиңби. Акылымчы?.. (428-бет).
Э р к е - А й ы м. **(кылыктанып)** Ханым, уктайм тизеңе.
Эс алам, чарчадым. Келчи, ханым.
(Кыздар бешик көтөрүп киришип, Эрке-Айымдын жанына коюшат). (428-бет)
Ж а н ы б е к. Хан эмес, кулда да бар жакшы тилек.
Айым, маңдайымды жаркыратасың кайсы күнү,
Ак ордомо тутка болор уул төрөп...
Э р к е - А й ы м. Уул төрөп? (селкинчекке олтурат)
Бала ордуна мени эркелет.
Мени жытта, мени термет,
Шарап! (кыздар шарап сунушат, терметишет. Айым көшүлөт). (428-б.)
Э р к е - А й ы м. Ханым... Жаныбек кайда кетти?

Магдыратып боюмду жазбай,
Шаан-шөкөт курдуруп, кабагымды ачпай.
Катынды катындар менен тегеретип...
Анан тууп бер дейт, тууйм сага!
Эй, сойкулар, кайдан таптыңар,
көргөзбөгүлө мага.
**(Бешикти тээп жиберип, темтеңдеп)**
Жөлөгүлө мени **(кыздарды кагып).**
Ийе, сыным туташып турат.
Барып камдагылачы, бээнин сүтүнө жуунам...(429-б.)

### 3. Тике айтылган сөздүн кимге багытталганын көрсөткөн ремаркалар

Драмада окуя каармандардын диалогунда өнүгүп, аны түшүнүү ремаркалардагы автордук эскертмесиз, түшүндүрмөсүз кыйынчылыкты туударарын окуучуларга айтып, текстти окууда ремаркаларга көңүл бурууну үйрөтүү зарыл.

Ж е л д е т. (Чарынга) Таксыр, жүргөнү шектүү,
тиктегени кектүү думана тузагыңызда. (461-б.)
Э р к е - А й ы м. (Думанага). Ата... айланайын ата?! Олуя ата? (461-б.)
Ч а р ы н. Ата?! Атам дейби (Эрке-Айымга) Бул атаңбы? (461-б.)
Д и л д е - А й ы м. (Айшага) Өлүгүңдү көрөйүн титиреген. (Ирбиске)
Кагылайын, ме, мына жамбы. (Айша-Айымга)
Сен да бер. (Ирбиске)
Ал шерменденин көзүн ыкчам тазала. (433–434-бб.)

### 4. Каармандардын эмоционалдык абалдарын көрсөткөн ремаркалар

Ч а р ы н. (Чарт жарылып)
Ат мингизбей эринин кендирин кесем...
Элинин үмүтүн кыркам! (419-б.)
Д и л д е - А й ы м. ( өңгөчүн тартып) Өбөбү?
И р б и с. Имере кучактап, алкымынан жыттап, тилин соруп...
Ди л д е - А й ы м. (силкинип) И-ий, айтпа аркысын...
И р б и с. Өлүп баратасыңбы?
А й ш а - А й ы м. (ыйламсырап) Мен кетейинчи. Кичинекей
кызым ыйлаак эле. (433-б.)

Үчүнчү көрүнүштө Ирбис менен Шамур Эрке-Айымга Чарындын белегин берип, айткандарына көнбөсө, Жаныбек ханга айтабыз деп коркутушат. Ошол сценадагы Эрке-Айымдын абалы «Эрке- Айым

эчкирип жиберет», "ыйлап отура калат", «Эрке-Айымдын эси эндирейт» деген автордук сыпаттоолор менен берилет.

Ремаркалардагы автордун көрсөтмөлөрү окурмандын элестетүүсүнө да жардам берет. Мисалы, «Кымкабын желбегей жамынып Жаныбек кирет» (442-б.), «кылычты мизинен өөп, маңдайына тийгизип» (442-б.),«келин жигиттин көкүрөгүнө башын жөлөйт» (451-б.), «чачынын учун Чарынга ыргытып» (457-б.),«таш короо жактан тентендеп Эрке-Айым. Баягы ордо кыздарынын ыр-обондору кулагында. Кементайчан, каруусунда көнөчөк, эки жагын карана отура калып, көнөчөктү шыпкайт, жалайт» (459-б.) деген ремаркалар окуп жатканда эле сахнадагыдай элестүү картиналарды көз алдыга тарта алат.

Көркөм чыгарманын тилин окуучуларга үйрөтүүдө мугалим чыгармада катышуучу каармандардын социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, кесибине, индивидуалдуу мүнөзүнө, жаш курагына ылайык ар биринин өзүнчө кеби боло тургандыгын түшүндүрүүгө милдеттүү. Анткени чыгарманын идеялык багытын, образдарды жана алардын мүнөздөрүн ачууда каармандардын речинин мааниси өтө чоң[35].

Залкар окумуштуунун бул ою, айрыкча, драмалык чыгармалардын тилине мүнөздүү, себеби драманын тили жалаң гана каармандардын диалог, монологунан турат. «Драмалык чыгармаларда ар бир каарман өз кеби менен сүйлөйт. Эгерде бул эреже бузулуп, каармандардын ордуна драматург өзү сүйлөп койсо, реалдуулук бузулат. Демек, ар бир каарман өзүнүн кимдигине, жашаган дооруна, кесибине жараша өз кеби менен сүйлөөгө тийиш. Бул драматургга сөз байлыгын пайдалануу жоопкерчиликтүү иш экендигин эскертет»,[36]- дейт профессор Ж. Шериев. Демек, драмада каармандын кеби биринчи орунда турат. Персонаждын мүнөзү, анын социалдык жүзү, жан дүйнөсүнүн абалы анын кебин жаратат. Ошондуктан драманы талдоодо персонаждын речи, анын өзүнчөлүгү дайыма көңүлдүн борборунда туруу керек. Ар бир драматург жазып жатып, пьесанын сахнада ойнолушу жөнүндө ойлойт. Көрүүчүлөр алдында каармандар белгилүү бир максатта аракеттенишет. Демек, сөздү аракеттин куралына айландыруу үчүн окуялардын жаралыш себептерин, катышуучу каармандын оюнун логикасын түшүнүү керек. Аракет менен сөз алардын жүрүш-турушунун бирдиктүү линиясын түзөт, башкача айтканда, сценада кеп каармандын өтүп жатканга, башка каармандарга мамилесин билдирип, автордун эң жогорку милдеттерин алып жүрөт. Ошондуктан драмада автордун позициясы, анын чеберчилиги да драмалык кептен (каармандын кебинен) билинет.

«Ак боз ат» драмасынын тилин талдоо жумушун текстти окуу, анын үстүндө иштөө жумуштары менен катар баштап, айрыкча, каармандардын тилине талдоону образдар системасын талдоо менен бирге жүргүзүүнү (методика илими талап кылгандай) сунуш кылабыз. «Ак боз ат» драмасынын негизги идеясы – киндик кан тамган жерди сырткы

---

[35] Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. -Ф., Мектеп, 1976, 103- бет.
[36] Жээналы Шери уулу. Адабият тааныткыч.- Ош, 1993. 57-бет.

душмандардан коргоп, көздүн карегиндей сактоо, ынтымакта жашоо, эл тагдыры үчүн кам көрүү. Бул идеяга эл тагдырын жеңил ойлуу жетекчиге ишенип тапшырбоо, байлык, бийликтен жогору турган элдин биримдигин даңазалоо, көчмөн элдин турмушундагы күлүк аттын ролун баса белгилөө, өз кызыкчылыгын жогору койгондордун өкүнүчтүү тагдырлары сыяктуу майда идеялар баш ийдирилген. Бул идеялар драмада эл акылмандары: Малике-Аяр менен Думананын, элдин хандары: Жаныбек менен Чарындын, алардын жигиттери: Жанкозу, Ирбис, Шамур, Мансурлардын, эл өкүлдөрү: Кулан, Сулайман, Лайлумдардын жана жеңил ойлуулугунун кесири көп элге тийген Жаныбек хандын эрке катыны Эрке-Айымдын образдары аркылуу жүзөгө ашырылган.

Каармандардын образдарын ачууда алардын речтеринин өз-өзүнө жараша туура, таамай, кыска, табышмактуу, макал-лакап, учкул сөздүү, өтмө, каймана маанилүү түзүлүшү драматургдун тил байлыгын, тилге мамилесин, драмалык кеп жаратуудагы чеберчилигин билдирип турат.

«Драманын биринчи эле көрүнүшүндө жунгар ханы Чарындын, анын кол башчылары Шамур менен Мансурдун, желдеттеринин баскынчылык, талоончулук иш-аракеттери графикалык штрихти элестеткен деталдар менен таасын, элестүү тартылат. Алардын ар биринин кулк-мүнөзүнө ылайык кеп-сөзү, жүрүм-туруму бар. Ал эми мындай эффектиге жетишүү үчүн драматург кыйла изденүү машакатын тартканы сезилет. Каармандардын сөздөрүнүн учкул кептей канат байлап, макалдатып айткандарынын экспрессивдүүлүгү драматургдун сөз менен мүнөз жана кырдаал жаратуудагы дараметтүүлүгүнөн толук кабар берет»,- деп жазат кыргыз адабиятын окутуунун методикасын түптөгөн окумуштуулардын бири Б. Алымов. Окумуштуунун бул оюн К. Иманалиевдин:... «чыгарманын тилинин тактыгы жана кооздугу дайыма кооздолгон сөздөрдөн, салыштыруу, эпитет, гипербола, жандандыруу жана башка ушул сыяктуу троптун түрлөрүнөн турат деп түшүндүрүп келе жаткан мектеп практикасында кездешип жүргөн пикирлердин бул бир жактуу, туура эмес экендигин окуучулардын дайым эстерине салуу зарылчылыгы келип чыгат» деген ою менен толуктап, «Ак боз ат» драмасынын тили көркөм сөз каражаттары менен гана так, образдуу, көркөм болбостон, анда жөнөкөй гана сөз, сөз айкашы өз ордунда салмактуу да, таасирдүү да, кооз да көрүнөрүн окуучуларга жеткирүү керек. Автор сөзгө өтө сараң, бир да ашыкча айтылган сөз жоктой драмада. Мисалы, Эрке- Айымдын «Аний ханым, мен башка бирдеме жейм, кырк кара кой сойдуруп, шыймылчагын чактырып, чучугуна күрүч бастырып бер. Жейм», – деген кебинде “жейм” деген сөз эки жолу кайталанат, бирок кайталоо орунсуз эмес. Автор жөнөкөй гана сөздү кайталоо менен Эрке-Айымдын эси жок эркелигин, жаш балача чоёңдогон обу жоктугун баса белгилеп жатат.

Төмөндө биз образдарды талдоо аркылуу драманын тилине да талдоо жүргүзүү учурларына учкай токтолобуз. Драмада Малике-Аярдын, алтын таяк Зулайканын, Думананын мүнөздөрү аркылуу эл

ичинен чыккан акылман адамдардын тунук көз караштары, терең ой-жүгүртүүлөрү берилген. Элди эл кылып сактап, ордолуу журтту журт кылган мына ушундай асыл сапаттарга эгедер даанышман адамдар ар убакта керек экендиги жөнүндөгү автордук идея драманын тулку боюн тепчип өтөт.

Бул каармандардын мүнөздөрү өздөрүнүн кептери, аракеттери менен ачылат, демек, драмалык каарман «өзүн-өзү ачып берүүчү каарман» экендигин окуучулар билишет. Бакай сыяктуу элдин кеңешчиси Малике-Аярдын кебин талдап көрөлү. Малике-Аяр менен биз драманын биринчи көрүнүшүндө Чарынга сурак берген жерден жолугушабыз. Чарындын: «Сепилди ким салган, Жаныбек Ак боз атты кайдан алган?"- деген суроосуна

Малике-Аяр. Атың хан болгону менен
башың маң бейм,
Сөздү көчүк басып угат (олтурат).
Элдин жайынан мурда,
Хандын сарайын сурадың.
Хандын адеби ушундай болобу?
Чарын. Какбаш!
Малике-Аяр. Алар башым, жашаар жашым азыраак.
Башым сабагында калчылдап араң турат.
Сага хан керек болсо, мал керек болсо,
Байлап кетпейсиңби Жаныбекти,
Коштоп жөнөбөйсүңбү Ак боз атты.
Калжаңдатып менде эмне жазык?!
Канкакшатып элде эмне жазык?!
Чарын. Эл... Эл имиш... уучума толбойсуң.
Малике-Аяр. Уучтап элди ченебейт,
Кочуштап малды санабайт.
Чарын. (сакалдан алып). Курч тилиңди курч менен кесейин.
Малике-Аяр. А коңтаажы, сабыр тут, бычагың курчпу?
Иттериңдин багып өлтүргөнүнөн арстандын
чалып өлтүргөнү абзел. Өзүң өлтүр. Сенден
өлсөм зор экемин. Элимдин арты кор болбойт.
Чарын. Курч тилиңди курч менен кеспейин (кылычын кынына урат).
Сага кылыч камдап кемпай бекемин.
Сакалыңды коркутканым.
Малике-Аяр. Сакалым кестигиңден коркпойт.
Сакалым... убададан коркот!

Жогорку диалогдогу Малике-Аярдын кебине окуучулардын көңүлүн буруп, эң алдын драматург анын жаш өзгөчөлүгүнө, мүнөзүнө жараша кеп таап бере алгандыгын белгилөө керек. «Алар башым, жашаар жашым азыраак», «калжаңдатып менде эмне жазык», «сакалым кестигиңден коркпойт» деген кеп жаштарга, аялдарга эмес, жашы улуу,

кары адамдарга мүнөздүү. «Атың хан болгону менен башың маң бейм», «сөзду көчүк басып угат» деген учкул сөздүү, фразеологиялык айкалыштуу (көчүк басуу – бир аз отуруу, эс алуу[37]) кеби, отуруп алышы мүнөзүнүн тайманбастыгынан кабар берет. Ал Чарындан коркпойт, себеби анын артында бүтүндөй бир уруу эл турат. «Уучтап элди ченебейт, кочуштап малды санабайт» (учкул сөз), «иттериңдин багып өлтүргөнүнөн арстандын чалып өлтүргөнү абзел» (метонимия), «сакалым кестигиңден коркпойт, убададан коркот» (жандандыруу) деген сөздөрүнөн Малике-Аярдын Бакайдай акылман, нускалуу карыя экендигин билүүгө болот.

Курч, таамай, баарынан да, жандуу, жүйөөлүү айтылган сөз Чарындын суурулган кылычын кайрадан кынына салат.

Сөзгө жеңилген Чарын «таштай катуу, кебездей жумшак карысы бар, жылдыздай бийик, айдай тунук намысы бар – бул эл менин элим болсочу» деп арман кылат. Биз жогоруда Малике-Аярдын Чарын менен диалогунун алгачкы бөлүгүнө гана талдоо жүргүздүк, ушундан эле Малике-Аярдын ким экендиги, кандай адам экени билинди. Андан аркы Жаныбек менен диалогу, жортуулчулар менен полилогу, акыркы көрүнүштөгү Думанага, элге берген батасы анын бул сапаттарын бекемдеп, толуктап элдин башын кошуп, керек учурунда элдик жетекчинин (Жаныбектин) ролун аткарган эл адамы даражасына жеткирет. Ушундай типтеги талдоону ар бир каармандын мүнөзүн ачууда жүргүзүүгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, көркөм чыгарманын тилин талдоо жумушу үчүн "Ак боз ат" драмасын тандап алуу максатка өтө ылайыктуу, себеби драманын тили элдик учкул сөздөргө, макал-ылакаптарга, каймана, өтмө маанилүү сөздөргө (тропторго), фразеологизмдерге өтө бай. Тексттен оозеки кепке мүнөздүү болгон диалектизм, варваризм, вульгаризм сөздөрдү да кезиктирүүгө болот. Каармандардын кептери мазмун жагынан өтө сыйымдуу, экспрессивдүү жана эмоционалдуу. "Ак боз ат" драмасы тилинин байлыгы, сыйымдуулугу, кыскалыгы, тактыгы, курчтугу, эмоционалдуулугу жагынан мектеп программасына кирген башка драмалардан кескин айырмаланып турат.

## II. Көркөм сөз каражаттары

Көркөм сөз каражаттары жөнүндөгү билимдердин системасы 5-класстан 11-класска чейин көркөм чыгарманы үйрөнүүгө байланыштуу жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга баруучу дидактикалык жол менен берилип отурат. Көркөм сөз каражаттарынын эң жөнөкөй түрү салыштыруу жөнүндө «Манастын бала чагына» байланыштуу алгачкы түшүнүк берилип, ал А. Осмоновдун «Кыргыз тоолору» ырын үйрөнүүдө тереңдетилип, андан ары конкреттүү чыгармалардын көркөм сөз каражаттарын жалпы талдоолордо толукталып, бекемделип отурат.

---

[37] Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. -Ф. Мектеп,1980. 189 – бет.

Көркөм чыгарманын идеялык маңызын ачуу максатында сөз өз маанисинде эле эмес, өтмө мааниде да, каймана түрүндө да пайдаланылат. Сүрөттөп жаткан көрүнүштүн же мүнөздүн маңызын ачуу үчүн сүрөткер тилдин ар түрдүү каражаттарын пайдаланат. Тилдин көркөм сөз каражаттары адабият таануу илиминде троптор деп аталат. Аларды жөнөкөй (эпитет, салыштыруу) жана татаал (метонимия, метафора, ирония, гипербола, литота, синекдоха, перифраз, жандандыруу) деп шарттуу түрдө экиге бөлүп жүрүшөт. Татаал тропторго өтмө, каймана маанидеги көркөм сөз каражаттары кирет.

**Эпитет** – (грек. түшүндүрүү) кандайдыр бир нерсенин, окуянын, адам мүнөзүнүн мүнөздүү бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүп берүүчү троптун түрү[38]. Эпитеттер буюмдун же окуя, кубулуштун, адам мүнөзүнүн сапатын, тек жаатын, башкалардан айырмалуу касиетин жекелештирүү үчүн речти көркөмдөөгө жардам берет.

«Ак боз ат» драмасындагы эпитеттерди мисалга тартабыз:

Д у м а н а. О, жараткан! Ыраазымын жалган дүйнө жыргалыңа,
дооматым жок ***кызыл камчы*** жылдарыңа[39].
Ч а р ы н. Ак боз ат.. **жебенин огу жетпеген, жез тумшук болсо**
**тепсеген. Желесин суурул чыккан** кайран күлүк.
Ш а м у р. Улуу даражалуу тайши,
Кызыл куйруктуу нар,
Кыпкызыл алтын, түмөндөлгөн мал, **алгыр куш, каз**
***моюн, кара көз*** келин-кыз баары сиздин ак сарайыңызга жөнөтүлдү.
(420-б.)
Ч а р ы н... Хандын ***эрке*** катынын азгырып,
Чептин ичин былдырсө,
Боз жоргону колума тийгизсе,
Кызымды калыңсыз берем. (424-б.)
Э р к е - А й ы м Мүнөзү ***саңоор,*** кабагы ***бийик,***
Ичи **кенен,** этеги **жайык,**
Өңү жарык, өзү да жарык,
Бир эрдин колун аңсагам... (456-б.)
М а л и к е - А я р. (Зулайкага)
Жарты башты бүтүн кылган,
Жалгыз башты түтүн кылган, ***умай эне,***
Эрди тууган, элди тууган ***кудай*** *эне.* (_431-б.)
Ж а н к о з у. (кылычын мизинен өөп, маңдайына тийгизип)
**Төбөсү ачык** көк урсун!
**Төшү түктүү** жер урсун! (416-б.)

---

[38] Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. Түзгөндөр: Ж. Шариев, А. Муратов. – Ф., Мектеп, 1987, 115-бет. **Эскертүү:** Мындан ары берилген аныктамалар да ушул китептен алынды.
[39] Ш. Садыбакасов. Кең дүйнө. -Ф. Кыргызстан.- 1976, 417-бет.
**Эскертүү:** Мындан аркы үзүндүлөр да ушул китептен алынат, кайталабоо үчүн үзүндүнүн астына бети гана көрсөтүлөт.

**Салыштыруу** – кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү толук жана конкреттүү көрсөтүп берүү үчүн биз аны башка нерсе, көрүнүш менен окшоштурабыз, алардын жалпы белгилерин, окшош жактарын көрө билип, салыштырабыз. Мындай көркөм сөз каражаты *салыштыруу* деп аталат.

Ч а р ы н. ***Табылгынын чогундай*** көзүңдү кызартасың,
***Сөөлжандай*** *сөзүңдү* узартасың. (422-б.)
Ч а р ы н. ***Таштай*** катуу, ***кебездей*** жумшак карысы бар,
**Жылдыздай бийик, айдай тунук** намысы бар, бул эл - менин элим болсочу. (423-б.)
З у л а й к а. ***Ак чүштөдөй*** жүз аарчыма ороп туруп, таштап салбай не болдум! (432-б.)
М а н с у р. ***Кара зоодой мелтиреген*** капкаларын жапты.
Жасайылчылар ***жамгырдай*** төгүп жаа тартты.
Д у м а н а. Ак! Ак!..
**Ак** ***элечек*** о керме тоо,
**Ак** ***үлкүнчөк*** о керме тоо...
Ч а р ы н. Аттары ***ыргайдай***, өздөрү ***торгойдой*** болгондо, күркүрөп маңдайынан ажал чабам.

**Метафора** – (грек. өтүп кетүү) бир нерсени, көрүнүштү башка бир нерсе же көрүнүш менен атоо. Салыштырууда белгилери бар бир нерсе башка бир нерсеге салыштырылып, ал экөөнүн тең касиеттери бирдей даражага ээ болуп турса, метафорада биринчи нерсе такыр жоголуп, анын экинчи нерсеге өткөн белгиси гана калат.

М а л и к е - А я р. Бир заманда эл курган.
Билгендер **чым** болуп калган. (422-б.)
М а л и к е - А я р. Алар башым, жашаар жашым азыраак.
Башым **сабагында** калчылдап араң турат. (421-б.)
З у л а й к а... **Кызыл эт** элең кол башындай,
Эми **чоң казан эт** болгонунда...
Кылганың, айтканың мындай.
Оо-оо, кудай-ай!.. ( 432-б.)
М а л и к е - А я р... Журтчулугум алсырады...
**Жапайы арстандарым** кансырады... (451-б.)
К е л и н... Ак бешикке уулуңду бөлөп,
**Ак элечегиң** болгону келгем... (451-б.)

**Метонимия** – (грек. кайта атоо) эки түшүнүктүн ортосундагы логикалык жакындыкка негизделген окшошпогон көчүрмө. Метафорада бири-бирине окшош предметтер жана алардын белгилери көчүрүлсө, метонимияда бири-бирине кандайдыр бир алакасы бар, бирок окшошпогон предметтердин белгилери алмашылат.

Ж а н ы б е к. Элчи менен ырчыга өлүм жок, болбосо...
**Кангай** менен мен чабышкам,
Мен алышкам. (431-б.)

Мында калмактардын “кангай” деген ураан сөзү калмак деген сөздүн ордуна колдонулуп жатат.

М а л и к е - А я р. А коңтаажы, сабыр тут, бычагың курчпу? **Иттериңдин** багып өлтүргөнүнөн **арстандын** чалып өлтүргөнү абзел. (422-б.)

Ч а р ы н. Эл – саман...
Силер саманды сапырдыңар,
Алардын **зардалуусу** аман. (423-б.)
С у л а й м а н. Байке, эл чаап, атак алганы келбедик,
Кан агызган **мүйүздү** жоолоп келдик.

Ч а р ы н. Курч тилиңди **курч** менен кеспейин. (Кылычын кынына урат). (422-б.)

**Жандандыруу** (гр. жүз жасоо) – жансыз заттарды адамдардын сапаттарына ээ кылып сүрөттөгөн стилистикалык фигура, троптун бир түрү. Айбанат же жансыз зат адамдарча сүйлөп, сезип, ойлоп сүрөттөлөт.

М а л и к е - А я р. Сакалым кестигиңден коркпойт,
Сакалым... убададан коркот! (422-б.)

**Гипербола** (гр. апырта сүрөттөө) – көркөм адабиятта, өзгөчө фольклордо предметти, чыгарманын каарманын адаттан тышкары ашыра сүрөттөө. Гипербола – салыштыруунун өтө апыртылган түрү. Ал көбүнчө фольклордук чыгармаларда кездешет. Кыргыз элинин баатырдык эпосторунда аябай арбын. “Ак боз ат” драмасы элдик баатырдык уламыштын негизинде жазылгандыктан, төмөнкүдөй гиперболалар кездешет:

К у л а н. Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Чымын консо шыңгыраган,
Шамал тийсе кыңгыраган,
Ач албарс мына, аба. (447-б.)
И р б и с. Жолборсту кынжылап минген,
Жоосуна арстандай тийген.
Карып мискини жок,
Мүлдө калкы кылторко кийген.
Ак сарайын чанып таштап,
Бөкөн кууп бөксөдө жүргөн.
Айланайын Айымга шамдай күйгөн
Коңтаажы баатыр... (436-б.)

**Литота** (гр. жөнөкөйлүк) – гиперболага карама-каршы сүрөттөөнүн бир түрү. Эгерде гиперболада сүрөттөлүүчү көрүнүш апыртылып берилсе, литотада, тескерисинче, кичирейтилип сүрөттөлөт.

Д у м а н а. Малым, малым о дейсиңер,
Малың тоонун о чымчыгы.
Үйүм, үйүм о дейсиңер,
Үйүң токой о чырпыгы. (417-б.)

Көркөм сөз каражаттарын драманын текстинен бөлүп алып кароо формалдуулукка алып келет. Бирок троптун тигил же бул түрүн түшүндүрүүгө арналган сабакта бөлүп кароого болот. Мындай бөлүп кароо ошол троптун көркөм тексттеги ролун, маанисин түшүнүү үчүн болуп жаткандыгын окуучулар түшүнгүдөй болсун.

«Тилдеги сөздөр сүрөткердин казанында кайнап, сөздүн чын маанисиндеги «чыгармага негизги материал» болуш үчүн көркөм ойдун көрүнүшүнө, көркөм ойду жаратуунун каражатына айланышы керек, көркөм сөз кунарлуу ойдон гана жаралат. «Ою арсыздын тили арсыз» (Л.Толстой). Демек, көркөм тил, анын куллурган каражаттары – адабият жөнүндөгү илимдин эң өзөктүү маселелеринин бири», – деп жазган профессор Ж. Шериев. Көркөм чыгарманын тили кептин башка түрлөрүнөн ойду образдуу бериши менен айрымаланат. Ошондуктан биз жазуучуларды элдик тилдин чексиз мүмкүнчүлүктөрүн ишке салган устаттар деп билебиз.

Жыйынтыктап айтканда, "Ак боз атты" окуган соң анын тилинин ширелүүлүгүнө айныбай ынанасың. Мындагы макал-лакаптар, унутулуп бараткансыган сакадай бою сары алтын сөздөр, эски ырлар, азил-аскиялар ышкыңды козгобой койбойт. Анын үстүнө "Ак боз ат" менен "Керме тоонун" стилинин бир өзгөчөлүгү аларда кадыресе кара сөз менен жорго сөз, кадимки ыр алмак-салмак колдонулганында. Бул кезегинде пьесанын көркөм эмоциялык кунун ашырат".[40]

[40] Пазылов А. Садыбакасовдун "Ак боз ат".// Кыргызстан маданияты, 1989, 15-июнь.

# III БӨЛҮМ

## Драманы окутуу аркылуу окуучулардын оозеки жана жазма кебин өстүрүү

### I. «Ак боз ат» драмасын окутуу аркылуу окуучулардын оозеки кебин өстүрүү

Методикада байланыштуу кепти өстүрүүчү жумуштардын классификациясы жөнүндөгү проблема – али жетишерлик иштелбеген маселелердин бири. Мындай жумуштарды, адатта, максаты боюнча: үйрөтүүчү жана текшерүүчү; иштин өтүү орду боюнча: класста жана үйдөн аткарылуучу; ойду берүүнүн формасы боюнча: оозеки жана жазма, ал иштер талап кылган окуучулардын ойлоо операциялары боюнча: аналитикалык, аналитика-синтетикалык, синтетикалык деп бөлүп жүрүшөт[41].

Жогорудагылардын үч тобу сырткы мүнөзгө ээ. Алар ар кандай жумуштарга тиешелүү, ошондуктан окуучуларды текст түзүүгө үйрөтүүдө иштин маңызын ача алышпайт. Акыркысы таза логикалык мүнөздө болуп, окуучуларды даяр текстти анализдөө, синтездөөнүн негизинде өзүнүн текстин түзүүгө үйрөтөт. 9-класста «Ак боз ат» драмасын окутуу аркылуу окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн жол, ык, усулдарын кеп өстүрүү иштеринин оозеки жана жазма формасы боюнча бөлүп карайбыз.

Окуучулардын оозеки байланыштуу кебин өстүрүүдө, калыптандырууда чыгарманын мазмунун оозеки кайра айтып берүү иши негизги ыкмалардын бири болуп саналат. К. Иманалиевдин методикасында бул иштин милдеттери катары төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн:

1. Адабий фактыларды (чыгарманын сюжетин, образдарын, идеясын) окуучулардын эсине бекем сактап калышы үчүн жардам берет.
2. Окуучулардын оозеки жана жазуу речтерин өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Окуучу окуган тексттин лексикасынын жана фразеологиясынын негизгисин эсинде кармап калып, ошолорду өз

---

[41] Методика развития речи на уроках русского языка. Книга для учителя. Под редакцией Т. А. Ладыженской. – Москва, Просвещение, 1991. с. 189.

сөздөрүнө аралаштырып айтып жана жазууга үйрөнүшөт да, сөз байлыктарынын өсүшүнө мүмкүнчүлүк алышат.

3. Оозеки айтып берүү окуучулардын билим деңгээлин жогорулатат[42].

Оозеки кайра айттыруу текст менен болгон жумуштардын ар кандай процесстеринде: текстти бир сыйра окуп чыккандан кийин, план түзүүнүн алдында, план түзгөндөн кийин, талдоо учурунда, андан соң жыйынтыктоо мезгилинде колдонулат. Айттыруу сабактын мүнөзүнө, чыгарманын көлөмүнө жана сабактын максатына жараша болот.

Окуучулардын оозеки кайра айтып берүүлөрүнүн тексттеринин мазмуну, тилдик каражаттары, сөздөрдүн туура, орундуу колдонулушу, сүйлөмдөрүнүн туура түзүлүшү, композициялык жактан туура курулушу, көркөмдүгү, кыскалыгы, уккулуктуулугу (оозеки кепке мүнөздүү интонациянын каражаттарынын туура колдонулушу) дайыма мугалимдин көңүлүнүн борборунда турганда гана окуучулардын байланыштуу речин өстүрүүнүн натыйжалуулугуна жетишүү мүмкүн.

Биз төмөндө «Ак боз ат» драмасын үйрөнүү процессинде чыгарманын мазмунун оозеки кайра айтып берүүнүн түрлөрүнө, өзгөчөлүктөрүнө жана ыкмаларына токтолобуз:

**1. Драманын мазмунун толук, текстке жакындаштырып айттыруу**

Айтып берүүнүн бул түрү көлөмү чакан, сюжеттик линиясы жөнөкөй чыгармаларды же белгилүү бир окуянын аяктаганын толук көрсөткөн үзүндүлөрдү окуп бүтөрү менен колдонулат. Мунун бирден-бир максаты – окуучулардын адабий тилди активдүү пайдалануусуна жетишүү. Ошондуктан мугалим окуучулардан автордун сөзүн, речтик курулмаларын, стилдик манерасын пайдаланып айтып берүүлөрүн талап кылат. Толук кайра айттыруу окуучулардын текстти толук өздөштүрүшүнө жана материалды өз алдынча түшүнүшүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

Чыгарманын мазмунун оозеки толук айтып берүү негизинен үч учурда жүргүзүлөт.

1. Чыгарма окулуп бүтөрү менен айттыруу.
2. План түзгөндөн соң айттыруу.
3. Талдоодон кийин айттыруу.

Мындай айттыруу V-VII класстарда баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү мүнөзүндөгү тексттерге карата колдонулганы менен программалык окуу материалын толук камтыбашы керек, башкача айтканда, сабак сайын колдоно берүүгө болбойт. Оозеки толук кайра айтууну мугалим текстти үйрөнүүнүн айрым бир жолу катары кароосу керек. Текстке толук оозеки жакындаштырып айтууну IX класста кыскартып айтып берүү алмаштырат, себеби адабий билим берүүнүн бул этабында (VII-IX кл.)

[42] Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. -Фрунзе. Мектеп. 1976-. 50-бет.

окуучуларды чыгарманын окуясын толук айтып берүү эмес, андагы адеп-ахлак проблемалары кызыктырат, алардын көңүлдөрүнүн борборунда каармандардын жүрүш-туруштарынын мотивдери гана эмес, алардын санаркоолору, көз караштары, дүйнө таанымдары турат. Мисалы, 9-класстын окуучулары, «эмне үчүн Ш. Садыбакасов элдик оозеки сюжетке кайрылган» деген маселени талкуулоону каалашат.

## 2. Чыгарманын мазмунун оозеки кыскартып айтып берүү

Чыгарманын мазмунун оозеки кыскартып айтып берүү окуучудан кыска, так, ачык, даана сүйлөөнү талап кылат. Бул үчүн окуучу төмөнкү маселелердин үстүндө ой жүгүртөт: ошол чыгарманын идеялык мазмунун ачыш үчүн кайсы эпизод, айрыкча, мааниге ээ, кайсынысы жардамчы мааниге ээ болот; окуя, негизинен, кайсы каармандын айланасында өтөт; кыскартып айтууга кайсы каарманды алуу керек; окуялардын кайсынысын алып, кайсыларын калтыруу керек ж.б. Тексттин мазмунун оозеки кыскартып айтууда пландын жөнөкөй түрү колдонулат, анткени кыскартып айтууда чыгармадагы экинчи катардагы маселелер калтырылып, андагы негизги маселелер гана айтылат.

Ошондуктан айттыруунун бул түрүнө окуучуларды үйрөтүүнүн алгачкы учурунда V-VI класстарда мугалимдин жетекчилиги астында коллективдүү түрдө план түзүлүп, ага окуучулардын ар биринен жооптор алынууга тийиш. Анан ошол алынган жооптор окуучулар менен бирге талкууга алынып, акырында бир жыйынтыкка келүү керек. Мындай жооптордо окуучулардын ар кимисинин кошкон салымы болбой койбойт. Мында окуучулар кыска сүйлөөгө, экинчиден, активдүүлүккө үйрөнүшөт.

Кыскартып айтууга лирикалык ырлар, тамсилдер сунуш кылынбайт, анткени алардын мазмуну, камтыган окуялары ансыз да кыска болот. Класс жогорулаган сайын көлөмдүү чыгармалар кыскартып айттырууга сунушталат. 9-класста «Ак боз ат» драмасынын сюжети боюнча кыскартып айтып берүү иши төмөндөгүдөй жүргүзүлөт. Эң алды план түзүлөт:

1. Жаныбек хандын сепилин ала албай ачынган Чарындын жарлыгы кандай болду?
2. Ордо жыргалына карабай эмне үчүн Эрке-Айым Боз жоргону минип Чарынга качты?
3. Элден, Ак боз аттан ажырап калган Жаныбектин тагдыры кандайча болду?
4. Алданган Эрке-Айым Чарын тарабынан кандайча жазаланды?
5. Элдин жеңишин даназалаган окуялар кайсылар?

План боюнча окуучулардын кыскача жооптору болжол менен төмөндөгүдөй болушу керек.

1. Жаныбек хандын жылкысына тийип, элин туткундап, жерин басып, калмак ханы Чарын сепилдин түбүнө келип токтойт.

Туткундардын арасынан элдин екүлдөрү карыя Малике-Аяр менен жаш жигитти суракка алат.Сепилди ким курган? Кантип кирүүгө болот? Суу кай тараптан кирет? Ак боз атты кайдан алган?- деген суроолорго оң жооп ала албай, жигиттин тилин суурутуп, Малике-Аярды бошотот."Таштай катуу, кебездей жумшак карысы бар, жылдыздай бийик, айдай тунук намысы бар бул эл менин элим болсочу!"– деп арман кылат.

Толук жеңишке ээ боло албай, кыргыз жерин «камчыга ченеп бөле албай», кусаматы жүрөгүн күйдүрүп турган Чарын: «Ким ордого кирип, Эрке-Айымды азгырып, чептин ичин бүлүндүрсө, Боз жоргону колума тийгизсе, кызымды калыңсыз берем, ушул буруттарга (кыргыздарга) улук кылам!»- деп жарлык кылат. Бул жарлыкты аткарууга Шамурду тандап, анын жолуна атап, бир нече туткундардын баштарын алдырат.

2. Жаныбек хандын Айша-Айым, Дилде-Айым, Эрке-Айым деген үч аялы бар. Эң эркеси, сулуусу, жашы – Думананын кызы Эрке-Айым. Анын эркелиги ченде жок. Ордо кыздарына отуз түрдүү кылык көрсөтөт: ысып кетип желпинтет, үшүп кетип кебезге оротот, шарап сунса, кымыз ичем, бээнин сүтүнө жуунам дейт. Чынар терекке салынган селкинчекте терметишкен кыздарга бир туруп бутун, бир туруп колун ушалатат. Жаныбекке «тил жейм», «чучукка бастырган палоо жейм» эч аял кийбеген, эч адам билбеген бирдеме таап бер", "тизеңе уктайм" деп эркелейт. Анын бардык талабы аткарылат, ошентсе да ал мындан артык жыргалды эңсейт. Жаныбек хан Эрке-Айымды «Кашкардын ханынын кызы» деп жар салып, атасынан ажыратат. Думана кызын бир көрүүгө зар болот. Эрке-Айым да сыртын салат. Шамур менен Ирбис «Чарын сага арнап, ак мунара курдурду» дешип, Эрке-Айымды азгырып, ал гана эмес Жаныбекке айтабыз деп коркутуп алышат.

Жаныбек көрсөткөн жыргалдан да жогору, чоң жыргалды эңсеген Эрке-Айым кылыктанып, хандын көңүлүн алып, боз жоргосун сурайт. Чарындын аты оюлган алтын мөөрдү (алтын мөөрдү даванда күтүп тургандарга көрсөтүшмөк) Шамурдан алган Ирбисти кошуп алып, боз жоргону минип Эрке-Айым душманга качат.

3. Сепилдин сыртында калган элдин атынан Малике-Аяр, Кулан, Сулаймандар Жаныбекке келишип, алтын таяк Зулайка арачы түшүп жатып элдин: «Каран күн түшүп тунжурап турганда, хан казнасын чачып, курал- жарак камдасын, ага көнбөсө, Ак боз атты мине турган эр азаматка берсин!» – деген талабын айтышат. Буга чейин Жаныбек сепилге каровл коюп, өзү элди эсинен чыгарып, Эрке-Айымдын жанынан чыкпай койгон. Жаныбек элдин талабын четке кагат. Ачуусу келген Малике-Аяр: «Эл керек болсо, ханды бир күндө кул кылып, кулду бир күндө хан кылып алат!» – дейт. Жаныбекти бул сөз да эсине келтире албайт, тескерисинче, «кырылса кырылгандыр катын-карга, бала-сагызган» деп, караламан элди адам катары ойлобой, «Эсиңе кел!» деген энесин капа кылат. Ошентип, элден да, боз жоргодон да ажырап, жеке өзү душман менен беттешип, туткунга түшөт.

4. Эрке-Айым Ирбистин алдоосуна кирип, Чарындын азгырыгына ишенип, эң биринчи Жаныбек көрсөткөн жыргалдан артыгыраак жыргал издеп, «өңү да жарык, өзү да жарык» эрди эңсеп келип, алданганын билет. Чарын чачын кырдырып, кементай кийгизип, үй саадыртат. Эрке-Айым Чарындын кызы Лайлумдун тамагынан, жардамынан баш тартат. Туткунга түшкөн Жаныбек, атасы Думана менен бетме-бет келип, аларга арачы боло албаганына жаны кашаят, себеби анын көзүнчө Чарын Жаныбектин кулагын кесип, атасын өлүмгө буюрат. Эрке-Айым Боз жоргону бошотуп жиберет, бул үчүн Чарын аны эки азоого эки бутунан байлатып, эки жакка айдатып өлтүртөт.

5. Жаныбек хандан үмүтү үзүлгөн эл өзү душманга каршы көтөрүлөт. Жаныбектин жан жигити Жанкозу да элге кошулат. Элден чыккан усталар жоо-жарак даярдашат, жортуулга камынышат. Ошол учурда Чарындын кызы Лайлумду мергендеп жүргөн жеринен колго түшүрүп келишет. Малике-Аяр: «Кыз аты менен сулуу, кыздын кырк чачы улуу. Азар көргөзбөй, аттын жакшысын миңгизип, азем кийгизип, узатып койгула!» – деп буюрат.

Эл Малике-Аярга ак кымкап жаап, «эл башы» аташат. Ал ак кымкапты кош бойлуу келинге баласына ороо кылсын үчүн берип, эки ак бараңды Кулан менен Сулайманга асып, бирин жол башчы, бирин кол башчы шайлап, батасын берет.

Доолбас кагылып, сурнай тартылып, эл жортуулга аттанат.Ордо адамдары бири-бирин өздөрү мерт кылышат. Ирбисти Чарын өлтүртсө, Шамурду Лайлум, ал эми Чарынды өзүнүн жигити Мансур өлтүрөт. Мансурду Малике-Аяр: «Мойнуна жылан ороп, бетин көөлөп, арык төөгө миңгизип, элди кыдырткыла!» – деп буюрат.

Лайлум нөкөрлөрү менен ак желегин көтөрүп, жортуулчуларга кулдук уруп, жарашууга келет. Лайлум өлүмдөн куткарып калган Думана элге кошулат. Акырында Малике-Аяр Ак боз атты Думанага ыйгарат (драманын сюжети боюнча Ак боз ат – Думананын аты). Бирок Думана: «Ак боз атты эр минсин, мен дүйнө кезип Адам ата балдарына элге-жерге кесир кылбай, достукта жашоону жар салайын», — дейт. Ошентип,

Айланайын о жарандар,
Кагылайын о адамдар.
Сага тендеш о сел барбы!
Сага тендеш о бел барбы! – деп эл кыдырып жөнөйт.

Драманын окуясын оозеки кыскартып айттырууда мугалим драма жанрынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу бөтөнчөлүктөрдү эске алып, окуучуларды көшөгө, көрүнүштөргө бөлүнүп берилген окуялардын үзүндүлөрүн бириктирип, бүтүн текст түзүүгө үйрөтүшү керек. Мисалы, пландын акыркы суроосуна берилген жооптогу окуялар драманын композициясында төмөндөгүчө жайланышкан: экинчи көрүнүштө элдин «казнасын чачып, жоргосун берсин» деген талабын айтып, Малике-Аяр менен Кулан, Сулаймандардын келиши; бешинчи көрүнүштө жоого каршы эл чогулуп, жарак даярдашы, Жанкозунун элге кошулушу,

Лайлумдун эл тарабынан бошотулушу, Малике-Аярдын «журт башы», Куландын жол башчы, Сулаймандын кол башчы шайланышы, Малике-Аярдын батасын алып, элдин жортуулга аттанышы; сегизинчи көрүнүштө атасын Мансур атып өлтүргөн соң, Лайлумдун кыргыздарга кошулушу, Мансурдун эл тарабынан жазаланышы, элдин жеңишке ээ болушу, Думананын элдин күчүн даназалап ак урушу берилет.

### 3. Драманын мазмунун оозеки тандап айтып берүү

Чыгарманын мазмунун тандап айтып берүүнү кыскартып айтып берүүнүн бир түрү катары кароого болот. Эгерде кыскартып айтып берүүдө чыгарманын идеялык мазмунун ача ала турган негизги окуялар, темалар айтылып, экинчи катардагы маселелер калтырылса, тандап айтып берүүдө тандалып алынган маселе, тема майда-чүйдөсүнө чейин териштирилет.

Тандап айтып берүүнүн татаалдыгы тандалып алынган маселе үчүн материал топтоодон көрүнөт, мисалы, тигил же бул каармандын образын мүнөздөөдө, сөзсүз, анын тарыхын айтуу керек, а ал жөнүндө маалыматтар чыгарманын бир жеринде гана берилбейт, ошондуктан окуучунун алдына аларды ар кайсы бөлүмдөн, чыгарманын ар кайсы жеринен терип, таап алуу милдети коюлат. Айтып берүүнүн бул түрү IV класстан баштап эле жүргүзүлөт, класс жогорулаган сайын татаалдашып отурат. Жогорку класстарда окуучулардын өз бет алдынча план түзүүлөрүнүн жардамы менен ишке ашырылат. Ар бир каарманды ар бир окуучуга бөлүп берип айттырууга да болот.

Төмөндө биз «Ак боз ат» драмасындагы эл өкүлү Малике-Аярдын образын мүнөздөөдөгү тандап айтып берүү ишине токтолобуз.

IX класстын окуучулары төмөндөгүдөй планды, ал пландын негизинде оозеки тандап айтуунун текстин өз алдынча түзүүлөрүнө мугалим жетишүүсү керек:

1. Малике-Аяр туткунда.
2. Малике-Аярдын элчилиги.
3. Малике-Аяр – эл башы.
4. Малике-Аяр элдин жеңиши учурунда.

Окуучу пландын биринчи суроосуна жоопту I-көрүнүштөн табат: Туткунга түшкөн Малике-Аярды Чарын суракка алып, Жаныбектин сарайын ким салганын, Ак боз атты кайдан алганын, сепилге суу кай тамандан кирип, кай тамандан чыгарын сурайт.«Сарайды бир заманда эл курган, билгендер чым болуп калган, Ак боз ат асмандан түшүп же жерден чыккан жок, ал хандыкы, суу кайдан кирерин бир билсе тоодон, талаадан жашынган Жаныбек өзү же ээликкен Эрке-Айым билер, мен кайдан билейин»,

Сага хан керек болсо, мал керек болсо,
Байлап кетпейсиңби Жаныбекти,
Коштоп жөнөбөйсүңбү Ак боз атты,
Калжаңдатып менде эмне жазык?

Канкакшатып элде эмне жазык? – деп тайманбай жооп берет. Малике-Аярды Чарын сакалдан алып, кылычын кынынан суурат. Малике-Аяр башын тосот. Чарын өзүн токтотуп: «Тиги чачылган кыргыздардын сөөктөрүн жыйнап, көмүп, ыйлап жүрө бер, сага мындан артык жаза таппадым», – деп коё берет.

Экинчи суроонун жообу 2- көрүнүштө:

Малике-Аяр Кулан, Сулайманды ээрчитип, Жаныбектин энеси алтын таяк Зулайканы ортомчу коюп атып хандын сарайына кирет. Жаныбек ханга Малике-Аярды элчиликке эл жөнөтөт. Элдин талабы – «хан казынасын чачып, жоо-жарак даярдап берсин, ага кенбөсө, Ак боз атты берсин элге» деген талап. Жаныбек экөөнөн тең баш тартат. Малике-Аяр: «Кар да кетет бел калат, хандар өтөт эл калат... Чамгарактап калган экенсиң. Эл керек болсо, ханды бир күндө кул кылып, кулду бир күндө хан кылып алат!» – деп тике айтат. Жулунган Жаныбектин алдын Зулайка тосот.

Пландын үчүнчү бутагынын жообу V көрүнүштөн алынып, болжол менен төмөндөгүчө түзүлүшү мүмкүн: Ханды таштап, Жаныбектин жигити Жанкозу бир топ жигиттери менен (Малике-Аярдын уруксаты менен) элге кошулат. Малике-Аяр: "Мындан кийин кимдин ырын ырдап, кимдин камчысын чабарыңды билерсиң. Эрдин өмүрү бир, элдин өмүрү миң экенин унутпа, уулум", – деп кылыч тапшырат. Мергенде жүргөн жеринен колго түшүрүп, Чарындын кызын байлап келишкенде, Малике-Аяр жигиттерди уяткарып, азем кийгизип, жакшы ат мингизип, коё берүүнү буюрат.

Малике-Аярга ак бараң асышып, ак кымкап жаап, «эл башы» наамын беришет. Ак барандын оозун өөп: «Мен карыяң болсом, бул эки уулуң (Кулан, Сулайман) дарыяң болот! Бирөө жол башчы болсо, бирөө кол башчы болот!» – деп экөөнүн каруусуна эки бараңды асат да: "Курама жыйнап курч кыл, балдарым, куюккан таап журт кыл, балдарым, жакшы эрдин багын ыйкы-тыйкы эл байлайт, куру кыйкырып төгүлбөй, уйдун бөйрөгүндөй бөлүнбөй, аттангыла!" – деп батасын берет.

Ал эми төртүнчү суроонун жообу VIII көрүнүштөгү окуялардан алынат: Сурнай тартылып, жортуулчулар жыйнала баштайт. Лайлум нөкөрлөрү менен кулдук уруп, достошууну өтүнөт, Малике-Аяр кулдугун кабыл алат. Мансурдун мойнуна жылан ороп, бетин көөлөп, арык төөгө мингизип, элди кыдыртууну буюрат. Өз ханын өлтүрүп, элди касташтырганга ушундай жаза берет. Лайлум өлүмдөн куткарып калган Думананын ысмын "Адам" атап, Боз жоргону тартуулайт. Думана: «Ак боз атты эр жигит минсин, мен дүйнө кезем көзүм өткүчө», – деп уруксат сурайт. Малике-Аяр:

Бар... Барагой, кагылайын.
Бирдин кесири миңге тийбесин,
Түндүн кесири күнгө тийбесин.
Барагой, жолуңа кут жаасын.
Омийин, мингениңер боз болсун,
Адам аттуу дос болсун! – деп бата берип, драма аяктайт.

Жогоруда биз «Ак боз ат» драмасынын каармандардын диалогдорунда өнүгүп олтурган окуясын оозеки кайра айтып берүүнүн түрлөрү боюнча окуучулардын тексттеринин болжолдуу үлгүлөрүн бердик. Окумуштуу-методист К. Иманалиев түшүнгөнүн оозеки кайра айттыруунун ошол тексттин мазмуну боюнча оозеки сүрөт тартуу, киномонтаж түздүрүү, оозеки көркөм айттыруу сыяктуу түрлөрүн да белгилеген[43]

Айтып берүүнүн бул түрлөрү окуучулардан белгилүү өлчөмдө чыгармачылыкты талап кылат, ойлоосун өстүрүп, кыялдануусун максималдуу түрдө ойготот. Драмалык чыгармаларды үйрөнүү процессинде жанрдын өзгөчөлүгүнө ылайык, мындай чыгармачылыкты талап кылган айтып берүүнүн бир түрү болуп, элестетүү аркылуу оозеки мизансценаларды түзүү эсептелет.

### 4. Элестетүү аркылуу оозеки мизансценаларды түзүү

Драмалык чыгармаларды окутуунун бир өзгөчөлүгү – окурманды гана эмес, көрүүчүнү да тарбиялоо милдетинин коюлушу. Буга ылайык, адабият мугалими окуучуларга драмалык чыгарманын синтетикалык мүнөзүн түшүндүрүүсү керек, башкача айтканда, драма боюнча жазылган спектакль жөнүндө: «Спектакль деп драматург менен катар театрдын чыгармачыл коллективи (сценарист, режиссер, артисттер) авторлош болгон синтетикалык искусствонун оригиналдуу чыгармасын айтабыз»,- деген театралдык аныктаманы жеткириши зарыл. Окуучуларга спектакль өз алдынча трактовкалары менен театр тарабынан жаралган чыгарма экендигин байкатуу менен пьеса менен спектаклди, аларга тиешелүү атрибуттарды айырмалоого тарбиялоо керек. Бул үчүн, сөзсүз, театр оюнун көрүүнү жана талкууну уюштуруу зарыл.

Спектаклге таандык белгилердин бири - мизансцена. Мизансцена – сахнада декорацияны жайгаштыруунун планы, көшөгө ачылганда артисттердин турушу жана сахнанын көрүнүшү[43]. Бул – таза театрдык түшүнүк.

Окуучуларга: "Эгерде силер режиссер болсоңор, пьесанын тигил же бул жеринде көшөгө ачылганда сценаны кантип жасалгалап, артисттерди кандай абалда жайгаштырар элеңер?" – деген суроону коюу

---

[43] Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Фрунзе: Мектеп. 1976, 57-бет.

керек. Бул окуучулар үчүн татаал тапшырма, ошого карабастан алар элестетүү аркылуу оозеки мизансцена түзө алышат.

«Ак боз ат» драмасынын сценалык жагын өздөштүрүүдө IX класстын окуучусу болжолдуу түрдө элестетүү аркылуу оозеки төмөндөгүчө мизансцена түзүүсү мүмкүн: «Ак боз ат» драмасынын биринчи көрүнүшүнүн башындагы Думана менен Ажалдын мазардагы символикалык диалогунан кийин, паузадан соң, «Кылычтын кыңгыраганы. Жоо жаракчан Чарын. Бөйрөгүн таяна, сепилге серп салат. Шамур, Мансур жана нөкөрлөр»[44] деген ремарка берилген. Ушул көрүнүштү мен сахнада төмөндөгүчө жайгаштырар элем. Сахнанын артында сепилдин сүрөтү тартылган полотно. Соот кийимчен, жоо жаракчан Чарын кол башчылары Шамур жана Мансур менен сепилдин алдында турушат. Чарын сол колу менен бөйрөгүн таянып, он колу менен сепилди серепчилеп карайт. Шамур менен Мансур анын артында кылычтарын кыңгыратып, ар кандай буйрукка даяр. Ошол мезгилде Ак боз аттын элеси тартылган көгүлтүр туу желбиреп өтөт. Мындай жайгаштырганымдын себеби, калмак ханы Чарын Жаныбек хандын жерин басып, элин туткундап келип, сепилге кире албай токтойт. Кайсыл жагынан кантип кирүүнү билбейт. Ал эми Ак боз аттын элеси тартылган көгүлтүр туунун желбиреп өтүшү Чарындын Жаныбектин атактуу боз жоргосун тартып алуу ниетин билдирет. Ушул көрүнүштөн кийин эле Чарындын:

> «Боз жорго…
> Туяктуунун баары тулпар эмес,
> Канаттуунун баары шумкар эмес.
> Таңдагы шамдай жанган кайран күлүк –
> Ак боз ат…
> Жебенин огу жетпеген,
> Жез тумшук болсо тепсеген…
> Желесин суурул чыккан кайран күлүк.
> (Чарт жарылып.)
> Ат мингизбей эринин кендирин кесем…
> Элинин үмүтүн кыркам!» – деген кеби кетет.

Корутундулап айтканда, жогорудагы оозеки кайра айтып берүүлөр окуучулардын окуган текстерин толук өздөштүрүүсүнө жетишүүгө жардам берет, экинчиден, текстти талдоо жумушуна окуучуларды даярдайт, үчүнчүдөн, оозеки байланыштуу кептерин өстүрөт. Окуучулар автордун көркөм текстин анализдөө, синтездөө менен ойлоо операцияларына көнүгүшүп, анын негизинде өздөрүнүн оозеки формада текстерин түзүүгө машыгышат.

---

[44] Садыбакосов Ш. Кен дүйнө. – Фрунзе: Кыргызстан. – 1976, 419-бет.

## II. Драманы окутуу аркылуу окуучулардын жазма кебин өстүрүүчү жумуштар

Окуучулардын байланыштуу речин өстүрүүдө жазма жумуштарды эки чоң топко бөлүп жүрүшөт: негизги жана жардамчы жазма жумуштар. Негизги жазма иштерге сочинение жана изложение, ал эми жардамчы жазма иштерге сөздүн үстүндө иштөө, ар түрдүү көчүрүп жазуулар, диалогдорду баяндоо тибиндеги текстке айландырып жазуу, сюжеттүү ырлардын мазмунун аңгемеге айландырып жазуу, суроолорго жооп жазуу, тексттин мазмунун кыскартып же кеңейтип жазуу жана башкалар кирет. Мындан башка драмалык чыгармаларды үйрөнүү процессинде окуучулардын жазма байланыштуу кебин өстүрүүчү жумуштардын драма жанрынын өзгөчөлүгүнө байланышкан төмөндөгүдөй түрлөрүн белгилөөгө болот: драмалык чыгармалардын сценаларын эпикалык формада жазуу; текстке режиссердук комментарий жазуу; үйрөнүлүп жаткан драманын спектаклин көргөндөн кийин пикир жазуу; каармандардын монологдорун көчүрүп жазуу ж. б.

Жардамчы мүнөздөгү жазма жумуштар көбүнчө көркөм чыгармалардын текстин үйрөнүү менен бирге жүргүзүлөт. Мындай жазма жумуштардын негизги максаты окуучулардын жазма кептерин өстүрүүгө жана китептин үстүндө терең иштөөгө арналат. Жардамчы мүнөздөгү жазма жумуштарды үзгүлтүксүз, туура жүргүзүү окуучуларды негизги жазма жумуштарга даярдайт, аларга (изложение, сочинение) материал топтоого, фактыларды, мисалдарды, цитаталарды өз кебинде колдоно алууга үйрөтөт, көргөнү, окуганы, укканы боюнча жазып берүүдө текстинин маанилүү, мазмундуу, ыраттуу болушуна шарт түзөт.

9-класстын окуучуларынын билимине жана билгичтиктерине коюлуучу программалык талаптарды, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн, тарыхый-адабий курстун элементтерин ичине алган адабияттык окуу курсунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен «Ак боз ат» драмасын өздөштүрүү сабактарында окуучулардын байланыштуу кептерин өркүндөтүү үчүн төмөндөгүдөй жазма жумуштарынын түрлөрүн тандап алдык:

### I. Сөздүн үстүндө иштөө

Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иш-чаралар төмөнкүдөй максаттарда жүргүзүлөт:

- биринчиден, окуучуларга тааныш эмес сөздөрдү үйрөтүү, аларды сөздүктөрүнө жаздыруу;
- экинчиден, сөздөрдүн, айрым түшүнүктөрдүн лексико-семантикалык маанилерин анализдөө,синонимдерин салыштыруу, антонимдерин аныктоо, фразеологиялык айкалыштардын маанилерин чечмелөө;

- үчүнчүдөн, жаңы үйрөнүлгөн сөздөрдү активдүү речке айландырып, оозеки сүйлөшүүдө, жазма иштерде пайдаланууга жетиштирүү;
- төртүнчүдөн, речтеги диалектилик таасирлердин жоюлушуна, речтин интонациялык жактан көрктүүлүгүнө жетишүү, речти өркүндөтүү.

Сөздүн үстүндө иштөө – жазма жумуштарынын башталгыч элементи. Себеби ар бир тилдин лексикалык составы жана грамматикалык курулушу мезгил өткөн сайын эскирип, жаңыланып турат. Ошондуктан тилдин составын тынымсыз өздөштүрүп турбаса, мезгил талабынан артта калат.

Эгер окуучунун сөз байлыгы жарды болсо, анын жазма кеби эч кимди канааттандырбайт. Ошондуктан окуучуну түрдүү жанрдагы чыгармаларды көп окууга көнүктүрүү зарыл. Жөн гана окутпастан, окуучу тааныш эмес сөздөрдү сөздүк дептерине жазып алып, алардын маанилерин түшүндүрмө сөздүктөн таап үйрөнүп, активдүү түрдө оозеки речинде да, жазуу речинде да пайдалансын. Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү багытындагы мындай иш-аракеттерине, албетте, адабият мугалими жетекчилик кылат. Адабият сабагы – сөз сабагы, сөздүн нарк-кунун баалоо, түшүнүү сабагы болгондо гана өзүнө артылган көркөм-эстетикалык, этика-адеп-ахлактык жүктү көтөрө аларын ар дайым көңүлдүн борборунда тутууга милдеттүүбүз.

Адабият сабагында жүргүзүлүүчү сөздүк-фразеологиялык жумушту сабактын кайсы этабында аткаруу керек деген суроо жаңы сөздөрдү үйрөнүү методикасында мааниге ээ. Окуучулардын көркөм чыгарманы кабыл алуу, түшүнүүлөрүндө жаңы, түшүнүксүз сөздөрдүн, сөз айкаштарынын үстүндө мугалимдин рационалдуу иштеши талап кылынат. Мында мугалим качан (көркөм текстти окуганга чейин, окуу учурунда, окугандан кийин), кантип (көргөзмөлүү: ошол сөз атаган предметти, кыймыл-аракетти, сын-сыпатты көрсөтүү), которуу (башка тилдерден кирген сөздөрдү, терминдерди кыргыз тилине которуу, кыргыз тилинин каражаттары менен түшүндүрүү) деген суроолорду чечип алуусу зарыл. Мында ал тексттин көлөмүнө, татаалдыгына, чыгарманын жанрына байланыштуу түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүрүүнүн жана аларды сөздүк дептерлерине жаздыруунун оңтойлуу, методика ырастаган жолун, учурун тандап алуусу керек. Анткени лирикалык ырларды же тамсилдерди үйрөнүүдө жаңы, түшүнүксүз сөздөр, адатта, мугалимдин кириш сөзүндө түшүндүрүлөт. Бул окуучулардын көңүлүн буруу үчүн жана жаңы сөздү түшүндүрүү менен көрктүү окууну үзгүлтүккө учуратпоо үчүн жасалат. Көлөмү чоң прозалык чыгармаларды үйрөнүүдө негизги, таяныч сөздөрдү, сөз айкаштарын текстти окууга чейин түшүндүрүү максатка ылайыктуу болсо, кыска комментарийлерди талап кылган сөздөрдү текстти окуу процессинде түшүндүрүү оңтойлуу. Өтө сейрек учурда текстти окугандан кийин түшүнүксүз сөздөр жалпы класс

үчүн эмес, айрым окуучулар үчүн түшүнүксүз болгон учурда, окуучулардын суроо талабына ылайык түшүндүрүлөт.

«Ак боз ат» драмасын үйрөнүүдө окуучуларга такыр эле түшүнүксүз сөздөрдү драманын текстин окуганга чейин киришүү сабагында берүүнү сунуштайбыз. Мында мугалим кайсыл сөздөрдү мурда окуучулар жолуктурушпаган, кайсыл сөздөр алардын активдүү кебинде пайдаланылбайт деген маселелерди ойлонуштурат. Биз төмөндө «Ак боз ат» драмасындагы окуучулар үчүн түшүнүксүз же түшүнүүгө кыйынчылык туудура турган сөздөрдүн түшүндүрмөлөрүн беребиз. Муну ар бир мугалим окуткан классынын окуучуларынын лексикалык корундагы сөздөрдүн активдүүлүгүнө ылайык тандап алып пайдаланат.

Драмадагы түшүнүксүз сөздөрдү лексикалык катмарларына жараша төмөндөгүчө бөлүштүрүүгө болот:

**а) Архаизмдер:**

- Абайы – баалуу материалдын бир түрү.[45]

Ч а р ы н. Абайы үртүк Ак боз ат менин жоргом болбойт беле. (423-бет)

- Маржан – шуру.

Ч а р ы н. Көркүнө маржан таккан ноёндорум. (423-б.)

- Олпок – бешикте баланын астына салынуучу жумшак, мамыкка окшош төшөк.

Чынар теректеги селкинчекте ак олпокто көөлбүп термелген Эрке-Айым (ремарка). (426 – бет.)

- Жамбы – ар түрдүү формада, ар кандай салмакта уютулган илгерки акча ордуна жүргөн күмүш.

Ш а м у р. ...Жамбыны менден баштыктап кайсап... (440-б.)

- Жебе - жаа

Ч а р ы н. Жебенин огу жетпеген, жез тумшук болсо тепсеген... (419-б.)

- Саадак – 1. жаа, 2. жаанын огун салуучу баштык.

К у л а н. ...Атамдан калган саадак менден тукумума калсын... (451 – б.)

- Каркыт - ооз жагы күмүш же баалуу металл менен кадалган төөнүн терисинен жасалган идиш.

Л а й л у м. Каркытында өскөнүм менен, каарына ууланыпмын атанын. ( 455-б.)

- Кумгана – уу.

З у л а й к а. Кулагыңа кумгана куюп, керең кылып өлтүрөм. (442-б.).

- Бегилик – сый, той.

К ы з д а р. Ай чырайлуу бегилик,
Азамат эрдин зайыбы. (426 – б.).

- Упат – талкалануу, кыйроо.

---

[45] Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. -Ф.: Мектеп, 1969, 663-бет.

**Эскертүү:** Мындан кийинки сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү ушул сөздүктөн алынат.

З у л а й к а. ... Упатым а?! Жылдызга чыгып кетипсиң. Түш![46] (432-б.)

б)Тарыхый сөздөр:

- Нөкөр – баатырдын, хандардын жанында кызмат кылып кошо жүргөн жигит.
  Нөкөр Ирбиске нан сунуп, колун кагып жиберет (ремарка). 454-б.
- Жасайылчылар – замбирек атуучулар.
  М а н с у р. Жасайылчылар жамгырдай төгүп жаа тартты. (419 – б.)
- Жесекчи – кароолчу, чалгынчы.
  Ж а н ы б е к. Жер-жерге жесекчи койдум. (426 – б.).
- Алым – элден алына турган салык.
  Ч а р ы н. Ай өткөрбөй алымымды төлөп, жыл өткөрбөй салыгымды төлөп... (420 – б.)
- Ойрот – эл, элдик масса.[47]
  Ч а р ы н. Түмөндөгөн калың журт түрүлүп атка минбесин, ойротту каптап кирбесин. ( бул жерде жунгарлар жөнүндө сөз болуп жатат – У. Ж.). (462-б.)
- Черүү – аскер, кол.
  М а н с у р. Калың черүүбүз сапырылып артка качты. (419-б.)
- Ордо – хандын сарайы, үйү.
  Э р к е - А й ы м. Ханым ордосуна камаса, кайненем таяктап сабаса, күнүлөр караанымды таласа... (442-б.)
- Жасак – ири согуштук кол башчынын туруктуу кадрлары болуп эсептелген аскерлери[48]. (мисалы, кырк чоро).

Ж а н ы б е к (гүлбактын бир жагынан кирип). Колоктогон коңтаажынын күчү жок, Жаң-жуң эткен жасактардын изи жок. (427-б.)

**в) Диалектизмдер:**

- Ибарат (ибрат) - үлгү, өрнөк ( Өзбекстанда жашаган Заамин, Бөкө ж.б. жерлердеги кыргыздарда).[49]
  М а л и к е - А я р. Калктын ибаратынан чыкса, хан эмес, машаяк болсун – оңбойт! (430-б.)
- Кусамат – душмандык, кастык.
  Ч а р ы н. Кусаматым жүрөгүмдү жарып турат. (423-б.)
- Мүсүрөт – кадыр, барк, авторитет.
  Э р к е - А й ы м. Аттын сасык терине мүсүрөтүм жетпегенден кийин эмнем айым! (443-б.).
- Жазат – 1 дене, бой, келбет. 2. сөөк, кулан.
  К у л а н.Талоонго кеткендерибиздин жазатын айткыла, байке?! (466-б.)
- Мажилис – жыйын, чогулуш.

---

[46]. Кыргызча – орусча сөздүк. Түзгөн К. К. Юдахин.- М., Сов. энциклопедия. 1965, 230 - б.
[47] Кыргызча – орусча сөздүк. Түзгөн К. К. Юдахин.- М., Сов. энциклопедия. 1965, 563-б.
[48] Кыргызча – орусча сөздүк. Түзгөн К. К. Юдахин. -М., Сов. энциклопедия. 1965, 563 – б.
[49] Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. -Ф.: Илим, 1976, 686-б.

Ж а р ч ы. Мажилис... Мажилис... Жортуулчулар, туу түбүнө чогулгула! (450 – б.).

- Ныл – караңгылык, түнөргөндүк.
  Л а й л у м. Көзүмдү ныл басып, бойго жеткениме капамын. (455-б.)
- Кысаа – жаза.
  Д у м а н а. Бирөөгө ыза көргөзгөн кысаасын тартат. (458-б.)
- Зардалуу – кайраттуу.
  Ч а р ы н. Силер саманды сапырдыңар, алардын зардалуусу аман. (423-б.)

**г) Варваризмдер:**

- Тайши – жунгар (кытай сөзү).
  Ж е л д е т. Чарын тайши келатат! (459-б.)
- Коңтаажы – (коңтайши) – жунгар ханы.
  Э р к е - А й ы м. (Чарынга жыгылып). Аш ич десең, таш ичейин, коңтажы а... Атакемдин бир кашык канын, атакемдин сакалын кыйнаба... (462-б.)

Коңтаажы (кантайши) – "он жети төрөнү башкарып", ысыккөлдүк кыргыздарды бийлеп турган калмактардын башкы ханы. Дегеле элдин оозеки чыгармачылыгында контаажы деген ысым көп учурайт (ал гана эмес, чыгарманын аталышында да кезигет, мисалы, Кожогелди Култегиндин "Контаажынын сүйүүсү" поэмасы). Ал өзүнүн катаалдыгы, зордук-зомбучулдугу менен калк эсинде бек сакталып калган өңдүү. Бирок калмактарда хун-тайши адамдын аты эмес, титулдук наам экендигин эске алсак, анын тарыхый прототиби бул деп айта коюу да кыйын. Калмак хандарынын же эпикалык душмандын жалпылаштырылган, топтоштурулган өкүлү болушу да ыктымал.[50] Драмада Чарынга карата "контаажы", "кантаажы", "кантайши" деп кайрылуулар анын ысмын эмес, титулун көрсөтүп тургандыгын оңой эле байкоого болот.

- Бурут – кыргыз (кытай сөзү).
- Ч а р ы н. (Малике-Аярды токтотуп ) Же... тасмандайга сайып куртуңду күбүсөмбү? Жогол! Бурут! (422-б.)
- Каңгай – калмактардын согуштук ураань.[51]
  Ж а н ы б е к. Элчи менен ырчыга өлүм жок, болбосо... Каңгай менен мен чабышкам. (431-б.) (Мында жунгар маанисинде колдонулуп жатат.)

**д) Вульгаризмдер:**

- Э р к е - А й ы м. Менин өлгөнүм качан?! Кыйналганым качан?! Сенин өлүмүңө жүргөм, ийе коңтаажы?! А сөөгүңө ит сийгир! (465-б.)
- Ж а н ы б е к: (Чарынга). Желдетиң таза кести, кийиминди булгабай таза же, ит! (460-б.)

---

[50] Кыргыз адабиятынын тарыхы. III том. Бишкек, - 2002, 373–374-беттер.

[51] Кыргызча – орусча сөздүк. Түзгөн К. К. Юдахин. – М., Сов. энциклопедия . 1965, с. 341.

- Д у м а н а. Ата безери. Колуңду тийгизбе! Жамандык сени менен батсын, сени менен жатсын! Арамы... ( 461-б.)
- Ч а р ы н. (Мансурга тап берип) Сасы-ык! (461-б.)
- Ч а р ы н. (Малике-Аярга олурая карап) Какбаш!
- З у л а й к а. Ак уул, кызыл кыз тууп койгондон бетер,
Арты кийнин ойлобогон думананын кызы, сетер!
- З у л а й к а. Канчык! (Таягын көтөрөт. Ирбис чуркап кирип арачалайт)..

**Фразеологиялык сөз айкалыштарынын маанилерин чечмелөө**

"Ак боз ат" драмасынын тексти фразеологиялык сөз айкаштарына өтө бай. Ошол үчүн, сөзсүз, аларды окуучулардын сөздүк дептерине жаздырып, маанилерин таптыруу керек. Ансыз драманын мазмунун түшүнүү кыйынчылыкты туудурат. Мында окуучулар фразеологиялык сөздүк менен иштөөнү да үйрөнүшөт.

- **Ат жалына казан асуу.** Жол жүрүп, ат үстүндө кетип баратып, жанына ала жүргөн азыгынан өзөк жалгоо.[52]
А ж а л ү н ү ... Кана, ат жалына казан асып, бир азга өткөн-кеткенге көз жүгүрткүлөчү. (419-б.).
- **Кендирин кесүү.** Бир нерседен кемчил болуу, башына оор иш түшүп кор болуу, жокчулуктун азабын тартуу, аргасыз абалда калуу.
Ч а р ы н. Ат мингизбей эринин кендирин кесем. (419-б.).
- **Итке минип калуу.** Колдо болгон нерсенин бардыгынан, мал-мүлкүнөн ажырап калуу. Өтө жарды болуу.
М а н с у р. Бул эл жалбырак жамынып,
Тери чайнап, итке минип калды. (420-б.)
- **Найза учуна шамал шуулдатуу.** Найзаны өтө курчутуп, жалаңдатып, жоо саюуга камдоо.

Ч а р ы н. Антпесеңер, арыгын семиртип, ачын тойгузуп, найзасынын учунан шамал шуулдатып эртең бөйрөккө саят. (420 – б.)

- **Көзү кызаруу.** Бир нерсеге кызыгуу, көңүлү түшүү, самоо, эңсөө.
Ч а р ы н. Табылгынын чогундай көзүңдү кызартасың, сөөлжандай сөзүңдү узартасың. (422-б.)
- **Камчыга ченеп бөлүү.** Жоодон жеңилген душмандын мал-мүлкүн жеңип алгандарга бөлүп берүү.
Ч а р ы н. Керчөөгө окшош бул жерди, камчыга ченеп бөлөмүн. (423-б.)
- **Мурдунан жетелөө.** Бирөөнү өзүнүн таасирине багындырып баш ийдирип алуу, айтканынан чыкпас кылып алуу.

---

[52] Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү.– Ф.: Илим. -1980. 41-б.
Эскертүү: Мындан кийинки фразеологизмдердин түшүндүрмөлөрү ушул сөздүктөн алынат.

Э р к е - А й ы м... Сен мени мурдуман жетелеп алгансың. (428-б.)

- **Салбар кылуу.** Күйөөсү аялына көңүлүн бөлбөй, карабай коюп жазалоосу.

  Д и л д е - А й ы м... Гүлүмдү күбүп, данегимди чагып, салбар кылып салышты... (428-б.)

- **Сыны туташуу.** Бүткөн бою жазылбай курушуу.

  Э р к е - А й ы м. Жөлөгүлө мени (кыздарды кагып). Ийе, сыным туташып турат... (429-б.)

- **Чырм этүү.** Кичине, азыраак уктап ала коюу, бир азга уктап кетүү.

  З у л а й к а...Чыканактап тынч алчу, чырм этип уйку алчу күндөр бекен?... (430-б.)

- **Көзүнө топурак чачуу.** Алдоо, жазгыруу, будамайлоо, кыянаттык кылуу.

  М а л и к е - А я р. Көптүн көзүнө топурак чачтың, алдаяр. (430-бет).

- **Казанын бооруна басуу.** Мал-мүлкүн, дүнүйөсүн эч кимге бербей, бекем сактоо, зыкымдык кылуу.

  К у л а н. Элсиз, күнсүз жашаган арбайыңды көрөбүз. Кош, казаныңды бооруңа баса тур! (431-б.)

- **Сакалын сүйрөө.** Жашы өтүп кеткенине, улуулугуна карабай, ылайыксыз ишке киришип кетүү, илээше берүү.

  Ж а н ы б е к... Сакалын сүйрөп келиптир Малике-Аяр... (431-б.)

- **Оздугу менен суу ичүү. Өтүгү менен суу кечүү.** Башына кыйын иш түшүп, айласы кетүү.

  З у л а й к а... Оздугуң менен суу ичип, өтүгүң менен суу кечип турганыңда... Текебериң шилиңди кескир! (432-б.)

- **Көзүнүн агы менен тең айлануу.** Бирөөнүн оюу менен болуп, анын каалаганын иштөө, ага толук көз каранды болуу, айтканынан чыкпоо, көзүн кароо.

  И р б и с. Хан Айымдын көзүнүн агына айланат... (433-б.)

- **Көксөөсү суу.** Бирөөдөн өч алуу, кегин алуу максатында тилеги орундалгандан кийин жаны жай алуу, тынч алуу, санаасы тынуу, көңүлү жайлануу.

  И р б и с...Боорукер жаным, силердин көксөңөр суусун дебедимби... (434-б.)

- **Таалайына таш тийүү.** Оор абалга, кыйын ишке, кырсыкка дуушар болуу, кириптер болуу.

  И р б и с...Эрин тартып алдыңыз, таалайын ташка чаптыңыз. (434-б.)

- **Көрөр көз.** Эң жакын көргөн, жакшы көргөн, ардактап сүйгөн аялы.

  И р б и с... Көрөр көз Айымды аябай көзөмөлдөшөт. Ошентсе да убадамды бузбай, айтканымды аткарам. (434-б.)

- **Оозунан көк түтүн буркуроо.** Бир нерселерди аябай самап, муңкана өксөө, сыздоо.

  Ш а й м а р а н...Биздин баатырдын жайын кайра-кайра сурап, оозунан көк түтүн бурап, сөз укса, ага жашырып белек жиберип, же

берген белекти биздин колдон алса, анда кускусу келбейт Айымдын?! (435-б.)

- **Көктөн тилегени жерден табылуу.** Көптөн бери самаган иши, ойлогон ою, күткөн нерсеси орундалууга, ишке ашууга ыңтайы келе калуу, ондой берди болуу.

И р б и с. Оо, жараткан! Көктөн тилегеним жерден табылып… (436-б.)

- **Көңүлүн арам кылуу.** Капа кылуу, иренжитүү.

И р б и с… Эркенин көңүлүн арам кылбай, жогол! (439-б.)

- **Көз майы түгөнүү.** Көзүнүн курчу кетүү, күчү кетүү, абдан чарчоо, чаалыгуу.

И р б и с… Атамдын түшүнө кирбеген жыргалга бир батайын, катын кайтарып, кэзде атын кайтарып көз майым түгөндү … (439-б.)

- **Көз артуу.** Бир нерсеге абдан кызыгуу, суктануу, жетсем деп эңсөө.

Э р к е - А й ы м. Маскара эркек! Бир жалбыракты саргартып түйүп салып, бирине көз артат. (441-б.)

- **Согончогу канабоо.** Такыр төрөбөө, бала көрбөө.

З у л а й к а… Согончогуң куурап өткүр… (441-б.)

- **Ала жипти аттабаган.** Бирөөгө кара санабаган, жамандык ишке барбаган, бирөөнүн бир нерсесин албаган).

Э р к е - А й ы м… Ала жибиңди аттап алдадым беле?… (443-б.)

- **Көзүнөн чаар чымын учуу.** Өтө жаны кейүү, абдан кыйналуу, көңүлү караңгылап, жанын коёрго жер таппоо.

Ж а н ы б е к. Көзүңөн чаар чымын учуп, шүйкүмүң бузук. А-айт! (444-б.)

- **Камчысын чабуу.** Бирөөгө кошомат кылып, сөзүн сүйлөө, анын кызыкчылыгын жактоо, көмөк көрсөтүү, колдоо.

М а л и к е - А я р. Мындан ары кимдин ырын ырдап, кимдин камчысын чабарыңды билерсиң… (446-б.)

- **Башы бапан, аягы сапан.** Чексиз алыс таркаган, бытыранды, чачыранды.

М а л и к е - А я р… Башың бапан, аягың сапан болуп сайда калба! (447-б.)

- **Сөөгү жашуу.** Бирөөнүн оор абалына, кыйынчылыгына аянычтуу кейүү, мууну бошоо, зээни кейип кыйналуу.

Ж а н ы б е к… Сөөктү жашытканда не пайда?… (453-б.)

Жогорудагы сөздөрдүн кайсылары буга чейин окуучуларга тааныш, түшүнүктүү экендигин мугалим эсепке алып, анан сөздүк ишин жүргүзөт. Башкача айтканда, мугалим окуучулардын сөздүк корун, кайсы сөз тааныш, кайсы сөз түшүнүксүз экендигин билүү керек. Мындан тышкары сөздүн үстүндө иштөөдө «Ак боз ат» драмасынын текстиндеги фразеологиялык айкалыштардын маанилерин чечмелөө да окуучулардын сөз байлыгын кеңейтип, байланыштуу кебин өстүрөт. Себеби ар бир фразеологиялык сөз айкашынын маанисин анализдөөдө окуучу өзүнүн микротекстин түзөт. Мындай сөздүк ишинин милдеттери

«Методика обьяснительного и литературного чтения в национальной школе» деген эмгекте белгиленген:

- Окуу-коммуникативдик максаттарда окуучулардын активдүү сөздөрүн системалуу байытуу.
- Адабияттын идеялык-көркөмдүк байлыгын окуучулардын таануусуна жана баалоосуна жараша жардам берүү. Анын дүйнөгө болгон көз карашынын, эстетикалык идеяларынын калыптанышына таасирин күчөтүү.
- Көркөм-публицистикалык жана илимий-популярдуу адабияттарды өз алдынча окуй алууга окуучуларды даярдоо.

Бул милдеттер кыргыз адабиятын окутуудагы сөздүк ишине да толук тиешелүү.

## II. Драманын текстинин үстүндө иштөөгө байланышкан жазма жумуштар

### а). Текстке план түзүү

План – оозеки жана жазуу жүзүндө айтып берүүнүн түйүндөрү, маанилүү бутактары, тактап айтканда, айтыла турган ойдун долбоору, скелети. Адам өзү сүйлөй турган монологдук сөзүн (ички речь) ичинен ойлонуп, аны баяндоонун чектерин белгилеп алат. Бул болсо ырааттуу, байланыштуу баяндоого өбөлгө түзөт. Алдын ала пландаштырып алуу – монологдук речке даярдануудагы негизги принциптердин бири.

Чыгарманын текстин үйрөнүү план түзүү менен тыгыз байланышта каралат. Ал тексттин мазмунун толук өздөштүрүүгө гана мүмкүнчүлүк бербестен, чыгарманын композициясын түшүнүүгө да мүмкүнчүлүк берет. Бул сезимдүү түрдө, терең анализ жүргүзүү үчүн зарыл болгон алгачкы шарттарды түзөт. Чыгарманын планын түзүүнү системалуу жүргүзүү керек. Ал чыгарманын, анын ичинен белгилүү бир бөлүгүн табууга, ар бир бөлүктүн ичинен планда көрсөтүлүүгө тийиш болгон негизги ойду аныктай билүүгө үйрөтөт.

План түзүү окуучунун логикалык ойлоосун өстүрөт. План чыгарма бир сыйра окулгандан кийин түзүлөт. Ал формасы боюнча: оозеки, жазуу жүзүндөгү, түзүлүшү боюнча: жөнөкөй, татаал, сүйлөмдөрүнүн түзүлүшүнө карай: цитаталуу, цитаталуу эмес, аралаш болуп бөлүнөт.

Пландын кайсы түрүн түзүүнү тандоо чыгарманын идеялык мазмунуна жана композициялык түзүлүшүнө жараша болот. План түзүүдө төмөнкү учурлар, айрыкча, маанилүү:

- текстти анализдөө аркылуу айрым бөлүктөрүн бөлүп алуу;
- ар бир бөлүктө берилүүчү негизги ойду айкындап алуу жана пландын темаларын табуу.

«Ак боз ат» драмасынын сюжети боюнча пландын төмөндөгүдөй түрлөрүн түздүрүүгө болот:

а) Цитаталуу жөнөкөй план.
1. Ч а р ы н… Ким кандын эрке катынын азгырып,
Чептин ичин булүндүрсө,
Кызымды калыңсыз берем!
Ушул буруттарга улук кылам!
2. М а л и к е - А я р. Ханы жок калк болсо да,
Калксыз хан болбойт.
Калктын ибаратынан чыкса,
Хан эмес, машаяк болсун - оңбойт!
3. Ш а м у р. Кач! Айымды коштоп тезинен.
Мына, Чарындын аты оюлган алтын мөөр.
Давандан тосуп тургандарга
Көргөзсөң дароо жеткизишет.
4. Э р к е - А й ы м . Алтымыш тарам кыялымды.
Айттырбай тапкан чалкагар күйөөм
Бүгүн…
Боз жоргоңду минем!
5. Д у м а н а. Ак боз ат – элдин үмүтү.
Сен күлүктү уурдадың,
Үмүттү уурдай албайсың!
Эл-журтту уурдай албайсың!
Ак боз ат минген эр келет!
Артында түмөн эл келет!
6. М а л и к е - А я р. Олуям, адам, акжолтоюм…
Ак боз атыңды минип, элиңе жөнө!
б) Аралаш, татаал план.
1. Сепилге кире албай калган Чарындын жарлыгы.
а) Малике-Аярды Чарын кандайча жазалады?
б) Чарын кандай жарлык кылды?
в) Жарлыкты аткарууга Шамур тандалды.
2. Элдин талабы жана Жаныбек хандын бүтүмү.
а) Э р к е - А й ы м. Ханым… Жаныбек кайда кетти?
Магдыратып боюмду жазбай,
Шаан-шөкөт курдуруп кабагымды ачпай,
Катынды катындар менен тегеретип…
б) Малике-Аяр элдин талабын угузду.
в) Ж а н ы б е к. Айта бар: казына эмес, тезектин кыгын бербейм
Ак боз ат эмес, анын бир түп кылын бербейм!
3. Гүлбактагы жолугушуулар.
а) Ирбис жана Дилде-Айым, Айша-Айым.
б) Эрке-Айым менен Шаймаран.
в) Думана жана Эрке-Айым.
4. Ордодогу чыр-чатактар.
а) Эриккен Эрке-Айымды Ирбистин алдашы.
б) З у л а й к а. Канчык! (Таягын көтөрөт. Ирбис чуркап кирип арачалайт).

Кулагыңа кумгана куюп, керең кылып өлтүрөм!
в) Эрке-Айымдын Ак боз атты минип качышы.
г) Ж а н к о з у. (кылычын ыргытып) Мизинен өптүм эле, бузулбаганга сунаарсың.
5. Жортуулга камынуу.
а) Жанкозунун элге кошулушу.
б) Лайлумду туткундан бошотуу.
в) Э л д и н ү н ү. Эл башы берен,
Журт башы кыраан болунуз.
г) Жортуулга аттануу.
6. Жаныбек хан жана эл.
а) Ж а н ы б е к. Чарындын өтүн жарып, өчүмдү алам.
б) Ирбис менен Шамурдун тагдыры.
в) Жаныбек менен Думана туткунга түшкөндө кимди көрүштү?
г) Ак боз ат менен Эрке-Айым
7. Эл жана Думана.
а) Лайлумдун элдешүүгө келиши.
б) Мансурду жазалоо.
в) Д у м а н а . Айланайын, оо жарандар,
Кагылайын, оо адамдар,
Сага тендеш оо сел барбы!
Сенден бийик оо бел барбы!

План, адатта, белгилүү бир максатка багытталат. Ал тексттин мазмунун кайра берүүгө, чыгарманын идеялык мазмунун, катышуучу каармандардын мүнөздөрүн ачууга, анын композициялык курулушун түшүнүүгө арналышы мүмкүн.

Жогоруда биз драманын окуясынын жүрүү тартиби боюнча түзүлгөн пландарды бердик. Бир эле текстке карата түрдүү багытта план түзүлүшү мүмкүн. Драманын идеялык мазмунун жана катышуучу каармандардын негизги сапаттарын ачып көрсөтүү үчүн мындан башкача план түзүлөт. *Мисалы:* Драманын негизги идеясы – туулган жерди, элди баскынчылардан коргоо. Ар кандай коргоо курмандыкты талап кылары белгилүү, ошон үчүн өмүр менен өлүмдүн элдешпес эрөөлү жөнүндөгү философиялык ой аркылуу көрпенделердин бири-бирине болгон мамилелери, ырайымсыз мыкаачылыктары, эки жүздүү өзүмчүлдүктөрү жөнүндө ой калчанат.

Тууган жердин тузуна карасанаган адам эч качан оңбоосу, өз жазасын алары жөнүндөгү идея Жаныбек, Эрке-Айым, Ирбистердин образдары аркылуу берилет.

Бул идеяны окуучуларга жеткирүү үчүн төмөндөгүдөй план түзүлүшү мүмкүн:

1. Эл башына күн түшкөндө Жаныбек ордо жыргалынан суурулуп чыга алдыбы?
2. Чачы үзүн, акылы кыска Эрке-Айымдын душманга коюн ачышы.
3. Бийлик, байлык үчүн Ирбис баарына даяр.

4. Туулган жердин тузун карасанагандар өз жазаларын алышты.

К.Чыманов, А.Эшиев өз эмгектеринде пландын өзү өзгөчө түзүлгөн текст экендигин, байланыштуу кепти өстүрүүдө план түзүүнүн мааниси чоң экендигин белгилешет.

### б). Конспект жазуу

Текст боюнча конспект түзүү ишинин жөнөкөй түрү 8-класстан башталып, улам класс жогорулаган сайын кеңейтилип олтурат.

«Конспект» деген сөз окуган китептин (тексттин) мазмунун кыскартып жазуу дегенди түшүндүрөт. Ал – окуучуну өз бет алдынча билим алууга үйрөтүүдөгү китеп менен болгон жумуштардын бири.

Конспект түзүүдөгү максаттар булар:

- Окулган тексттен автордун оюн туура түшүнө билүү;
- Материалды туура, жакшы өздөштүрүү;
- Экинчи жолу окуганда тез эске түшүрүү;
- Башка бирөөнүн пикирин өз сөзү менен баяндап берүү;
- Байланыштуу кебин өстүрүү;
- Чыгармачылык менен айтууну өркүндөтүү;
- Жалпы кругозорун көтөрүү.

Текст боюнча конспект түзгөндө төмөндөгүлөрдү эске тутуу керек:

- Тексттен өзүнүн суроосуна жооп таба алуу;
- Текстти көчүрүп албастан, негизгилерин иргеп алуу;
- Тексттин мазмунун терең түшүнгөндөн кийин конспект жазуу;

Конспектин төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

- Текстке таянган конспект: тексттен керектүү жерлер көчүрүлүп, калганы өз сөзү менен берилет.
- Эркин конспект: түшүнгөнүн өз сөзү менен жазуу.

«Ак боз ат» драмасын үйрөнүүдө 9-класстын окуучуларына «Элдик поэмалар» деген китептен Тоголок Молдонун айтуусундагы «Шырдакбек» поэмасын конспектилеп келүүнү үйгө тапшырма берүү керек, себеби жыйынтыктоочу сабакта бир эле сюжеттеги эки чыгарманы: драманы жана поэманы салыштыруу аркылуу жанрлардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө окуучулардын ой корутундуларга келүү максаты коюлат. Экинчиден, элдик сюжеттин драмалык чыгармага айланышындагы драматургдун чеберчилигине, табылгаларына окуучулар баа бере алгандай болуу талап кылынат.

### в). Окулган чыгармага пикир жазуу

Окулган чыгармага баа берүү, негизинен, жогорку класстарда аткаруулучу китептин үстүндө иштөөгө байланышкан жазма жумуштардын татаал түрүнө кирет. Бирок 9-класстын окуучуларынын

программада көрсөтүлгөн билгичтиктерине коюлган талаптардын бири – көркөм чыгармага аннотация, рецензия жаза алуу.

а) **Аннотация** – китептин, макаланын мазмунун өтө кыска баяндоо. Мында аннотацияланган адабиятты баалоонун элементтери болуу менен практикалык ишке колдонууга жолдонмо берилет. Аннотация төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат:

- Китептин, макаланын библиографиялык белгилерин: авторун, наамын, чыккан жерин, жылын көрсөтүү;
- Материалдын мазмунун кыска баяндоо;
- Ошол китеп же макала кимге арналгандыгын көрсөтүү.

Аннотацияда тактык, кыскалык, багыт берүүчүлүк маанилүү роль ойнойт.

«Ак боз ат» драмасына карата окуучулар төмөндөгүдөй аннотация жазуулары мүмкүн.

Көрүнүктүү прозаик жана драматург Шатман Садыбакасовдун «Ак боз ат» драмасы автордун 1976-жылы Фрунзеде «Кыргызстан» басмасынан чыккан «Кең дүйнө» аттуу чыгармалар жыйнагына кирген.

Драма Шырдакбектин Боз жоргосу жөнүндөгү элдик поэманын сюжетинин негизинде жазылып, кыргыз элинин жунгарлар менен болгон кагылуушулары мезгилиндеги элдин башынан өткөн окуяларды чагылдырат. Драмада «ат – адамдын канаты», «күлүк ат – элдин мүлкү» деген түшүнүктөр ырасталып, Ак боз аттын символикалык образы түзүлгөн. Драма жалпы китеп сүйүүчүлөргө арналат.

б) **Рецензия** – китептин мазмуну жөнүндө илимий-саясий сын, башкача айтканда, рецензияда чыгармага сын берүү моменттери камтылып, андагы маселелердин туура чечилиши жөнүндөгү пикирлер жазылат. Рецензия жазуу бир топ кыйынчылыктарды туудурат. Ошон үчүн окуучуларга адегенде даяр үлгү- рецензияларды берип, аларды анализдөө иштерин жүргүзүү керек. Андан соң чыгармаларга пикир жазууну тапшырууга болот.

«Ак боз ат» драмасына карата жазылган окуучулардын рецензиялары болжол менен төмөндөгүчө болушу мүмкүн: 1972-жылы сахнага коюлган Ш. Садыбакасовдун «Ак боз ат» драмасынын өзөгүн эл оозунда айтылып жүргөн Шырдакбектин боз жоргосу жөнүндөгү окуя түзөт. XVII кылымдагы жунгарлардын басып алууларынын талоончул согушу менен байланышкан ошол аңыз окуяны драматург киндик кан тамган жерди сырткы душмандан коргоп, көз карегиндей сактоо, ынтымакта жашоо, эл тагдырын жеңил ойлуу жетекчиге ишенип тапшырбоо сыяктуу жашоо-өмүрдүн маңызын аныктаган маселелер менен бирге иликтеп, эмоциялык-эстетикалык таасири эч кимди кайдыгер калтырбай турган нарк жаратткан.

«Ак боз ат» драмасында өткөн доордогу жалпы эле кыргыз турмушу көркөм иликтеөдөн өткөрүлүп, Малике-Аярдын, алтын таяк Зулайканын, Думананын мүнөздөрү аркылуу эл ичинен чыккан акылман адамдардын тунук көз караштары, терең ой жүгүртүүлөрү сүрөттөлгөн. Элди эл кылып

сактап, ордолуу журтту журт кылган мына ошондой асыл сапаттарга эгедер даанышман адамдар ар убакта керек экендиги жөнүндөгү автордук идея драманын тулку боюн тепчип өтөт. Ал эми сырткы баскынчылар, баарынан да, эл башына каран түн түшүп турганда Жаныбектин ордосундагы өкүм сүргөн кенебестик, күнүмдүк жыргалы үчүн сайран куруудан колу бошобогондордун жорук-жосундары ар тараптан жек көрүү сезимин пайда кылат.

Алар бул драманын окуяларынын финалында ар кимиси өзүнө жараша жазаларын алышат.

«Күлүк ат – элдин мүлкү» экендигин автор Думананын Ак боз атынын Жаныбекке, андан Чарынга, акырында элге өтүү тагдыры аркылуу ийгиликтүү чечип берген.

Драманы окуган окурман туулган жердин, элдин үмүт-тилегине карасанаган адам качан болбосун жазасын алат деген ой корутундуга келет.

**г). Драмалык чыгармалардын сценаларын эпикалык формада жазуу**

Драмалык чыгарманын текстин тереңдетип талдоого пьесанын тигил же бул эпизоду боюнча баяндоо түрүндөгү изложение, текстке режиссердук комментарий берүү, спектаклге же киносценарийге рецензия жазуу сыяктуу жазма жумуштар жардам берет. Бул жумуштардын акыркы экөө 9-класстын окуучулары үчүн оордук кылары методисттер, практик мугалимдер тарабынан белгиленип жүрөт: режиссердук комментарий менен рецензия жазуу ортоңку (VIII, IX), айрыкча, жогорку (X – X1) класстын окуучуларынан талап кылынат.

Драмалык чыгармалардын сценаларын эпикалык формада жазуу менен окуучулар төмөндөгүлөргө жетишет:

- Текстти эмоционалдуу, образдуу кабыл алууга;
- Эпос менен драманын айырмачылыктары эмнеде экендигин түшүнүүгө;
- Байланыштуу жазма кептеринин өсүүсүнө.

«Ак боз ат» драмасын окутуу процессинде драманын текстин терендетип үйрөтүү үчүн жүргүзүлүүчү жардамчы жазма жумуштардын бири драманын айрым сценаларын (эпизоддорун) эпикалык формада жазуу болуп саналат. Мындай жазуу ишин үйдөн да, класста да иштетүүгө болот. Биз практика учурунда (Ош шаары, №38-орто мектеп) экинчи көрүнүштүн үчүнчү сценасын эпикалык формада жазууну 9-класстын окуучуларына тапшырма бердик. Окуучулар үйдөн «Эл жана эси кеткен Жаныбек хан» деп мугалим тарабынан сунушталган ат менен төмөнкүдөй эпикалык баян жазып келишти.

***Эл жана эси кеткен Жаныбек хан***

*Жан жигити Жанкозу элден өкүлдөр келип күтүп калганын айтып, энеси алтын таяк Зулайка аларды угуп коюшун суранып жатып, Жаныбекти көндүрүшөт. Кулан менен Сулайманды ээрчитип, эл карысы Малике-Аяр кирет: «Ханы жок калк болсо да, калксыз хан болбойт. Калктын ибаратынан чыкса, хан эмес, машайык болсо да оңбойт! Элдин талабы бул: хан казынасын чачып, курал-жарак камдасын, эгер антпейт экен, Ак боз аттын тизгинин мине турган эр азаматка берсин!» – деген элдин талабын угузат. Жаныбек калкты хандын эли дедиртип катарга кошконун айтып: "Казына эмес, тезектин кыгын бербейм. Ак боз ат эмес, анын бир тал кылын бербейм!" – дейт.*

*"Чамгарактап калган экенсиң. Эл керек болсо, ханды бир күндө кул кылып, кулду бир күндө хан кылат!" – деген Малике-Аярдын сөзүнө кылычын кармай жулунган Жаныбекти Зулайка алдынан тосот. Кулан менен Сулайман Малике-Аярды коргоп, Жаныбекке тап беришет. Малике-Аяр Зулайка менен коштошуп, жигиттерди ээрчитип чыгып кетет.*

*Жаалы чыккан Жаныбек алардын артынан сүйлөнөт: "А кырылса кырылгандыр катын – карга, бала – сагызган. Сакалын сүйрөп келип алыптыр, андагы сакал эчкиде да бар."*

*Зулайка Аярдан ажыраганы акылынан ажыраганы экенин айтып, ооздугу менен суу ичип, өтүгү менен суу кечип турганда, асмандабай жерге түшүүсүн өтүнөт. Жаныбектин ого бетер жини кайнап: «Энеси көпсө, эр издейт деп укчу элем», - дейт. Алтын таяк Зулайка уккан кулагына ишенбей, ымыркай этти эрезеге жеткизип, ушул сөздү укканына наараазы. «Сүтүм урсун, кусур урсун!» - деп каргайт.*

# IV БӨЛҮМ

## "Ак боз ат" драмасын окутуудагы сабак формалары

### 1. Сынчыл ойлоону өстүрүү үчүн окуу жана жазуу технологиясынын ББКБ стратегиясын пайдалануу

Шатман Садыбакасовдун "Ак боз ат" драмасын окутууга бөлүнгөн 5 сааттын 1-саатын толук автордун өмүрү, чыгармачылыгына арноо зарыл. Анткени жазуучунун бир гана "Ак боз ат" драмасы мектеп программасына кирип, буга чейин окуучулар Ш.Садыбакасов менен жолугушпаган, класстан тышкары окууга да бул жазуучу кирбеген. Анын "Ак боз ат" драмасы элдик оозеки чыгармалардын сюжеттеринин негизинде жазылган "Курманбек", "Жаңыл"драмаларынан кийин өтүлөт. Мындай типтеги драмаларды үйрөнүү, кабыл алуу, талдоо тажырыйбасына 9-класстын окуучулары ээ экендигин эске алуу менен Ш.Садыбакасовдун сүрөткерлик өзүнчөлүгү, чыгармачылык өзгөчөлүгү менен кенен тааныштыруу милдети жүктөлөт. Аны акын да, жазуучу да, драматург да катары ачып берүү зарыл. Жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгын үйрөнүүдө "Сынчыл ойлоону өстүрүү үчүн жазуу жана окуу" технологиясынын "ББКБ" ( билем – билгим келет – билдим) стратегиясын пайдаланууга болот. Бул ыкманы пайдалануудан мурда мугалим өзү анын методикасы менен кенен таанышып чыгуусу керек. Мында алгач төмөндөгүдөй таблица доскага илинет.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |

Окуучулар таблицанын "билем" деген бөлүгүнө буга чейин Ш.Садыбакасов жөнүндө билгендерин жазышат. Бул иш алгач жекече, анан жуптарда талкууланып, андан кийин доскадагы таблица толтурулуу менен аткарылат. Эгер так эмес маалыматтар кездешип калса, жазып коё турулат да, жаңы материал өздөштүрүлгөндөн кийин, алардын тактыгын окуучулар өздөрү текшеришет.

Андан кийин таблицанын экинчи графасына Ш.Садыбакасов жөнүндө эмнелерди билгилери келгенин, эмне кызыктыра турганын суроо түрүндө жазып чыгышат. Болжол менен бул "билгим келет" деген бөлүктө төмөндөгүдөй суроолор болушу мүмкүн.

1. Ш. Садыбакасов ким?
2. Ал качан, каерде төрөлгөн?
3. Балалыгы кандай шартта өткөн?
4. Кайсы кесиптин ээси?
5. Кандай кызматтарда иштеген?
6. Кандай чыгармалары бар?
7. Чыгармачылык өнөрканасы кандай?
8. Анын чыгармалары адабияттын кайсы жанрларына таандык?
9. Жазуучуну кандай темалар кызыктырган?
10. Чыгармаларында кандай идеяларды чагылдырган?
11. Драматургдук дарамети канчалык деңгээлде?

Таблицанын экинчи бөлүгү суроолор менен толтурулгандан кийин окуучуларга окуу китебиндеги Ш.Садыбакасовдун өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндөгү маалымат менен таанышуу сунушталат. Окуу учурунда окуучулар суроолордун кайсынысына жооптор табылса, тушуна белгилер коюшат. Текст окулуп бүткөндөн кийин үчүнчү бөлүк толтурулат да, жоопсуз калган суроолор белгиленет. Ал суроолорго жоопту окуучулар "Кыргызстан маданияты" гезитинин 1982-жылдын 27-майындагы санынан[53] жана кыргыз адабиятынын тарыхынын 3-томунан (Бишкек, 2002) таба алышат. Эгер класста керектүү материалдар болбосо, ал суроолорго жоопторду кайсы адабияттардан табууга болорун көрсөтүү менен үйгө тапшырма берилет.

Төмөндө биз Ш. Садыбакасовдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча окуу материалынын текстинин бир вариантын сунуш кылабыз. Шатман Садыбакасов 1932-жылы Тянь-Шань өрөөнүндөгү Жумгал районуна караштуу Дыйкан айылында туулган. Балалык чагы Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу жылдарына туш келип, ошол кыйын кезең турмушту өз башынан өткөрөт. Айылдагы жетим-жесирлердин, карыган ата-энелердин күйүтү, ага карабастан кажыбаган эмгек, чыдамкайлыгы, күйүмдүүлүгү, боорукердиги келечектеги калемгердин көз карашынын калыптанышына, ак-караны айкын ажырата билүүсүнө, дүйнө таанымына чоң таасир этет. Бөтөнчө анын туулган айылында жомок, уламыш, легенда, санжыра, эпосторду жакшы билген, аларды кайдасына келтирип, куп айта алган адамдар көп болгон. Ошол чөлкөмдөн чыккан Куйручук, Мыскал, Муратбек сыяктуу өнөрпоздор жөнүндө аларды көрүп-билип калган адамдардын саймедиреп айткандары, өнөргө берген бийик баалары зээндүү бала үчүн өзүнчө эле оозеки китепкана болуп, дүйнө таанымынын андан ары кеңейишине чоң шарт түзгөн.

Чаек орто мектебин аяктары менен 1950-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университетине келип кирет. Ошол эле жылы "Кыргызстан пионери" газетасына биринчи ыры жарыяланат да, ушундан тартып Шатман Садыбакасовдун поэзиялык чыгармалары республикалык газета-журналдарга, адабий альманахтарга тынбай

[53] Тойбаев М. Күнү күлүп турган калемгер. // Кыргызстан маданияты. 1982, 27-май.

жарыялана баштайт. Садыбакасов чыгармачылыгын алгач ыр жазуу менен баштаган. 1952-жылы "Жаш ленинчи" журналына "Жеңишбектер" аттуу биринчи аңгемеси жарык көрөт. Ошондон тартып жазуучуну көбүнчө кара сөз өнөрү өзүнө тартып, ага болгон кызыгуусу үстөмдүк кыла баштайт, ал жылдары аңгеме жанрына кайрылып, чеберчиликтин сырларын ушул чакан жанрда өздөштүрө баштаган. Ошол мезгилде эле жаш жазуучунун алгачкы чыгармаларын окуп, назарына алып, болочок жазуучунун келечегинен көптү үмүттөнгөн Түгөлбай Сыдыкбеков 1958-жылы "Ленинчил жаш" газетасынын 18-июлдагы санына "Ак жолуң ачылсын, Шатман!" – деп өзүнүн каалоо-тилегин жазып, агалык, кесиптештик ак батасын берген.

Ошол газетага жарыяланган "Жашоо керек" аттуу чакан аңгемесинде Ш. Садыбакасов калеминин жаштыгына карабай, катуу ооруга чалдыккан Канымбүбү аттуу келиндин оорунун айынан болгон ички толгонууларын окурман ынанымдуу кабыл ала тургандай, реалдуу планда элестүү кылып, көркөм чагылдырып бере алган. Андан кийинки изденүү жылдары автор "Пейил" (1958), "Мүнөз" (1960),"Жол түгөнбөйт"(1962) аттуу аңгемелер, очерктер жыйнактарын, ошондой эле "Бир үзүм жалын"(1964) повестин жарыялап, өзүн чебер прозачы катары таанытты.

Ал көбүнчө жаш жеткинчектердин күндөлүк иштерин, алар окуган мектеп турмушун жана өз ара достук, жолдоштук мамилелерин, кыял-жоруктарын, ой-максаттарын чагылдырган аңгеме, повесттерин жазып, өзүн психолог чебер жазуучу катары көрсөтө алган. Анын чыгармалары жаш муундарды элибиздин нускалуу үрп-адаттарын, жакшы салттарын сактап үйрөнүүгө, эмгекчилдикке, жаш кезинен өз алдынча чоң максат коё билүүгө, өнөр-билимге ээ болууга, ынтымактуулукка, достукка ж.б. пайдалуу иштерге үндөйт. Бул анын алгачкы "Пейил" аттуу жыйнагына кирген "Сонордо", "Дыйкан болом", "Моделим менен айга учам", "Ыр жазуу", "Эки дос", "Убакыт бекер кетпеди" ж.б. аңгемелеринде даана көрүнөт. Ш.Садыбакасов – балдардын тилин, кулк-мүнөзүн, ойлоо жөндөмдүүлүгүн, дүйнөнү таза, баёо кабыл алуусун таасын туя билген, алардын кыялдары менен жашай алган жазуучу. Мүнөздөрдү жана турмуш кырдаалдарын сүрөттөөдө ал жасалма схемадан, курулай ойдон чыгаруудан качып, көркөм деталдар, штрихтер менен каармандын образдарын табигый жарата алган. Анын бул сапаттары "Жол түгөнбөйт" жыйнагындагы аңгемелеринен ачык байкалат. Анда согуш мезгилиндеги турмуштун бир эпизодун чагылдырган "Үйдүн куту" аттуу аңгемеси өтө айырмаланып турат. Жашоого жеңил карап, турмуш бороонуна туруштук бере албай куюгуп кеткен, эрки бош Капар аттуу адам – ал аңгеменин башкы каарманы.

"...Фу, алиги беш көкүл кызды чекеге чертип албаймынбы. Баш көтөргөндүн баары кыргынга кетип жатат... А мен тылдын армиясымын... Мага аял жокпу, өзүм сельсоветтин председателимин. Баш болсо, баары табылат. Кайран өзүм, бутумдун айыбы – ишимдин оңдой бердиси.

Дүйнөгө экинчи жаралбайсың да." Бул – Капардын сүйлөп турган сөзү. Буга чейин ал аялын бетке уруп, жаш баласы менен кууп чыккан. Бул жерде жазуучу Капарды жамандаган жок. Тек гана анын "монологун" келтирди. Бирок айткан сөздөрүнөн улам эле анын ким экендиги таасын билинип калды. Эл башына каран түн түшүп, эне-ата менен сүйгөн жар уясында жылан жаткан торгойдой безеленип, уландарын, бозойлорун кан майданга узатып жатышса, Капар бутунун майыптыгына ыраазы болуп, сүйүнүп отурса, анын кандай адам экендигин билүү кыйын эмес. Ал "болочогун башына эмес, бутуна тапшырды, бутуна ишенди. Эл башына түн түшкөндө, аны майып буту башкарып кетти." А дарыгер Токтобүбү болсо, күү менен келип, баласын энесине тапшырды да, эр жигиттин намысын көтөрүп, көкүрөгүнө "уулунун бешик жыттуу көйнөгүн" катып, адам өмүрүн коргоо үчүн майданга аттанды.

"Асман-жер күркүрөп, эки зор күч карсылдашканда аалам солкулдап, кулак тунду. Күндүз түнөрүп, түн от бүркүп коңурсуп, кыймачийме тилинди. Кан чачырап, асмандын булуту да кызаргансыды, адам тургай обонун канаттуулары да чыркырап куйкаланды, замбирек октору озоңдоп, көлөкөсүндө бөбөк ойногон чынарларды тамыры менен суурун ыргытты." Жазуучу согуш алааматын, анын сүрдүү сүрөтүн ушундайча тартат. Мына ушундай жерде Токтобүбү согуштук госпиталда иштеп жатты. Иштеп гана жаткан жок, эр-азаматтардын дартына дабаа таап, ажал менен бетме-бет алышып жатты. Бул асыл аялга караганда Капар макулукка окшоп калды. Ал турмуштун туткасын колуна уучтап алгансып, а башка эр-азаматтар жамандыгынан колуна курал алып майданда жүргөнсүп, эсирип кетти.

...Аңгыча Токтобүбүнү окоптон табышты. "Канга чыланып, тирүүлүктүн белгиси жок, чечиндиргенде жүрөгүнүн тушунан уулунун сүрөтү балбырап күлдү." Азырынча анын кай жеринен жарадар болгону белгисиз. Бирок автор бул окуядан кийин дароо таптакыр башка жагдайды сүрөттөөгө өтөт. Анда дарыгерлердин тилин албай, "чатак" атка конгон бейтап адам менен башкы врачтын ортосундагы мамиле баяндалат. Жазуучунун сүрөттөөсү боюнча врач мурдагыдай шартылдабай, үч буттап басат. Демейде эч кимдин сөзүн укпаган "чатак" тигил врач аялды көргөндө аптыгып, жумшара түшөт. Ал "бир Күнү түшүндө Токтобүбүнү көрдү". Мына ушундан кийин окурманда: "Балким, ушу "чатак" Капар болуп жүрбөсүн?" – деген ой пайда болот. Чынында эле, ошондой болуп чыкты. Алиги "үч аяк" врач аял Токтобүбү, "чатак" Капар экен. Жазуучу муну ачык билдирбестен, көркөм өнөрдүн мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык сюжетти ичкериден тутантып, көп нерселерди подтексттин алдына жашырып, окурмандын кыял-фантазиясына калтырат. Бир күнү башкы врач Капарга гүлдесте сунду да күлүмсүрөп: "Карачы, талаа гүлдөрүн... Сагынгандырсың?" – деди.

Мына ушул кыска эпизоддо эле Токтобүбүнүн бийиктиги, жан дүйнөсүнүн таза, тунуктугу ишарат аркылуу даана тартыла калды. Ал тигини мурдагы күйөөсү болгондугу үчүн эмес, адам тукумунан

болгондугу үчүн сыйлады. Антсе да мына ушул жерде окурманда Токтобүбүгө карата сүйчү кезде сүйө билбеген неме эми кайдан билмек эле баркыңызды, - деген кызгануу сезими пайда болбой койбойт. Бир кезде өзү кууп чыккан аялдан мындай ызат күтпөгөн Капар айласын таппай: “Мобу жерим ооруйт”,–деп курулай шылтоо менен жүрөгүн көрсөтүп, “мага операцияны өзүң жаса... ” – деди. Токтобүбү буга макул болуп, операцияны өзү жасады. “Чатак” аман-эсен айыгып, ооруканадан чыкты. Токтобүбү дарт менен кошо адамды кээде туура жолдон тайгылтып, көздү тунартчу анын ичиндеги “челди” да алып таштады. Ушундан кийин Капар илгери үмүт менен бар кайратын жыйып туруп, күнөөсүн мойнуна алып, сөз салды. Бирок Токтобүбүнүн колун кесеп, кекээр менен “Жок!” дегени, аңгыча алардын жанына “Победа” токтоп, андан эки бала чуркап чыгып, апасын кандидаттык диссертациясын жактаганы үчүн жарыша куттукташканы аны биротоло жер менен жексен кылды. Мына ушул балдарды сүрөттөөдө кантсе да жазуучу жасалмалуулуктун торуна чалынып калгандай. Бала деген-бала. Жабырап тигинче сөздү айтып отурбас. Эгер тексттен “бала”, “кыз” деген сөздөрдү алып таштасак эле калган сөздөрү чоң кишилерге мүнөздүү экендиги кашкая түшөт. Эмнеси болсо да автор бу сапар балдардын кулк-мүнөзүн, психологиясын таасын туя билген сезим ченеминен чыгып кеткендей. Ал жогорку эпизодду тек гана Капар менен Токтобүбүнүн кийинки турмушу кандайча болгондугун кабарлап коюу үчүн “жармаштырса” керек. Ырас, биз Токтобүбүнүн кийинки турмушунан кабардар болушубуз керек эле, бирок көркөм чыгарманын логикасына ылайык жол менен...

Күндөрдүн биринде Токтобүбү кандидиаттык диссертациясын жактады. Мына ушул кырдаалды сүрөттөөдө жазуучу аңгеменин тулку боюн бириктирип турган негизги идеялык-эстетикалык жүктү өтө сыйымдуулук менен батырган: “Трибунадан түшүп, элди как жара “тык-тук” басып баратты. Терезеден шыкаалап турган Капарды кимдир бирөө: “Түш ой, суксуйбай! Мындайда элге буюрган орун да артпайт экен!” – деп тоголото түрттү. Автор бул графикалык штрих менен апаат күндөрдө турмушта орун таба албаган адам бейпил күндө деле орун таба албай тургандыгын, ал жай турмушта да “артыкбаш адам” экендигин тымызын билдирип жатат. Ошентип, Ш.Садыбакасов турмуш материалдарынан көркөм чындык жаратуу үчүн каармандарынын кулк-мүнөзүн ичкериден иликтөө, ал үчүн аларды ар түркүн жагдайлардан алып өтүү, сюжетти табигый өнүктүрүп, чыйрак түзүү, жекече мүнөз, тагдыр, образды элестүү тартуу сыяктуу чыгармачылыкка тийиштүү негизги принциптерди туура тутунат. Бул – анын прозалык чыгармаларына мүнөздүү жалпы сапат белгиси. Албетте, ал жыйнактардын бардыгы эле бир кылка, текши жазылган эмес. Бул – көркөм чыгармачылыктын татаал табиятына байланыштуу нерсе.

Жазуучунун “Жашыл өзөн”(1968) аттуу китебине кирген ырларында турмуш, келечек жөнүндөгү философиялык ойлору, Ата Журтту

даңазалоо сезимдери баяндалып, өмүр, көңүл, мөлтүр махабат сыяктуу назик кыялдары чабыттайт. Жыйнакта калайык калкка азап, кайгы алып келген каардуу согуштун калтырган издери да элестүү берилген. Акын учкул, курч сөздөр менен уруучул, ушак- айыңчыл, арызчыларга да көңүл бөлүп, аларды сындап, чымчып өтөт. Жыйнакты барактай келип Садыбакасовдун туулган жерге болгон сүйүүсү зор, чексиз экени өзгөчө көңүлдү бөлөт. Анын чыгармаларында бул маселе өтө курч коюлат жана жазуучунун жараткан көркөм образдары өз жерин, өз Мекенин сүйүүнүн мыкты үлгүлөрүн берүү даражасына чейин көтөрүлөт.

Үй-бүлө, жаштык, достук, ынтымак, эмгек бири-бири менен тутумдаш, ажырагыс, эриш-аркак экендигин "Жыргал түн", "Быйылкы жаз","Курбуларым" ж.б. ырларында айтып өтөт. Анын "Колдон келсе" деген ырында бирге жүргөн досторуңдун ичинде сыртынан күлүп, ичинен күйгөн арамзалары да бар экендигин:

Жампайып ичиңе курт жыйыптырсың,
Мен сени байтеректей өссүн десем!..
Кыйтыйып ичиң түтөп жүрүптүрсүң,
Мен сени арча отундай күйсүн дегем, –

деп турмуш чындыгын көз алдыга элестетет. Андайларга "жетпеди акылдуу сөз, айткан жеме" деп, Ш.Садыбакасовдун өкүнгөндүгүндө кажет жок. Анын:

Камырдай кайра жууруп, колдон келсе,
Аттиң ай, кайра сени жасасам ээ! – дегенинде нукура

чындык жатат.

Шатман Садыбакасов публицистика жана адабий сын жанрларына да кайрылып, бул багытта эсте каларлык иштерди аткарды. Атактуу ырчы Калык Акиевдин чыгармачылыгын пропагандалаган макалаларды жазуу жана анын жарыкка чыга элек мурастарын жарыялоо маселесин көтөрүү менен бирге, акындын өмүрү, күрөш жолу жөнүндө "Азаттык үчүн" аттуу киноповестин да жазды. Чыгармадагы поэтика, жатык тил, лиризм, айтылуу ырчынын атак-аброюна, сыпатына төп келип, анын, ал жашаган доордун жазы панорамасын элестүү, ары даана тартып өтөт.

Анын калеми үчүн жаңыча болуп эсептелген бул жанрдын өзүнчө өзгөчөлүгү атайын даярдыкты талап кылчу стилдик, формалык белгилери болорлугун эске алсак, жазуучу бу сапар да өз алдынча ийгиликке жетише алган дешке болот. Бул чыгармада кыргыз турмушунда көпкө өкүм сүрүп келген теңсиздик турмуштун картинасын кара таман кедейлер Насаке, Боромбай, Бирназар, беш көкүл кыз Күлүсүндүн жана болуш Зарбат менен приставдын, оёздун, жазалоочунун образдары аркылуу жарата алган. Зарбат болуштун Күлүсүндү зордоп токолдукка алышы, кийин ал качып чыгып, куугундан кутулуу үчүн шар суугa боюн таштаы, акыры азаттык келип, кедей-кембагалдар эркиндикке, теңдикке жетиши сыяктуу мурдатан иштелип келаткан салттуу темага Ш.Садыбакасов да кайрылып, ошол турмуштун фонунда элге дем, шык берип, көңүлүн көтөргөн тайбас акын Калыктын

образын элестүү түзө алган. Азаттык үчүн окко учкан Бирназарды жоктоп, ыйлап жаткан Насаке карыяга Калыктын:

Тебишип бирөө кулабай,
Теңдик күн өзү келеби?
Эгешип чеке жарылбай,
Эркин күн өзү келеби?
Ата-бабаң каалаптыр,
Алгын деп душман береби?
Алышып жака жулушпай,
Азат күн өзү келеби?
Азат күн үчүн калайык,
Алкымдашып көрөлү,– деп кайрат айтып турганы акындын чечендигин, ким болсо да, бетке айткан тайбас-кашкөйлүгүн, ойчулдугун далилдеген мисал катары кынапталган.

Прозадагы мына ошондой такшалуу, машыгуу жолдорун басып өткөндөн кийин гана ал өзүнө белгилүүлүк алып келген, чыгармачылык жолунда барандуу орунда турган, достук, сүйүү менен жашап, күрөшүп, жеңип, жаңыларды куруп, өлкөгө калкалар тоо болгон биздин адамдардын, асыресе, аялдардын эмгегин, жүрөккө өчпөс так калтырган согуштун калабалуу күндөрүн чагылдырган “Күндөр” (1965) романын жарыкка чыгарды. Жазуучунун “Күндөр” романы өзгөчө бир ыргак менен жазылганы байкалат. Романдын идеялык-эстетикалык маңызынын тереңдиги дагы автордун турмуштук кырдаалдарды кылдат байкай билгендиги, жашоо-тиричиликтеги кадыресе эле көрүнүштөрдүн тереңин ача билген жазуучулук чеберчилигине байланыштуу.

Романдын каармандарынын дээрлик бардыгы – аялдар. Мунун да кандайдыр бир символикалуу терең мааниси бардай. Ал эми аялдар өткөрүп жаткан ошол күндөр – жөн эле күнүмдүк турмуш үчүн өтүп жаткан тириликтин күндөрү эмес, адам тагдырын кыл көпүрөдөн өткөрүп, же өмүр, же өлүм деп эсеп-чотун кагып калган күндөр. Мына ошондой мээни кезеп, жүрөктү ээзип, ар бир мүнөтү азап-тозокко толгон күндөрдө алыскы тоо койнундагы чакан айылда иштеп, жашап жатышкан Жакин, Ракыя, Калыйман, Эрмек, Зууракан, Бактыгүл, Салый, Таты сыяктуу ак жоолукчандардын ички дүйнөсү, бийик нарктуулугу, ыйман-ырысы түстүү боёктор менен тартылып, канчалык татаал болсо да, бул жарык дүйнөдө жашоодон өткөн таалай-бакыт болбостугуна ой калчатат. Ошол азаптуу күндөрдө кыйынчылыкка майышпай, жекече тагдырын эл тагдыры менен тамырлаш кылып жашаган каармандардын ар бири өзүнчө кулк-мүнөзү, ой-санаасы менен эсте калат. Бейпил күндөрдө анча билинбеген адам сапаттары эми бардык жагынан ачылып, кимдин-ким экендигин абийир сотунун алдына алып чыгат. Маселен, алкы бузук, уят-сыйытты жыйыштырып койгон Ташмат коомдук малга суук колун салып жек көрүнсө, күйөөсү Орунтай согушка кеткенден кийин Эрмек бир колхоздун кыймылын, жоопкерчилигин өз мойнуна алып, ишке киришет. Анын ички бийик сапаттары өз иниси Түнтөй менен коңшу колхоздун башкармасы

Мамат менен болгон кагылышууларында ачык көрүнөт. Канчалык зарлап кудайга жалынса да, бала көрбөй жүргөн Татынын күйөөсү Токтонаалы аскерге кеткенде, артында аталап узатып калган туягы жоктугуна кейип турган абалы да окурмандын жан дүйнөсүн ала салдырып жиберет. Ал эми Жакин менен Сардардын ууз сүйүүсү, адамгерчилик сапаттары жөн гана иллюстрация эмес, бийик адеп-аклактык категория катары романдын тулку боюна чөгөрүлгөн. Күйөөсү Сардар согуштан өлгөндөн кийин да үч баласынан, кемпиринен ажыраган кайын атасы Мамбетти таштап кетпей, ага сылык-сыпаа мамиле жасаган Жакин окурманды кайдыгер калтырбайт. Ал эми Мамбеттин улуу келини Зыйнат күйөөсү Кадырдын өлгөнүн угузгандан кийин эле балдарын ээрчитип төркүнүнө кетип калат.

Чыгармада сүрөттөлгөн мүнөздөр эч кандай жасалмасыз, апыртмасыз табигыйлуулугу менен ишенимдүү таасир калтырып, жан дүйнөңдү тазартат. Жамандык менен жакшылыктын, ак менен каранын кагылышууларына күбө болгон окурман да турмуштук бай тажрыйба алып чыккандай болот. Кыскасы, "Күндөр" романы кыргыз адабиятында согуш темасын көркөм иликтөөгө алган ар кыл жанрдагы чыгармалардын алкагын тематикалык-проблематикалык жактан кеңейтип, жаңы образдар, мүнөздөр менен толуктаган көркөм полотно болуп калды.

Эл турмушунун өткөндөгүсү, учурдагысы жана эртегисинин тутумдаштыгын, муундар тагдырынын байланыштуулугун көркөм аңдоого алуу ар бир сүрөткердин көркөм концепциясы болору белгилүү. Бул олуттуу тема, адабияттын ар бир түрүнүн, анда эмгектенген сөз чеберлеринин ар кимисинин өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ар кандай деңгээлде чечмеленип келатат. Ш.Садыбакасов да мына ошол проблема менен түйшөлүп, аны драма жанрында өзүнчө ыкма менен башкача өңүттөн, ракурстан карап чечмелөөгө аракеттенди.

Табиятынан көп кырдуу талантка эгедер Ш.Садыбакасовдун ошол талантынын дагы бир кыры 70-жылдары "жарк" этип ачылып берди. Ал жылдары Ш.Садыбакасов кыргыз элине таланттуу драматург катары таанылды. Ал туулуп өскөн жерин душмандардан коргогон, эбак элдик дастандарга айланган тарыхый эстеликтерге кайрылып, алардын доорун, күрөшүн, элди ириткен сыйкылык менен чыккынчылыктын залакасын чагылдырган "Ак боз ат", "Керме Тоо" драмаларын жаратты. Анын калеминен жаралган "Ак боз ат" драмасы көрармандар тарабынан жылуу кабыл алынды. Мезгил сынынан ишенимдүү өткөн бул чыгарма азыркы мезгилде да өз актуалдуулугун, эстетикалык наркын жоготпой, кыргыз сахнасында удаа-удаа коюлуп, кыргыз көрармандарынын кийинки муун, урпактарынын жүрөгүнөн орун алып келатат.

"Ак боз ат" драмасынын мезгил сынынан ийгиликтүү өтүшүнүн эң башкы себеби чыгармадагы конфликттүү мамилелердин өзүнө автордун философиялуу жалпылоолорду чөгөрө алгандыгы, драмада табияты кармалып-кармалгыс адам табияты жөнүндө ой калчап, аны ичкериден көркөм иликтей билүү менен аны концепциялык деңгээлге чейин көтөрө

жеткире алгандыгында. Ошол үчүн бул драмалык чыгарманын сыры менен сыны кетилбей, мезгил өткөн сайын анын актуалдуулугу менен проблемалуулугу кийинки муун, урпактар үчүн да куду мурункусундай жашап келе жатат. Адабиятчы К.Артыкбаев да "Ак боз ат" драмасына кайрылып, анын философиялуу маанайдагы драма экендигин мындайча белгилеген: "Ак боз ат" – эң биринчи кезекте туулган жерди, Ата Конушту ыйыктоо, аны жат душмандардын зордук-зомбулугунан коргоо, Мекенди, элди сүйүү идеясын бийик көкөлөткөн драма. Андан тышкары анда адам баласын толкундатып келаткан өмүр, өлүм, жашоо, адамгерчилик, достук, сүйүү маселелери жөнүндө да өз ордуна, ыгына жараша дурус сөз болот".

"Шатмандын чыгармаларын салмактай карап, баалай келгенде аз жазган, бирок саз жазган, чыгармачылыкка өтө олуттуу мамиле кылган жазуучу экени баамга уруна түшөт. Ошол окурмандарына калтырып кеткен мурастардын ичинен "Ак боз ат", "Керме тоо" (Тайлак баатыр жөнүндө) драмалык чыгармалары менен эпикалык үлгүдөгү "Күндөр" романы – авторду калың элдин учу менен кыйырына таанымал кылган чыгармалар. Садыбакасов өзгөчө ушул чыгармаларында жазуучулук бар келбети менен ачылып, сүрөткерге тиешелүү чеберчиликтин илме кайып ыкмалары менен сырларын акырындык менен өздөштүрүп, устаттыктын сырлуу түйүндөрүн чече билген жазуучу катары өз кесибинин бийиктигине көтөрүлө алды. Жогорудагы чыгармалары аны таланттуу драматург катары тааныттыˮ.[54]

Бышыктоо үчүн суроолор:

1. Дегеле бүгүнкү күнгө чейин Шатман Садыбакасов тууралуу силерде кандай маалыматтар бар эле?
2. Болочок калемгердин чыгармачылык жөндөм-шыгынын өсүшүнө кандай жагдайлар таасир эткен?
3. Шатман Садыбакасов чыгармачылыгын кайсы жанрда жазуу менен баштаган?
4. Ш.Садыбакасовдун "Күндөр" романынын идеялык-тематикалык негизи кандай?
5. Кандай тематикадагы чыгармаларды жазыптыр?
6. Ал кыргыз драматургиясына кандай салым кошту?
7. Бүгүнкү өтүлгөн сабакта силерди эмне кызыктырды жана таң калтырды?

## 2. Ролдор боюнча үн кубултуп көрктүү окуу сабагы

Класста текстти көркөм окуу иши окуучуларга эстетикалык тарбия берүүдөгү эффективдүү ыкмалардын бири болуп саналат. Көркөм окуу иши окуучулардын көркөм чыгармага карата болгон кызыкчылыгын ойготот. Адабият мугалими, баарыдан мурда, өзү көрктүү окуунун теориясын жакшы билип, практикада аны иштей алгыдай болушу керек.

[54] Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек: 2002, 321-бет.

Мугалимдин окуучуларга класста көркөм окуусу алардын эмоциясын, эстетикалык сезимин ойготууга жардам берет. Окуучулардын көркөм окуунун техникасын өздөштүрүүлөрүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондуктан окуучуларды класста үн кубултуп көрктүү окууга адаттандырууда мугалимге зор роль таандык.

Класста үн кубултуп көрктүү окуу – текст менен болгон жумуштардын эң маанилүү бөлүктөрүнүн бири. Көркөм окуунун башкы максаттарынын бири – окуу аркылуу угуучуга таасир калтыруу, ойлонууга багыт берүү, окуп жаткан текстти окуп жаткан адам кандай түшүнсө, угуучунун да ошондой түшүнүүсүнө жетишүү болуп эсептелет. Текстти көркөм окуу ичтен окуунун кандайынан болсо да, артыкчылык кылат. Ал чыгарманын эң жакшы жактарын угуучуга жеткирет. Аны жеткириш үчүн ошол текстти окуучу абалы мурун өзү түшүнүүгө милдеттүү. Ошондуктан көркөм окуунун өзү эле окуучунун чыгарманы түшүнүшүнө, талдай билишине мүмкүнчүлүк түзөт. Текстти көркөм окуу аркылуу окуучунун аны үйрөнө билишине жетиштире алабыз. Көркөм чыгарманын таасирдүүлүгү окуучунун сезимине көркөм окуу аркылуу гана жетет. Натыйжада, окуучу өзү көркөм текстти талдай билүүгө, аны түшүнүп, баа бере билүүгө жетишет.[55]

Ролдорду бөлүштүрүүдө мугалим төмөнкүлөрдү эске алат:

1.Мугалим өзү окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн эске алып, каармандардын образдарын бөлүштүрүп берет.

2.Окуучулардын өздөрү тигил же бул каармандын образын тандап алат.

1-окуучу – Думана
2-окуучу – Зулайка
3-окуучу – Жаныбек
4-окуучу – Малике-Аяр
5-окуучу – Ирбис
6-окуучу – Эрке-Айым
7-окуучу – жигит
8-окуучу – Чарын
9-окуучу – Мансур
10-окуучу – Лайлум

Драманын текстин тереңдетип өздөштүрүү үчүн окуянын жүрүшү боюнча төмөндөгү сценаларды тандап алдык:

1-сцена: 1-көрүнүштүн 1-эпизоду (Думана менен элестердин, Ажалдын диалогдору: өмүр, өлүм жөнүндөгү ой толгоолор) – экспозиция.

2-сцена: 1-көрүнүштүн 2-эпизоду (Сепил алдындагы Чарындын каары) – окуянын башталышы.

3-сцена: 2-көрүнүштүн 3-эпизоду (Алтын таяк Зулайка эненин каргышы) – окуянын өнүгүшү.

---

[55] Иманалиев К. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери. –Фрунзе, Мектеп.- 1973, 13-бет.

4-сцена: 4-көрүнүштүн 3-4-эпизоду (Кайнене келин кагышы. Эрке-Айымдын Боз жоргону минип качышы) – окуянын чиелениши.

5-сцена: 7- көрүнүштүн 6-эпизоду (Эрке-Айымдын Ак боз атты агытып жазаланышы) – окуянын кульминациясы.

6-сцена: 8-көрүнүштүн 3-эпизоду (Ак боз атты элге ыйгаруу) – окуянын аякташы.

Тандалып алынган ар бир эпизод окутуучу тарабынан реставрацияланып, сюжеттин жүрүшүндө маанилүү роль ойногон диалогдор гана окуучуларга жатка көрктүү окуп келүүгө тапшырма берилет. Кимдин кебин ким окуй тургандыгы белгилүү болгондон кийин, ар бир окуучу-каарман менен жекече аңгемелешип, консультациялар берүү керек.

1. С а б а к т ы н т е м а с ы: Ролдор боюнча үн кубултуп көрктүү окуу аркылуу "Ак боз ат" драмасынын текстин өздөштүрүү.
2. С а б а к т ы н м а к с а т ы:

а) Билим берүүчүлүк жагы: 1. Драманын сюжетин окуучулардын толук өздөштүрүүлөрүнө жетишүү. 2. Окуянын жүрүшү боюнча уюштурулган алты сценканы көрктүү окутуу аркылуу драманын сюжетинин элементтерин окуучуларга байкатуу.

б) Тарбия берүүчүлүк жагы: 1. Балдарды Мекенди, элди сүйүүгө, жат душмандардан коргоого, ошондой эле тазалыкка, арүүлукка тарбиялоо.

в) Өнүктүрүүчүлүк жагы: 1. Окуучуларды сюжеттин элементтерин таба билүүгө үйрөтүү. 2. Ролдоштуруп көрктүү окууга көнүктүрүү. 3. Оозеки байланыштуу кебин өстүрүү.

3. С а б а к т ы н ж а б д ы л ы ш ы: Ш. Садыбакасовдун "Кең дүйнө" чыгармалар жыйнагы. Фрунзе, 1976.
4. С а б а к т ы н т и б и: Көркөм чыгарманы үйрөнүү сабагы.
5. С а б а к т ы н т ү р ү: Тексттин үстүндө тереңдеп иштөө сабагы.
6. С а б а к т ы н ф о р м а с ы: Ролдоштуруп көрктүү окуу сабагы.
7. С а б а к т а к о л д о н у л у у ч у м е т о д д о р: Чыгармачылык окуу методу жана эвристикалык метод.

С а б а к т ы н ж ү р ү ш ү

Биринчи көшөгө. Биринчи көрүнүштүн биринчи эпизоду.

Автордун жана элестердин кептерин мугалим окуйт:

*Караңгы. Иттин улуганы. Сурнай үнү. Жалгыз жылкынын дүбүртү, кишенегени. Жылаажындын шыңгыраганы алыстап жоголот. Муңдуу ыр угулат:*

Кызыл кыр ылдый көч барат, арман,
Кыраанын улуп ач барат, арман.
Ак боз ат илкип, тизгинин чубап,
Ак каңкы ээри бош барат, арман.
Аза күтүп, көч барат, арман,
Алгырың жүдөп ач барат, арман.

Ак боз ат арып, чылбырын сүйрөп,
Ак олпок тону жок барат, арман.

*Көшөгө жай ачылып, жалгыз түп жапырак талга – мазарга шоола түшөт.*

*Аса-мусасын шалдыратып думана кирет.*

Д у м а н а. Ак! Ак!
Думана келет о ак уруп,
Кудайына о жалынып,
Кудайың, кайда о көрбөдүм,
Куу ажал жетип о өлбөдүм.
(*мазарды карап*).
Жин-перинин уюгу, кыдыр алейсаламдын түнөгү,
Сен айтчы, куу таяк таянып жериңди кыдырдым,
Куу чүпүрөк жамынып элиңди кыдырдым...
Куу тырмак болуп чөбүңдү сыдырдым...
Дагы көрө элек эмнем калды! Кана ?...
Малым, малым о дейсиңер,
Малың тоонун о чымчыгы.
Үйүм, үйүм о дейсиңер,
Үйүң токой о чырпыгы.

Өрдөк учса о көл калат,
Өлбөй тирүү о ким калат,
Булбул учса о тал калат,
Бу дүйнөдө о ким калат...
Алдо үй, алдо үй...
Ак дегенден о уялбай,
Актын жолун о кыялбай,
Өлөйүн десем о жан таттуу,
Кирейин десем о жер катуу.
Алдо үй...

*Думана таягына өбөктөйт. Азга тымтырстык. Думанага элес тартылат.*

К ү ң г ү р ө н г ө н  ү н . Кимсиңер... Силер кимсиңер?

Д ы й к а н д ы н  ү н ү. Дыйкан элем. Алыш чаап, аштык айдап жүргөнүмдө өлтүрүштү.

У с т а н ы н  ү н ү. Колумдан көөр төгүлчү. Өзүм соккон кылыч менен өзүмдүн башымды алышты. Мен алда качан өлгөм. Кылыч алигиче тирүү– жалаңдап баш кесет.

Ү н. Башың кана? Сен кимсиң?

Ж о о п. Ким экенимди өзүм билбейм. Башы жок арбакмын. Денем бөлөк көмүлгөн. Башым ошол кыргында жоголгон. Башымдан ажыраткан кылычка каргыш...

( *Ымыркай баланын ыйлаганы угулат*).

Ү н. Сен бешигиңде таңылган боюнча ачкандан чарчап калдың.

А ж а л д ы н ү н ү. Мен ажалмын. Эй, адам! Сен кайда барсаң мен ошоякта. Мейлиң, эмеле дүйнөнү бүркүп коёсуңбу, кырыласыңбы... баарына макулмун, баарына кайылмын. Кылыч, мылтыкты мен жасаган жокмун, кыргынды мен ойлогон жокмун. Эй, адамдар, ажалды силер өзүңөргө өзүңөр чакырасыңар. Мен четиңерден санап, бирден жаныңарды алчу элем, эми санатым жетпей баратат. Эй, күндүн көзү тунарат – кимиңердин каныңар, айдын бети карарат – кимиңердин жаныңар? Думанам унчукпайсың да...

Ү н. Эмнеге унчугайын, баары чын.

( *Тымтырстык)*

*Мылтык "тарс" этет. Ачуу кыйкырык. Сахна "жарк" дей түшөт. Думана чочуп, секирип токтойт. Алыста керме тоолор, андан бериде, талаада – сепил.*

Д у м а н а. О, жараткан!
Ыраазымын, жалган дүйнө жыргалыңа.
Дооматым жок кызыл камчы жылдарыңа.
Кулдугум бар, тирүүлүктү көрбөйм эми,
Тарт, кудай, аманатыңды!
Тетиги булагыңа жүзүм жуугам,
Мына бул мазарыңа жаным курман,
Тарт, кудай, аманатыңды!
Унуткула менин жаман атымды.
Аманатыңды тарт, куда-ай!

А ж а л ү н ү. Сенин керегиң жок! Сен думана болуп жүрө тур. Думана болуп өзүң келесиң. Думана бойдон өлөсүң. (Жаңырык) А... а-а, а.

Д у м а н а. Оо, көзү жок кудай... ( Үн чыккан жакты кубалап). Атым да думана (көзүн ушалап, эки жагын каранып) жада калса көзүм да думана... Оо, калыстыгы жок ажал... (Кетет.)

А ж а л ү н ү. Ырас, ажалдын калыстыгы жок – ошон үчүн ажал. А адамдар, силерчи... Силер кандайсыңар... Сай ташындай кылымдар өттү. Силер бири-бириңерди аядыңарбы? Дайыма калыссыңарбы? Кана, ойлонгулачы... Кана, ат жалына казан асып, бир азга өткөн-кеткенге көз жүгүрткүлөчү.

*( Пауза.)*

М у г а л и м : Жогоруда биз уккан үзүндү чыгарманын кайсы жеринен орун алган жана сюжеттин кандай элементи болуп саналат?

О к у у ч у : Драма жогорудагыдай көрүнүштөрдү сүрөттөө менен башталат. Демек, бул үзүндү чыгарманын биринчи көшөгөсүнөн орун алган жана драманын экспозициясы болуп саналат.

Мындан соң биринчи көрүнүштүн экинчи эпизоду көркүү окулат.

М у г а л и м : *Кылычтын кыңгырааганы. Жоо жаракчан Чарын. Бөйрөгүн таяна сепилге серп салат. Шамур, Мансур жана нөкөрлөр.*

Ч а р ы н. Боз жорго...
Туяктуунун баары тулпар эмес,
Канаттуунун баары шумкар эмес.
Таңдагы шамдай жанган кайран күлүк –
Ак боз ат...
Жебенин огу жетпеген,
Жез тумшук болсо тепсеген...
Желесин суурул чыккан кайран күлүк.
( Чарт жарылып.)
Ат мингизбей эринин кендирин кесем...
Элинин үмүтүн кыркам!

М у г а л и м : Окуянын башталышын көрсөткөн сцена кайсы деп ойлойсуңар?

О к у у ч у : Мына ушул азыр биз уккан эпизоддогу Чарындын сепилдин алдына келип токтоп, сүйлөп турушу окуянын башталышы болуп саналат.

Калган сценкалар да дал ушундай ыкма менен кѳрктүү окулуп, араларындагы окуялар оозеки суроо-жооп аркылуу аян болуп отурат. Ошентип, сабактын жыйынтыгында окуучулар драманын сюжети менен толук тааныш болушат.

### 3. "Ак боз ат" драмасы боюнча сахна-сабак

Сахна- сабак уюштурууда адабият мугалимине өтө чоң жоопкерчилик, түйшүк жүктөлөт. 7-10 мүнөттүк сабак үчүн мугалим режиссердун, композитордун, художниктин, жадагалса, гримердун ролун аткаруусу керек, бул үчүн андан аң-сезимдүү, чың адабий билим, эстетикалык табит, табигый жөндөм талап кылынат. Эң алдынан мугалим сахналаштыруу үчүн драманын керектүү сүрөт, көрүнүшүн тандап, аны 7–10 мүнөттүк убакытка ылайыкташтырып реставрациялайт. Андан соң ролдорду бөлүштүрүүдөн мурда окуучулар менен бир топ даярдык иштерин өткөрүү керек болот. Мисалы, ролдорду аткаруучу окуучуларды тактап алып, аларга өз-өзүнө тийген каармандардын сөзүн жаттап келүүнү тапшырат, сахнаны жасалгалоого жетекчилик кылат.

"Ак боз ат" драмасынын идеялык-тематикалык мазмунун ачып берүү андагы негизги үч каармандын: Жаныбек, Эрке-Айым жана Чарындын образдарын мүнөздөөгө байланыштуу. Ошон үчүн биз сахна-сабакта ушул үч каармандын тагдырлары чечилген жетинчи көрүнүштүн төмөндөгү эпизоддорун тандап алдык: 3-эпизодун (Туткунга түшкөн Жаныбек менен Эрке-Айымдын бет келиши), 4-эпизодун (Эрке-Айымдын Думананы ата катары таанышы) жана 6-эпизодун ( Эрке-Айымдын жазаланышы), 7-эпизодун (Чарындын өлүмү).

Жетинчи көрүнүш: 1. Думананын Мансурду дарылаганы, 2. Лайлумдун жардамы, 3. Туткунга түшкөн Жаныбек менен Эрке-Айымдын бет келиши, 4. Эрке-Айымдын Думананы ата катары таанышы, 5.

Шамурдун мерт болушу, 6. Эрке-Айымдын жазаланышы, 7. Чарындын өлүмү деп атоого мүмкүн болгон жети эпизоддон турат. Көрүнүп тургандай, сахна-сабак үчүн образдары талдоого алынып жаткан каармандар катышкан жогорудагы эпизоддорду гана алуу максатка ылайыктуу.

Демек, сахна-сабактын окуу материалын Ш.Садыбакасовдун "Кең дүйнө" аттуу китебинин 460-бетиндеги "Эрке-Айым, Жаныбек экөө тиктеше калат" деген автордук баяндан баштап, 462-бетиндеги "Думананы сүйрөп жөнөшөт" деген ремаркага чейинки эки эпизод, ортодогу Шамурдун Лайлум тарабынан мерт болушун чагылдырган эпизод калтырылат да, 464-беттеги Мансур чуркап кирип, Ак боз аттын качканын кабардаган жерден баштап, 465-беттин акырына чейинки окуялар түзөт.

Сахна-сабак өткөрүү үчүн мугалим бир ай мурда мектептин драмалык ийриминин катышуучуларынын күчү менен ишти баштоого милдеттүү. Бул үчүн мугалим-режиссер театр искусствосуна мүнөздүү төмөндөгү маселелерди билүүсү жана эске алуусу зарыл:

1. Сахнага коюш үчүн тандалып алынган драма адабияттык жана сценалык жактан терең анализденет. Драма бүт окулуп чыгып, окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө жараша ролдор бөлүштүрүлөт. Ар бир окуучу-аткаруучу өз текстин көчүрүп, оюнду коюуга байланыштуу үй тапшырмалары берилет.
2. Мындан кийин ролдордун үстүндө иштөө башталат. Ар бир окуучу көчүрүп алган текстин жаттайт. Аны өз сөзүндөй кылып сүйлөөгө жатыгат. Каармандардын психологиясынын өзгөчөлүгүн, кулк-мүнөзүн билип, анын сырын ачууга аракеттенет. Диалогдо сүйлөшө турган адамы менен жандуу, ишенимдүү, жасалма эмес, табигый аңгемелешүүгө көнүгүп, текстти чын жүрөктөн, чын дилден өздөштүрөт.
3. Театр тилинде "выгородка" деген термин бар. Бул "болжолдуу жасалга" деген түшүнүктү билдирет. Мындан кийин болжолдуу жасалгада иштөө башталат. Тигил же бул ролду аткарып жаткан окуучу окуяны дал эле турмуштук окуя катары кабыл алып, жокту бардай кылып сүйлөп жатканына өзүн да, өзгөнү да ишендирүүгө машыгат.
4. Жогорку жумуштардан кийин мизансценаларды түзүү башталат. Ачыгыраак айтканда, бул – персонаждардын мүнөзүнө, сүйлөгөн сөзүнүн маанисине жараша аракет-кыймылдарды жаратуу, фантазиянын жардамы аркылуу чыгармачыл ой жүгүртүп, табылган мизансценаларды жандандырып, ар бир сөздү сүйлөө убагында добуш толкундары менен үн ыргагын туура пайдалана билүү. Мындай жумуш бир нече ирет кайталанмайынча, адатка айланып, калыптана койбойт.
5. Гезит-журналдардан, илимий эмгектерден тиешелүү материалдарды окуу. Айрыкча, "Экран" журналынан, турмуштан,

кинодон, сахнадан көргөндөрүн топтоштуруп, ошол ролду аткарууда аларды пайдалануу.

6. Адегенде ролдордун айрым сүрөттөрү менен көрүнүштөрү гана аткарылат. Акырында ал бүткүл драма боюнча баштан аяк кайталанат. Муну театр тилинде "прогон" деп коюшат.
7. Пьесага коюлган буюм-теримдер, жасалгалар, кийимдер менен реквизиттер күн мурун даярдалат. Пьеса баштан аяк бир-эки сапар коюлуп бүткөндөн кийин, бүт жасалгалары: жарык, шоокум, музыка үндөрү менен кайрадан коюлат. Театр тили менен айтканда, муну "сводный" деп коюшат.
8. Мындан кийин пьеса бүт кийим-кече, грим, музыка ж.б. жасалга менен кадыресе көрсөтүлүп жаткандай абалга жеткирилет. Бул "генеральный" деп аталат. Анткени генеральный репетиция талкууланып, андагы кемчиликтер оңдолуп, пьесаны коюу үчүн акыркы даярдык өткөрүлөт.
9. Ошол генеральный репетициядан кийин оңдолуп, көрүүчүлөргө биринчи жолу тартууланган спектаклди премьера дейбиз. Дал ушул убакыттан ары ар кандай драманын сахнада жашоо доору – экинчи өмүрү башталат.

С а б а к т ы н т е м а с ы: Эл тагдырын калчаган адамдар (Жаныбек, Чарын жана Эрке-Айым).

С а б а к т ы н м а к с а т ы:

1. Билим берүүчүлүк: а). Жаныбек, Эрке-Айым, Чарындардын образдарын талдоо аркылуу драмадагы элди-жерди чет элдик баскынчылардан коргоо, элдин тагдырынан жеке кызыкчылыктарын жогору койгон адамдарга ишенип тапшырбоо идеяларын окуучуларга жеткирүү. б). Сахна оюнунун бир үзүмүн көрсөтүү менен окуучуларды театр искусствосу жөнүндөгү элементардык билимдерге эгедер кылуу. в). Драмалык жанрдын синтетикалык табиятын окуучуларга байкатуу.
2. Тарбия берүүчүлүк: Окуучуларды өз элин сүйүп, ага чыккынчылык кылбоого үндөө. Адамгерчилик, ар-намысты таза тутууга, мыкаачылыкты жек көрүүгө тарбиялоо.
3. Өркүндөтүүчүлүк жагы: а) Окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү. б) Көркөм окууга көнүктүрүү. в) Драманын режиссуралык-сахналык жагын талдоого үйрөтүү.

С а б а к т ы н ж а б д ы л ы ш ы: 1.Мектеп сахнасы. 2.Костюмдар. 3.Курал-жарактар.

С а б а к т ы н т и б и: Көркөм чыгарманы үйрөнүү сабагы.

С а б а к т ы н т ү р ү: Чыгарманы жалпылап үйрөнүү сабагы.

С а б а к т ы н ф о р м а с ы: Сахна-сабак.

С а б а к т ы н м е т о д д о р у: Чыгармачылык окуу жана жарым-жартылай изденүү (эвристикалык) метод.

Сабактын жүрүшү:

1.Сахна оюнун көрүү (10-15 мүнөт).

2.Драманын 2-көшөгөсүнүн 7-көрүнүшүнө адабий-сценалык талдоо (15-20 мүнөт):

а) Каармандардын аракеттерин комментарийлөө.

б) Каармандарга мүнөздөмө берүү.

в) Оюнду спектакль катары баалоо.

Катышуучу каармандар:

1. Жаныбек хан – 1- окуучу.
2. Эрке-Айым (Жаныбектин аялы) – 2- окуучу.
3. Чарын ( жунгар ханы ) – 3- окуучу .
4. Лайлум ( Чарындын кызы) – 4- окуучу.
5. Мансур ( Чарындын кол башчысы) – 5- окуучу.
6. Думана (Эрке-Айымдын атасы) – 6- окуучу.
7. Желдет – 7- окуучу.

**3-эпизод.**

*Эрке-Айым, Жаныбек экөө тиктеше калат.*

Жаныбек. *(Эрке-Айымга)* Жолуң болгур...

Эрке-Айым. Уй сааганды үйрөндүм, ханым.

Жаныбек: (*Эрке-Айымга*) Канат, куйругуң соо, башың ийиниңде кантип келдиң?

Эрке-Айым: Хандын башы тоголонгондо, ханышанын башы безилдебейби?!

Чарын: (*Жаныбекке).* Айымды көрдүңбү, сүйлөштүңбү. Бирөөгө берчү катын эмес экен бул дүйнөдө. Тигил дүйнөдөн да мындай катын таппайсың.

Жаныбек. Катынга өнөрүңдү көрсөтүпсүң.

Чарын: Сага да сактап жүргөн өнөр бар.

*(Желдетке)*

Бир кулагын чунайт.

*Желдет Жаныбектин кулагын кесет. Эрке-Айым чыңырат.*

Жаныбек: *(Чарынга)* Желдетиң таза кести,
Кийимиңди булгабай таза же, ит!

Чарын. Итке ыргыт кулагын.
Менин иттерим кулак жейт!
Чебиңдин сыры ушул беле?
Ханыңдын куну ушул беле?

Жаныбек. Айымдын көркүн бузуп,
Адамдын кулагын кесип,
Сенин хандыгың ушубу?

Чарын. Бир топ нойондорумду кепшеген экенсиң.

Жаныбек. Кепшегендей уй эмесмин! Эрөөлдөштүм.

Чарын. Түзүк. Ошол эрдигиң үчүн эрмектейм. Сен түндүгүңдү карап жүр. Айым биздин киши. Буга камчы көтөрбөйсүң, кылапат

айтпайсың. Бул үй сааса, сен музоо кайтарасың. Бул аяк жууса, сен казан көөлөйсүң.

(*Жаныбекти алып чыгышат*).

**6-эпизод.**

*Мансур чуркап кирет.*

М а н с у р. Ат... Ак боз ат качты!

Ч а р ы н. Таш оозуңа!

Тоскула боз жоргону... Кармагыла!

Кайра колума тийгизбесеңер... (*Мансурга*)

Мууздайм сени!

(*Мансур кетет*).

*Желдет Эрке-Айымды сүйрөп кирет.*

Ж е л д е т. Агыткан ушул.

Ч а р ы н. Ушу... Ушубу?!

Э р к е - А й ы м. Ордонун кызыл алтын, ак күмүшүн тепсеген мен. Бирөөлөрдүн күнөөсүн, бирөөлөрдүн мүдөөсүн тепсеген мен. Мамыдагы атты агытканга жарабайт бекем?

Ийе, Чарын?!

Ийиктей башы бар, илээшкен чачы бар дедиң го...

Ата! Алда арбагыңдан айланайын ай...

Ак бозуң элине кетти. Жерине!..

Ч а р ы н. Шерменде?!

Э р к е - А й ы м. Анымды өзүм да билем!

Ч а р ы н. (*желдетке*). Катындын эки бутун эки азоого байлап кыйнагыла! Өлтүргүлө...

Э р к е- А й ы м. Менин өлгөнүм качан? Кыйналганым качан? Сенин өлүмүңө жүргөм, ийе коңтаажы?! А сөөгүңө ит сийгир!

Ч а р ы н. Ордодогу катындардын башы сайга томолонсун. Бирөө калбасын! (*Жалгыз*). **7-эпизод.**

Капырай, калтаарыйм да бул кандай,

Ажал алка жакадан алгандай.

Жо-жок,

Билегимдин күчү тосула элек,

Кылычымдын мизи кетиле элек.

(*Мансур бет маңдайынан кыйкырып жаа тартып жиберет*)..

Сасыган курт! Жедиң... Ушу сенден...

М а н с у р. Сен жемексиң! Баарыбызды...

(*Чарын жыгылат*).

Кулады. Кулаттым! Өлдү. Өлтүрдүм.

Ошентип, сахна оюну бүткөн соң, мугалим адабияттык талдоого өтөт. Бул процесс эвристикалык аңгеменин негизинде суроолордун системасы аркылуу ишке ашат. Мындай суроолорду оюндун астынан класстагы окуучуларды эки топко бөлүп, биринчи топко каармандардын аракеттерин, кебете-кешпирин, кандай адам экендигин талдап

олтурууну, экинчи топко ким өз ролун кандай аткарды ошого көз салууну тапшырма берип коюу ишти конкреттештирет.

Биринчи топко берилүүчү суроолор:

1. Негизги каармандар кимдер жана драмадагы конфликт кимдердин ортосунда болот?

Окуучу: Драмадагы башкы каармандар – Эрке-Айым, Жаныбек, Чарын. Негизги карама-каршылык жунгар ханы Чарын менен Жаныбек хандын ортосунда жүрөт. Оюндун аягында Чарын да, Эрке-Айым да өлүп, окуя трагедия менен аяктады.

2. Ушул драмадагы башкы каармандардын бири Эрке-Айым жөнүндө силер кандай пикирде калдыңар?

Окуучу: Драмадагы негизги каармандардын бири болгон Эрке-Айым – Жаныбек хандын аялы.Чачы узун, айдай сулуу экени талашсыз. Бирок анын жасаган иштери кем акыл экендигин айгинелейт. Болбосо өзүнүн өмүрлүк жарынын жакшылыгын билбей, андан душманын жогору коюп, өз элине чыккынчылык кылып, качып кетет беле. "Көрбөгөндүн көргөнү курусун" деп таамай айтылган сөз бар эмеспи. Башында ал карапайым эле адамдын кызы эле. Кийин ал Жаныбек ханга жубай болуп калды. Ошондон тартып өнөрлөрү чыга баштады. Адам баласы жасабаган жоруктарды жасады. Мисалга алсак, бир уруу жаткан бешикти Зулайка берип жиберсе, тээп жиберет. Бээнин сүтүнө жуунат. Мындан башка толуп жаткан терс кыялдары басымдуулук кылат. Анын ушундай жоруктарына Жаныбек хан кайыл болуп, айтканын орундатат. Байлыкка чиренип, убагында биле албады. Ушундай жыргал жошоодон да тажады. Мындагыдан өткөн жылуу мамилени Чарындан издеди. Терең акыл калчап ойлобой, куу Чарындын бал тилине ишенип алды. Өзүнүн сулуулугун бетке тутуп: "Ушундай сулуулугум бар кезде эч жерде кор болбоймун" деген сокур ишенимге кирип алды. А Чарын болсо: "Өзүнүн койнунда жаткан Жаныбек ханга жакшылык кылбаган, мага жакшылык кылат беле",- деп анын акылы тайкы, келечегин ойлонбогон жан экенин байкап, туура жыйынтык чыгарган. Аягында Чарын тарабынан берилген жаза ушул сыяктуу аялдарга сабак болору – бышык иш.

3. Ал эми драмадагы Чарын ким, ал кандай адам?

Окуучу: Чарын – бул жунгар ханы. Ал өтө мыкаачы, ач көз, митайым, куу, самаганына жетүүнү көздөгөн адам. Ал кантип Боз жоргону алып, сепилди тоноонун жолун издейт. Сепилге кирүүнүн жолун таппай, Малике-Аяр менен жигитти суракка алып көрөт. Бирок алардан оң жооп ала албайт. Көздөгөн максатына жетүү үчүн баатырдык салтка туура келбеген ыплас иштерден кайтпайт, аябай жакшы убадаларды берет. Бирок акырындык менен Боз жоргого, Эрке-Айымга ээ болуп, Жаныбек ханды туткундаган соң, айткан сөздөрүнүн бири да аткарылбай, куру убада боюнча калат. Ушундан улам анын эки жүздүүлүгү даана байкалат. Андан тышкары анын таш боор адам экенине чек жок. Жалгыз кызы Лайлумду Шамурду өлтүргөндүгү үчүн зынданга салууну буйруйт. "Шамурдун өлүмү үчүн жүз туткундун башы тоголонсун, жүзүнүн кулагы

кесилсин!" – дейт. Кызы Лайлумдун: "Күнөөсүз канчалаган адамдарды өлтүрдүңүз, мен бирөөнү өлтүрсөм эмне экен", – деген сөзүнөн улам анын жанда жок мыкаачылыгы байкалып турат. Кыскасы, ал – чет элдик баскынчы, арам максатына жетүү үчүн карапайым элди самандай сапырган мыкаачы хандардын типтүү өкүлү.

4. Жаныбек хандын кандай каарман экенин байкадыңар?

Окуучу: Драмадагы конфликт Чарын менен Жаныбектин ортосунда болуп өтөт. Жаныбек хандын мүнөзүндө адамга таандык жакшы сапаттар бар. Акылсыз аялы Эрке-Айымдын ошондой кылыктарын көрүп туруп, ага кайыл болот. Айтканын аткарганга аракеттенет. Ошондуктан Боз жоргосун минем дегенинен берип койду. Эрке аялы ага жамандык кылып атса да, Чарындын көрсөткөн кордугунан жүдөгөн Эрке-Айымды көрүп боору ооруйт. Ал адегенде апасы Зулайка менен Малике-Аярдын сөзүн укпай, сепилинде жатып алса да, кийин элин коргоп калуу үчүн күрөшкө өтөт. Бейкүнөө эле жаткан адамдарга эч жамандык кылбайт. Качан гана душман бастырып киргенде, ага каршы салгылашууга өтөт.

4. Драманын аягында эмне үчүн автор тарабынан Чарын менен Эрке-Айым өлтүрүлөт да, Жаныбек хандын кулагы кесилип гана тим болот?

Окуучу: Биздин оюбузча, Чарын менен Эрке-Айымдын автор тарабынан өлтүрүлүшүнүн башкы себеби булардын кылган күнөөлөрү кечирилгис. Уккан адамдын жүрөгүн титиреткен кылмыштарды жасашты. Ал эми Жаныбек хан болсо, кезегинде эл коргоп жүргөн баатыр. Бийлик менен байлык, сулуу аял менен күлүк ат – ушулардын баары анын башын айлантып, элди эсинен чыгарды. Булардан ажыраганда гана Чарынга каршы аттанды. Бирок колго түшүп калып, Чарындын буйругу менен кулагы кесилип гана тим болду. Ошондуктан Эрке-Айым менен Чарынды да, Жаныбекти да автор туура жазалаган деп ойлойм.

Экинчи топко берилүүчү суроолор:

1. Эмне үчүн сабактын темасы "Эл тагдырын калчаган адамдар" деп аталган?

Окуучу: Жаныбек менен Чарын – эки элдин хандары, калк тагдыры үчүн жоопкер жетекчилер. Бири бөтөн элди басып алып, салык салып, кул туткусу келет. Экинчиси кыйын кезең күндө элдин тагдырын жеңил ойлоп, өз кызыкчылыгын жогору коюп, акырында гана патриоттук сезими козголот. Ал эми Эрке-Айым ханыша эсептелгендиктен, белгилүү даражада ал да элдин турмушунда роль ойной алат.
Боз жоргону душманга алып барып берип, Эрке-Айым элди бүлүндүрдү. Жаныбектин туткунга түшүшүнө себепкер болду. Ошондуктан бул үч каармандын образдарын талдоого алган сабактын темасы "Эл тагдырын калчаган адамдар" деп туура аталган.

2. 7- көрүнүштү сахна-оюну толук камтыганбы?

Окуучу: Сахна оюну 7- көрүнүштү толук камтыган эмес. 7- көрүнүш жети эпизоддон турат, анын баарын камтууга сахна-сабакка ыйгарылган

убакыт жетпейт. Ошондуктан сценарист биз талдоого ала турган каармандар катышкан негизги төрт сценканы (3, 4, 6, 7) тандап алган.

2. Сахнанын жасалгасы силердин көңүлүңөрдү бура алдыбы?

Окуучу: Алгач полотнодогу ак боз аттын сүрөтү көңүлүмдү бурду. Андан сырткары курал-жарактар көзгө тартыла түштү.

3. Ким ролун кандай аткарды?

Окуучу: Ар бир окуучу өздөрүнүн образдарын билүү менен аткарышты. Алардын арасынан Амангелди менен Нурпери сахнага биринчи жолу чыгып жаткандыктан, бир аз сүрдөштү. Ал эми Тургунай, Айпери, Асан, Тынчтыктар ролдорун өтө жакшы ойношту.

4. "Ак боз ат" драмасынын бул үзүндүсүн сахнага коюуда кимдер эмгектенди деп ойлойсуңар?

Окуучу: Драмага толук "жан кириш" үчүн сценарист, режиссер, артисттер жардамга келишти. Ошондуктан спектакль деп, драматург менен катар театрдын чыгармачыл коллективи авторлош болгон синтетикалык искусствонун оригиналдуу чыгармасын айтабыз.

Биз практика мезгилинде 4-курстун студенти тарабынан Ош шаарынын № 38-мектебинин 9-"Б" классында өткөрүлгөн сахна-сабактагы окуучулардын жоопторун бердик. Албетте, жооптор толук, канааттандырарлык эмес, ошон үчүн мектеп мугалимдерине биринчи темадагы (Драмалык чыгармаларды талдоонун жолдору жана принциптери) каармандардын образдарын талдоонун жолдорун жетекчиликке алууну сунуш кылабыз.

## 4. Образдарды талдоого арналган диспут-сабак

Талаш-тартышты окуучулардын окуган чыгармага өз алдынча баа берүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууда пайдалануунун мааниси чоң жана ал төмөндөгүдөй факторлорго таянат:

Биринчиден, мектептеги окуучуларга гуманитардык билим берүү системасындагы адабият сабагынын жеке өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрүнө. Бул өзгөчөлүктү педагог-методист А.С.Айзерман төмөндөгүчө түшүндүрөт: "материя", "тангенс", "функция" деген түшүнүктөрдүн мааниси жер жүзүндөгү миллиондогон адамдар үчүн бирдей болсо, адабиятта иш башка. Адабиятта тигил же бул каармандардын образын дал ушундай түшүнүүгө тийишсиң деп, эч ким окурманга буйрук бере албайт. Ошондуктан бир эле каармандын образын ар башка окурман ар түрдүү түшүнүп, бир эле чыгарманын идеясын адабий коомчулук ар башка кабыл алышы мүмкүн.

Экинчиден, ар бир көркөм чыгарманын өзүнө тиешелүү бөтөнчөлүгүнө, башкача айтканда, жанрына, проблематикасына, чыгармадагы автордук позицияга ж.б.

Үчүнчүдөн, жалпы класстын билим деңгээлине, окуучулардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө, окурмандык тажрыйбасына.

Айрыкча, чыгарма, ага берилген коомчулуктун баасы окуучуларга сабакка чейин эле тааныш болгон учурда ал боюнча дискуссия уюштуруу зарыл. Бул үчүн диспут-сабак формасын тандап алуу максатка ылайыктуу.

Сабактын жүрүшү:

Диспут- сабак суроолор жазылган ватманды доскага илүү менен башталат.

1. Эрке-Айымдын өлүмүнө ким күнөөлүү деп ойлойсуңар?
2. Эрке-Айымдын келечектен күткөн ой-максаты кандай эле?
3. Силер Эрке-Айымдын ордунда болсоңор, башкача айтканда, хандын аялы болуп үйдөн чыкпай, бир турдүү жашоодон тажасаңар кандай айла кылмаксыңар?
4. Ар бир адамдын мүнөзүндө оң жана терс сапаттар бар. Ошол сыңары драмадагы Жаныбек хан менен Чарындын кандай жакшы жана жаман сапаттарын байкадыңар?
5. Эки хандын кимиси эли үчүн көбүрөөк кам көрөт?
6. Драмадагы калыс, ак ниет, чынчыл адамдар кимдер?
7. Кайсы образдар элдин өкүлдөрү катары сүрөттөлгөн?

1-топтогу окуучу: Эрке-Айым башында карапайым эле адамдын кызы болчу. Анан Жаныбек ханга келип, байлыкка чиренип, өзүнүн өтө одоно жорук-жосундарын баштайт, өз каалоосун иш жүзүнө ашырат. Жаныбек хан да анын айткандарын айткандай аткарат. Бирок ал сепилден чыкпайт. Үйүндө олтура бергендиктен, бир түрдүү жашоодон тажады. Аны байлык да, жакшы мамиле да бул жерде алып кала албады. Өзү да Жаныбек ханга: "Күн жыттанып, топурак жыттанып келесиң, мен болсо эч нерсе көрбөйм", – дечү. Ошондуктан андан да жакшы мамилени жунгар ханы Чарындан издеди. Тилекке каршы, анын жакшы сөздөрүнө ишенип, алданып калды. Бул жерде мен Чарынды күнөөлөйт элем. Анткени ал Эрке-Айым аркылуу ак боз атка ээ болду. Көптөн күткөн максатына жетти. Ошондуктан башында берген убадаларын аткарып, Эрке-Айымды жакшылап сыйлап алса болот эле.

2-топтогу окуучу: Бизде "аял жакшы – эр жакшы" деген терең мазмундуу макал бар. Ошондуктан элибиз аял затынын акылмандыгына, аруулугуна өтө жогору баа беришкен. "Манас" эпосубузда да Манас баатырдын тартууга алган Акылай, Карабөрк деген аялдары өтө сулуу болгон менен акыл-эси төп келген эмес. Ошол себептүү баатырга ылайыксыз жарлар деп эсептелишкен. Ошол сыяктуу эле бул драмада Эрке-Айым өтө эле ылайыксыз, адамгерчиликсиз, өзүнүн керт башынын кызыкчылыгын жогору койгон, ыймансыз, эсирген аял экендигин билдик. Ошонун кесепетинен Жаныбек хан бүлүндү, азапка батты, эли чабылып-чачылды. Эрке-Айым өтө эле көөп, ашынып кеткен болчу. Жада калса өз атасын да карагысы келбей, таанымаксан эле. Бир уруу эл жаткан бешикти тээп жиберип, кайненеси алтын таяк Зулайканын каргышына калган. Ушундай чыккынчылыгы үчүн Чарын аны туура жазалады. Жаныбек хандын алаканга салып, төбөсүнө көтөрүп жүргөнүн түшүнбөй,

ага кыянатчылык кылды. Мындай эки жүздүү аял Чарынга жакшылык кылмак беле. Аны да бир күнү сызга олтургузуп кетмек. Андыктан эң чоң күнөө Эрке-Айымда болуп атат. Бардык нерсеге сабырдуулук менен караш керек эле. Ошондо гана бүт жакшы нерселерге жетишмек деп ойлойм.

1-топтогу окуучу: Эгерде мен Эрке-Айымдын ордунда болсом, Чарынга болбосо да, башка жакка качмакмын. Себеби Жаныбек өзү ууга чыгып, эл кыдырып келет, ал эми Эрке-Айым болсо, кечке сепилден чыкпай, кыздардын ичинде олтурат. Күндө бир түрдүү жашоо улана берсе, кандай гана адам болбосун тажайт да.

2-топтогу окуучу: Кол алдында бардык нерсе болгондон кийин, айткан сөзү айткандай аткарылгандан кийин, Жаныбек хан үстүнө чаң жугузбай эркелетип олтурса, Эрке-Айымга андан башка эмне керек эле. Ал жеңил ойлуулук кылды. Анын ордуна мен болгондо өмүрлүк жарымды сыйлап, кадырлап, эч качан ага кастык, душмандык кылмак эмесмин. Тескерисинче, анын сырын кошо сактап, эч кимге сыр ачмак эмесмин. Кандай гана иш болбосун терең ойлонуп, жети өлчөп бир кесмекмин. Андай болгон учурда душмандар да басып кире албайт эле да.

1-топтогу окуучу: Ал эми биз драмадагы каармандар эки элдин ханы Жаныбек хан менен Чарындын образын салыштырып карасак, мисалы, Чарындын калыс, ак ниет хан экенин чыгармадан байкадык. Жаныбек ханга душман болуп атса да, ага кыянатчылык, чыккынчылык кылып аткан Эрке-Айымдын чачын кестирип, уй саадырып жазалады. "Өзүнүн койнунда жаткан күйөөсүнө жакшылык кылбаган, мага жакшылык кылат беле", - деп туура жыйынтыкка келген. Ошондой эле жалгыз кызы Лайлумдун ишенимдүү жигити Шамурду өлтүрүп койгондугу үчүн кызы экендигине карабай зынданга салууну буйруйт. Анын баарына бирдей калыс, ак ниет хан экендиги ушул окуялардан даана байкалат. Журт башында туруп, эл башкарган адам болгондон кийин кызы болобу, бир тууганы болобу, же карапайым адам болобу баарына бирдей болуш керек. Ушундай жакшы сапат жунгар ханы Чарында бар деп ойлойм.

Ал эми Жаныбек ханга кайрыла турган болсок, ал элинин камын ойлобогон, өзүнүн жеке кызыкчылыгын ойлогон, эрке аялы жана башка тулпарлардан айырмаланган боз жоргосу менен гана алектенген хан деп эсептейм. Аялы кандай гана шарт койбосун, аны сөзсүз аткарат. Жоо жакадан алып турган кыйын кырдаалда да элин туткундап кеткени менен иши жок, сепилинде жатып алды. Акыл айтып келген элчилердин, а тургай энеси Зулайканын да бир ооз сөзүн укпады. Өзүм билемдиктин натыйжасында бардык нерсесинен кол жууп отуруп калды. Чарындагы адилеттүүлүктү, чынчылдыкты Жаныбек хандын образынан көрүүгө болбойт. Кыскасы Жаныбек хан аңкоо хандардын бири деп айткым келет.

2-топтогу окуучу: Жок, мен силердин оюңарга такыр каршымын. Себеби чыгармадагы эң таш боор, адилетсиз каарман Чарын деп баса белгилегим келет. Ал эч качан айткан сөзүн аткарбай, убадасына

турбады. Митайымдык менен алдыртан Эрке-Айымдын көөнүн бузду. Ал көздөгөн максатына жеткенден кийин айткан сөздөрүн аткаргысы келбеди. Өз кызы Лайлум айткандай, миңдеген күнөөсүз адамдарды өлтүргөн. Шамурдун өлүмү үчүн да "жүз туткундун кулак-мурду шыпырылсын, жүзүнүн көзү чукулсун" дейт. Аялзаты болгон Эрке-Айым сулууну да өтө оор азапка салат, кыйнайт, көрбөгөн күндү көрсөтөт. Акырында анын эки бутун эки азоого байлатып, тарттырып жиберет. Мына ушуга окшогон таш боордук иштерин билип, көрүп туруп, аны кантип калыс, чынчыл, адилет хан деп айта алабыз?

Ал эми Жаныбек хан ага караганда бир топ жакшы сапаттарга эгедер. Мисалы, аялзатын сыйлайт. Ошондуктан эч аял минбеген боз жоргосун Эрке-Айымга мингизип коёт. Аялынын жаман оюн билбей, анын айтуусу менен жалгыз Ирбисти кошуп берет. Чарындын Эрке-Айымга көрсөткөн кордугун көрүп, ага дале болсо боору ооруйт. "Өнөрүңдү катынга көрсөтүпсүң" – дейт. Анда башкаларга тиешелүү болгон куулук, көрө албастык, мерездик, таш боордук сыяктуу терс сапаттар кезикпейт. Анын, тескерисинче, эч кимдин сөзүн укпаган, жоо каптап келсе да, бейкапар жаткан, дүнүйө мүлкүн эч кимге ыраа көрбөгөн бир аз ачкөздүк жайы бар экендиги баамга уруна түшөт.

1-топтогу окуучу: Ал эми драмадагы Зулайканы, Думананы жана Малике-Аярды топтоштуруп мүнөздөйбүз. Булар – элдин өкүлдөрү. Сөздөрүнүн философиялуу тереңдиги, учкулдугу, элестүүлүгү, чынчылдыгы көңүлгө уюп, окуган же уккан адамды ойлонтпой койбойт. Элинин жакшы жашоосу үчүн кам көрүшөт. Баарына калыс, адилеттүү. Элдер да аларга ишенип сыйлашат. Бул каармандардын мүнөздөрүндө терс сапаттар көрүнбөйт. Эл кадырлаган ханга болобу, карапайым элге болобу акыл сөздөрүн айтып, туура жолго чакырышат. Чын сөз үчүн өлүмгө да даяр. Мисалы: Чарын Малике-Аярдан сепилге кирүүнүн жолун сураганда ал сыр ачпайт, "башымды кессең да мейли" дейт.

2-топтогу окуучу: Албетте, алтын таяк Зулайка, Малике-Аяр, Думана – эч кимге жамандыгы жок адамдар. Ал тургай Думана жер кезип, эл кыдырып жүргөнүнө, кызы Эрке-Айым карабаса да анын караанын көргөнүнө каниет кылат. Драманын аягында Думанага Ак боз атын ал деп сунуш кылышса, макул болбойт. "Мен эл кыдырайын, боз жоргону эр минсин",–деп кетет. Ал эми Малике-Аярды Чарын колго түшүрүп: "Жаныбек жоргосун кайсы жерден алган, сарайын кандай уста салган", – деп суракка алганда суроолорун жоопсуз калтырат. Сакалынан кармап, кылычын кезейт. "Өлтүрсөң өзүң өлтүр, сенден өлсөм зор экемин, элимдин арты кор болбойт", – деп душманга сырын ачпайт. Ошондой эле драмада Зулайканын да орду чоң. Ал баласы Жаныбектин кылган иштерине каршы болуп, өзүнүн туура, таамай акылын ортого салат. "Чыканактап тынч алчу, чырм этип уйку алчу күндөр бекен. Калың жоо калкыңды чаап, катын-бала олжого кетти, арачалап кала албадың. Кана тулпар, кана жарак?" – дейт. Анда апасына Жаныбек: "Кийимиң бүтүн, курсагың ток болгон соң, ишиме кийлигишпе," – деп кагып коёт. Ошентсе

да алтын таяк Зулайка баласына наразы болуп, "кичинесинде эле өлтүрүп койбой не болдум" деп капаланганы менен ага өчүгүп, каршылашпайт. Ушундай катаал күн башына түшсө да, ага сабырдуулук менен карайт. Драмадан анын токтоо, ак ниет, адилеттүү, чынчыл аял экендигин көрдүк. Бирок анын тарбиясындагы кемчиликти Жаныбектен улам байкадык.

Жыйынтыктоо: Мына, балдар, силер драмадагы башкы каармандардын образын жакшы түшүнүпсүңөр. Ар кандай чыгармадагы ар бир каармандын жакшы жана жаман сапаттары болот. Аларды эч качан бир жактуу кароого мүмкүн эмес. Жеке адам бардык жагынан келишкен, төп болбойт. Сөзсүз, анда бир кемчилик бар. Бул жагынан, Ш.Садыбакасов образ түзүүдө реалдуулукка жетише алган.

## 5. Драма боюнча корутунду сабак-викторина

Корутунду сабактын максаты өтүлгөндү кайталоо эмес, чыгарманы талкуулоо процессинде алган билимдер аркылуу чыгарма боюнча ой жүгүртүү, белгилүү ой корутундуларга келүү, үйрөнүлгөндөрдөн жыйынтык чыгаруу, ошондой эле алган билимди иш жүзүндө колдоно, пайдалана билүү болуп саналат. Корутунду сабактын милдети – окуучунун чыгармага кайрадан кайрылып, ал жөнүндө ойлонуусуна, белгилүү бир жыйынтыктарга келүүсүнө багыт берүү.

Викторина кандайдыр бир тематиканын айланасындагы суроолорго жооп берүүгө ылайыкташат. Ал суроолордон жана жооптордон турат. Викторина жооп берүүчүлөрдүн билиминин кенендигин, ар тараптуулугун, далилдеринин реалдуулугун талап кылат, ага катышуу менен көп кызыктуу, пайдалуу маалыматтарды билүүгө болот, тапкычтыкты, ой жүгүртүүнү, эске тутууну калыптайт, байланыштуу речти өстүрүүгө көмөктөшөт.

Викторина бир жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгына, же бир конкреттүү чыгармасына, же белгилүү бир мезгилдеги адабий процесске, болбосо бир тематикага арналып түзүлүшү мүмкүн. Аны аткаруунун жолдору да ар кыл: кээде бир окуучу көпчүлүккө суроо берет, же болбосо эки тарапка (командаларга) бөлүнүп, тараптар бири-бирине суроо таштайт; жоопторду оозеки да, жазма түрүндө да алууга болот, ошондой эле айрым учурда викторинанын суроолору алдын ала окуучуларга таратылат же класска, болбосо адабият каанасына, мектеп далисине илинип коюлат. Мында жооптор жазуу түрүндө жыйналат жана калыстар тобу тарабынан текшерилет.

Викторинанын суроолоруна жооп берүүдө конкреттүүлүк, программадан тышкары материалдарды билүү, көркөм фантазия, ойдун тактыгы, мисалдардын ишенимдүүлүгү, речтин түшүнүктүүлүгү үчүн аракеттенүү керек.

Жыйынтыктоочу сабакта поэма менен драманы салыштыруу үчүн викторина-сабак формасын пайдалануу максатка ылайыктуу. Мурунку сабакта үйгө тапшырмага викторинанын суроолору берилип коюлат.

С а б а к т ы н т е м а с ы: "Шырдакбек" поэмасы жана "Ак боз ат" драмасы.

а) Билим берүүчүлүк жагы: Элдик оозеки сюжеттин негизинде жазылган драма менен поэманы салыштырып, окшош жана айырмачылыктарын таптыруу аркылуу драма жанрынын өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрүн окуучуларга жеткирүү.

б) Тарбия берүүчүлүк жагы: Окуучуларды боорукерликке, айкөлдүккө, патриоттуулукка, жети өлчөп, бир кескен терең ойчулдукка жана аруулукка тарбиялоо.

в) Өнүктүрүүчүлүк жагы: Жанрдык өзгөчөлүктөрдү туура ажырата билүүгө үйрөтүү. Так, негиздүү ой корутундуларга келүүгө көмөктөшүү.

С а б а к т ы н ж а б д ы л ы ш ы: Шатман Садыбакасов "Кең дүйнө" (чыгармалар жыйнагы). -Фрунзе. Кыргызстан, 1976.

Элдик поэмалар. -Фрунзе. Кыргызстан, 1973.

С а б а к т ы н м е т о д у: Эвристикалык метод жана изилдөө методу.

С а б а к т ы н ф о р м а с ы: Сабак-викторина.

С а б а к т ы н ж ү р ү ш ү:

Сабак викторинанын суроолору жазылган ватманды доскага илүүдөн башталат.

Викторинанын суроолору:

1. Окшош окуялуу, идеялуу эки чыгарманын аталыштары эмне үчүн эки башка аталат?
2. Поэмада да, драмада да кездешкен окуялар кайсылар?
3. Драмага кошумча киргизилген окуяларды атагыла?
4. Поэмада окуя эмнеден башталат, а драмадачы?
5. Окуянын өсүп жетилген чеги эки чыгармада тең бирдейби?
6. Окуянын аякташында кандай айырмачылыктар бар?
7. Каармандар боюнча кандай айырмачылыктар бар?
8. Идеялык-тематикалык окшоштуктар менен айырмачылыктарды атагыла?
9. Драма менен поэманын жанрдык бөтөнчөлүктөрүндөгү окшоштук-айырмачылыктарды эмнелерден көрүүгө болот?
10. Эки жанрдагы окшош чыгармалардын тилиндеги окшоштуктарды эмнелерден байкоого болот?
11. Ушул эле класста үйрөнүлгөн "Курманбек", "Жаңыл" драмалары менен салыштыргыла.

Окуучулардан алынган жоопторду мугалим тууралап, толуктап отуруп, төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келет:

"Ак боз ат" драмасын окутуп жатып, аны Тоголок Молдонун айтуусундагы "Шырдакбек" аттуу элдик поэма менен салыштыруу – элдик оозеки чыгармалардын сюжеттеринин негизинде жазылган драмаларды үйрөтүүгө коюлган талаптардын негизгилеринин бири. Мындай салыштыруу эң биринчи:

- окуучулардын аналитикалык ой жүгүртүүлөрүн активдештирет;
- изилдөө көндүмдөрүнө көнүктүрөт;
- элдик сюжеттин канчалык деңгээлде драмалык жанрдын талабына ылайык иштелгендигин окуучуларга байкатат;
- элдик мотивдердин негизинде драмалык сюжет, композиция, көркөм мүнөз жана курч конфликт түзүүдөгү драматургдун чеберчилигин ачып берет.

"Ак боз ат" драмасын өтүп жатып бул максаттарды ийгиликтүү ишке ашырууга жетишүүгө мүмкүнчүлүктөр бар. Программада берилген элдик оозеки чыгармалардын сюжеттеринин негизинде жазылган 4 драманын ичинен "Ак боз ат" драмасы эң акыры үйрөнүлөт. Буга чейин мындай драмаларды окуп-талдап үйрөнүү көндүмдөрүнө окуучулар белгилүү өлчөмдө ээ, экинчиден, бирдей сюжеттеги эки тектин чыгармаларындагы (драма менен поэма) окшоштук-үндөштүк жана айырмачылыктар драма менен поэманын сюжетинен да, композициялык тузулушунөн да, тилдик-стилдик өзгөчөлүктөрүнөн да көрүнө тургандыгын окуучулар билишет. Мугалим мында окшоштук-үндөштүктөр "Ак боз ат" драмасы "Шырдакбек" поэмасынын сюжетинин негизинде жазылгандыгынан улам келип чыкса, ал эми айырмачылыктар ар бир жанрдын бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу болорун эстерине салат. Белгилүү окумуштуу-методист, профессор Б. Алымовдун "Жаңыл" драмасын окутууга карата: " ...драматургдар дастан эл оозунда кандай айтылып жүрсө, драманы да дал ошондой жазышкан эмес. Тескерисинче, элдик баянга сын көз караш менен карашып, негиздүүлөрүн, урунттуу окуяларды гана иргеп алышкан" деп айтканы "Ак боз ат" драмасына да тиешелүү. Ошондуктан эң алды поэма менен драманын окуяларын салыштырабыз. Окуучуларга окуя драмада каармандардын речтеринде, кыймыл-аракеттеринде өнүгөрүн эскертип коюу керек.

**Сюжеттик-композициялык түзүлүштөрү боюнча** салыштырганда негизги айырмачылык жанрлардын бөтөнчөлүктөрүнө түздөн-түз байланышаары өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

1. Поэмада окуя Шырдакбектин кантип төрөлүшүнөн башталса, драмада Жаныбектин (Шырдакбек) жерин басып, элин туткундап, сепилге келип, кире албай калган Чарындын Мансур менен Шамурга берген буйругунан башталат.
2. Малике-Аяр менен жигитти суракка алуу, Чарындын жарлыгы, Жаныбектин ордосундагы оосар турмуш, Эрке-Айымдын эркелигин чагылдырган эпизоддор, эл менен хандын ортосундагы конфликт, Лайлумга байланышкан сценалар драмада окуянын өнүгүп-өөрчүшүн камсыздап турат, ал эми бул окуялар поэманын сюжетинде жок.

3. Поэма менен драмада Эрке-Айымдын Чарын тарабынан аёосуз жазаланышы окуянын кульминациялык чектерин белгилейт. Бирок драманын табиятына ылайык бул окуя Ирбис менен Шамурдун өлүмдөрү, Жаныбектин кулагынын кесилиши менен коштолот, демек, тереңдетилип, курчутулуп берилген.
4. Поэмада окуя Шырдакбектин (Жаныбектин) Чагай менен достошуп, Боз жоргосуна ээ болуп, үйлөнүүсү менен аяктаса, драмада Чарындын кызы Лайлумдун ак желегин көтөрүп, буруттардын (кыргыздардын) колуна келип элдешүүсү, Ак боз аттын элдин колуна өтүшү менен окуя аяктайт.

Демек, сюжеттик-композициялык линияда драматург тарабынан кошулган, ойдон чыгарылган деталдарга төмөндөгүлөр кирет:

а) Чарындын Малике-Аяр менен жигитти суракка алганы.

б) Малике-Аяр баштаган Кулан, Сулаймандардын Жаныбекке элчиликке келиши.

в) Элдин жортуулга камданышы, Лайлумдун бошотулушу.

г) Жаныбек хандын туткунга түшүп, кулагы кесилиши.

д) Чарындын өз жигитинин колунан мерт болушу.

е) Лайлумдун Малике-Аярлар менен элдешүүсү.

ж) Ак боз аттын элдин колуна тийиши, элдин жеңиши.

Поэма менен драманы салыштырууда **образдар системасындагы** өзгөрүүлөргө, алымча- кошумчаларга да токтолуу зарыл.

1. Поэмадагы негизги каармандардын аттары өзгөртүлгөн. Мисалы, Чагай драмада Чарын, ал эми Шырдакбек Жаныбек деп аталат.

2. Поэмада Шырдакбектин айымынын конкреттүү аты айтылбайт, а драмада Эрке-Айым деген символикалык ысымга ээ.

3. Поэмада элдик баатырдын образын толуктап турган эки персонаж бар. Аралбай жана Төлөн. А драмада Жанкозу, Ирбис буларды элестетет.

4. Драматург тарабынан киргизилген каармандар төмөндөгүлөр: Малике-Аяр, Думана, Зулайка, Кулан, Сулайман, Лайлум, Мансур, Шамур, Дилде-Айым, Айша-Айымдар.

Эки чыгармада тең көңүл бура турган персонаж – кыргыз баатырынын Боз жоргосу. Поэмада да, драмада да анын өтө күлүктүгүнө басым жасалат. Поэмада:

Кулагы типтик куйгандай,
Куюндан бүтүп туулгандай.
Жебелек кетсе жел жетпейт,
Жебен ашкан ок жетпейт – делсе, драмада:

Чарын... Ак боз ат...
Жебенин огу жетпеген,
Жез тумшук болсо тепсеген...

Желесин сууруп чыккан кайран күлүк, – деп сүрөттөлөт. Аттын образы аркылуу элдик "ат – адамдын канаты", "күлүк ат – элдин мүлкү" деген сөздөр дагы бир жолу тастыкталып, эр адамдын, элдин

турмушундагы кулук аттын маани-маңызы тереңдетилет. Бирок жорго поэмада Шырдакбекке арналып кайыптан жаралып, ал жөнүндө Шырдакбектин түшүнө аян берилсе, драмада Боз жорго Думанага таандык болуп, андан Жаныбекке, Жаныбектен Чарынга, Чарындан кайра Думанага өтөт. Акырында Думана “эр азамат минсин” деп элге ыйгарат.

**Идеялык-тематикалык мазмундары боюнча** салыштыруу.

Поэманын да, драманын да негизги идеясы – өз элин, жерин душмандан коргоо. Негизги идеянын ишке ашышында айырмачылыктар бар. Маселен, поэмада салтка ылайык Шырдакбек эл баскынчылар тарабынан кыйналып-кысталып турганда төрөлүп, табышмактуу Боз жоргого ээ болуп, кыргыздардын түштүк аймагын жунгарлардан бошотуп, эрдик көрсөтөт. Бирок бул идея толугу менен ишке ашпай, Шырдакбек жунгар ханы Чагай менен достошуп кетет. Ал эми драмада бул идея аягына жеткирилген. Атынан ажыраган Жаныбек Чарынга каршы жалгыз жөнөп, бир өзү далай нойондорду жок кылат. Чарынга каршы тике сөз айтат. Экинчиден, Малике-Аяр баш болгон эл баш кошуп, курал- жарак жасап, душманга каршы жортуулга чыгып, жеңишке ээ болушу менен Мекен темасы аягына чейин иштелген. Жанрдык жактан салыштырганда, поэманын башынан аягына чейин бир беткейлүүлүк сакталбагандыгы (башында эпостук чыгармага мүнөздүү баатырдык-фольклордук белгилер орун алып, аягына чыкпай поэмалык деңгээлде калышы) анын жанрын аныктоодо кыйынчылыкты туудурат. Анда уламыштын да, тарыхый поэманын да, эпостун да жанрдык белгилери бар. Бирок, жалпысынан, “Шырдакбек” поэмасынын мазмуну, образдык системасы, композициялык курулушу, көркөм ыкма, каражаттары эпикалык чыгарманын жүгүн аркалап турат.Ал эми драмада башкы каармандарга мүнөздүү баатырдык мотивдер аягына жете иштелген. Бирок эпоско тиешелүү укмуштуу-кереметтүү мотивдер жокко эсе. Жоргонун, Жаныбектин образдары реалдуулуктун чегинде жаралган. Ошондой эле “Шырдакбек” поэмасындагы окуялар 17-кылымдагы кыргыз-жунгар кагылышууларын, ошондогу элдин жашоо-турмушун чагылдырып, анда тарыхый инсандардын ысымдары кездешет. Алсак, Шырдакбектин гениалогиясы такталган, тарыхта аты калган үзөңгүлөш замандаштары (Үчүкө, Түлкү, Жаңыл Мырза) бар, 17-кылымда жашаган реалдуу тарыхый инсан экендиги аныкталган. Албетте, бул аныктама “Ак боз ат” драмасынын башкы каарманы Жаныбекке да тиешелүү. Демек, драманын жанры – профессор Б.Алымов белгилегендей, тарыхый драма.

Эң акырында **тилдин стилдик көркөмдүгү жагынан** салыштырууга болот. Мында мугалим драманын тилинин ыр, жорго сөз түрүндө болушу элдик поэманын сюжетинин негизинде жазылгандыгына байланыштуу экендигин, поэма менен драма лексикалык катмары, көркөм сөз каражаты, стилистикасы боюнча үндөшүп тургандыгын текстке таянуу менен түшүндүрүп берүүсү керек. Мектеп практикасында көркөм

чыгарманын тилине талдоо иши аксап келаткандыгын эске алсак, мугалимге көп милдеттер жүктөлөрү бышык.

Драмалык чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө ылайык жогорудагы сабак формаларын сунуштадык. Албетте, сөзсүз ушундай болуш керек деген бүтүмдөн алыспыз. Анткени ар бир адабият мугалими өзүнүн изденүүсүнө, дараметине жараша ар кандай сабак формаларын чыгармачылык менен пайдалана алат.

## Адабияттар:


1. Абдыразаков А. Азыркы кыргыз драматургиясы.- Бишкек: КМУУнун басмасы, 1994.-Б.10.
2. Абрамович Г.Л. Введение в литературоведение. –М., Просвещение 1970. –Б.270.
3. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. Түзгөндөр Ж. Шериев, А. Муратов. -Ф., Мектеп. 1987. –Б.115.
4. Алымов Б. Кыргыз адабияты. 9-класс үчүн окуу китеби.- Бишкек, 1999. – Б.383-417.
5. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын 8-класста окутуу. - Бишкек, 1991. -Б. 386.
6. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы 1-китеп. -Ф., Мектеп. 1981. – Б.217.
7. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы 2-китеп. -Ф., Мектеп. 1984. --Б. 290-291.
8. Алымов Б., Момуналиев С. Лирикалык чыгармаларды окутуу. - Ош. 1998. –Б. 116.
9. Бартольд В.В. Очерк истории Семиречья. – Фрунзе, 1943.- Б.88.
10. Батаканова С.Т. 10 – класста Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасын проблемалуу окутуунун методикасы. -Ф., 1986. 39 б.
11. Борбугулов М. Адабият теориясы. Окуу китеби.-Бишкек, 1996. – Б.461.
12. Волькенштейн В. Драматургия. – Москва, 1960. –Б. 67.
13. Горький М. О литературе. –М. Издательство Художественная литература. 1955, с.672.
14. Жээналы Шери уулу. Адабият таанымкыч.- Ош, 1993. –Б. 57.
15. Иванов П.П. Очерки по истории Средней Азии.- М., 1958.-Б.96.
16. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. –Ф: Мектеп. 1976. –Б. 167.
17. Иманалиев К. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери. –Фрунзе: Мектеп, 1973. – Б.13.
18. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы. - Б., Кыргызстан, 1996. 386 б.
19. Калчаева А. Эпостук мотивдердин кыргыз драмасында идеялык көркөм иштелиш маселелери. Б., Кыргызстан, 1993. 21 б.
20. Кудряшев Н.И. Изучение драматических произведений. – Литература в школе, 1954. 63 б.
21. Кыргыз адабиятынын программасы (Жалпы билим берүүчү мектептердин V-XI класстар үчүн). - Бишкек, Педагогика. 2000. 78 б.
22. Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Кенже эпостор жана поэмалар. Фольклористика.- III том. Бишкек, 2002. –Б. 361.
23. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Б., 2002. 7-том. –Б. 304-313.

24. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. Ф.: Илим, 1976. –Б. 686.
25. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Ф.: Мектеп, 1969. 775 б.
26. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү.– Ф.: «Илим» басмасы, 1980. 323 б.
27. Кыргызча-орусча сөздүк. Түзгөн К.К. Юдахин. Москва, Сов. энциклопедия, 1965. –Б. 230-563.
28. Методика преподавания литературы. Проф.З.Я. Рездин ред.аст. Толукталып, 2-басылышы. –М.: Просвещение, 1985. –Б. 195.
29. Методика развития речи на уроках русского языка. Книга для учителя. Под редакцией Т. А. Ладыженской. – Москва. – Просвещение, 1991. –Б. 189.
30. Орусча-кыргызча сөздүк. К.К. Юдахиндин ред.аст., - Москва, Госиздательство иностранных и национальных словарей, 1957. – Б. 735.
31. Пазылов А. Садыбакасовдун "Ак боз ат". // Кыргызстан маданияты, 1989, 15.06. №2.
32. Садыбакасов Ш. "Кең дүйнө". Чыгармалар жыйнагы. -Ф. Кыргызстан,1976. –Б. 417.
33. Садыбакасов Ш. «Ак боз ат» (драмалар, интермедиялар). -Ф., 1989. 312 б.
34. Словарь русского языка. т. 3. П-Р. – Москва: Государственное издательство иностранных и национальных словарей, 1959. –Б. 308.
35. Сорокин В.И. Теория литературы. – М.,Учпедгиз.1960. –Б. 214.
36. Станиславский К.С. Чыгармаларынын 8 томдугу. Т. 6.- М., Искусство, 1959. –Б. 232.
37. Тимофеев Л.И. Основы теории литературы. - М., Просвещение, 1966. –Б. 164.
38. Тойбаев М. Күнү күлүп турган калемгер. // Кыргызстан маданияты. 1982, 27-май. №22.
39. Уразова Ж. «Манастын уулу Семетей» драмасын окутуу. Методикалык колдонмо. - Ош, 1999. 97 б.
40. Усубалиев Б. Мени адамдыгымдан ажыратпагыла. – Азыркы кыргыз адабиятындагы оң каарман маселеси. Эрке-Айым ("Ак боз ат" Ш. Садыбакасов). – Кыргызстан маданияты, 1982, 29-декабрь. №52.
41. Элдик поэмалар. -Фрунзе: Кыргызстан, 1973. –Б. 30-61.

## Мазмуну

**I БӨЛҮМ**

Драмалык чыгармаларды талдоонун жолдору жана принциптери 3

**II БӨЛҮМ**

«Ак боз ат» драмасынын тилинин үстүндө иштөөнүн жолдору жана ыктары

I. Автордун жана каармандын тили. 29

1.Автордук баяндоо жана сүрөттөө 31

2. Каармандардын образын ачууга багытталган ремаркалар 32

3. Тике айтылган сөздүн кимге багытталганын көрсөткөн ремаркалар 33

4. Каармандардын эмоционалдык абалдарын көрсөткөн ремаркалар 33

II. Көркөм сөз каражаттары 37

**III БӨЛҮМ**

Драманы окутуу аркылуу окуучулардын оозеки жана жазма кебин өстүрүү

I. «Ак боз ат» драмасын окутуу аркылуу окуучулардын оозеки кебин өстүрүү 42

1. Драманын мазмунун толук, текстке жакындаштырып айттыруу 43

2. Чыгарманын мазмунун оозеки кыскартып айтып берүү 44

3. Драманын мазмунун оозеки тандап айтып берүү 47

4. Элестетүү аркылуу оозеки мизансценаларды түзүү 49

II. Драманы окутуу аркылуу окуучулардын жазма кебин өстүрүүчү жумуштар 51

1. Сөздүн үстүндө иштөө 51

2. Драманын текстинин үстүндө иштөөгө байланышкан жазма жумуштар 59

а. Текстке план түзүү 59

б. Конспект жазуу 62

в. Окулган чыгармага пикир жазуу 62

г. Драмалык чыгармалардын сценаларын эпикалык формада жазуу 64

**IV БӨЛҮМ**

"Ак боз ат" драмасын окутуудагы сабак формалары

1. Сынчыл ойлоону өстүрүү үчүн окуу жана жазуу технологиясынын ББКБ стратегиясын пайдалануу 66

2. Ролдор боюнча үн кубултуп көрктүү окуу сабагы 74

3. "Ак боз ат" драмасы боюнча сахна-сабак 79

4. Образдарды талдоого арналган диспут-сабак 86

5. Драма боюнча корутунду сабак-викторина 90

Адабияттар 96

930675